КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ жана ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда
УДК 494.3-3:413.1

СЕМИЗ КЕНАН

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛИНДЕГИ ДЫЙКАНЧЫЛЫК ЛЕКСИКАСЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

10.02.06 – түрк тилдери

Филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
ДИССЕРТАЦИЯ

Илимий жетекчиси:
филология илимдеринин кандидаты, доцент А.Карымшакова

Бишкек – 2019

МАЗМУНУ

Киришүү 4

I БАП. **Кесиптик лексикасынын изилдениш тарыхына сереп**

1.1. Кесиптик лексикасынын жалпы тил илиминде жана түркологияда изилдениши.....9

1.2. Кесиптик лексиканын тармагы болгон дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн кыргыз жана түрк тилинде изилдениши.....18

I бап боюнча жыйынтык.....27

II БАП. Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү

2.1. Изилдөөнүн материалдары жана методдору 27

2.2. Маселенин коюлушу.....28

2.3. Дыйканчылыкка байланыштуу өсүмдүктөрүнүн аталыштары.....30

2.4. Дыйканчылыкка байланыштуу өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүнүн аталыштары.....51

2.5.Дыйканчылыкта өсүмдүктөрдү өстүрүү процессинин аталыштары.....59

2.6. Дыйканчылыкта эмгек процесстеринин аталыштары.....62

2.7. Дыйканчылыкта эмгек куралдарынын аталыштары.....80

2.8. Дыйканчылыктагыкесип ээлерининаталыштары.....100

2.9. Дыйканчылыкка байланыштуу жалпы аталыштар.....107

II бап боюнча жыйынтык.....113

III БАП. Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуу жолдору жана булактары.....…114

3.1. Жалпы маалымат.....116

3.2. Дыйканчылык лексикасынын жасалуу жолдору.....118

3.3. Дыйканчылык лексикасынын

морфологиялык жол менен жасалышы.....125
3.3.1. Өнүмдүү курандылар менен жасалган сөздөр.....126
3.4. Дыйканчылык лексикасынын синтаксистик жол менен жасалышы....132
3.4.1. Бириккен сөз тибиндеги дыйканчылык лексикасы.....133
3.4.2. Кош сөз тибиндеги дыйканчылык лексикасы.....136
3.4.3. Кошмок сөз тибиндеги дыйканчылык лексикасы.....138
3.5. Дыйканчылык лексикасынын тышкы булактардын
негизинде калыптанышы.....145
3.5.1. Жалпы маалымат.....145
3.5.2. Тектеш жана тектеш эмес тилден өздөштүрүлгөн
сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү.....149
III бап боюнча жыйынтык.....157

Корутунду 158
Колдонулган адабияттар.....162
Тиркеме 174

КИРИШҮҮ

Дыйканчылык - бул адамзат ишмердүүлүгүнүн эң байыркы жана эң маанилүү бөлүгү экендиги белгилүү. Дыйканчылык маданиятынын өнүгүшү материалдык жана эс-тутумдук элементтер менен тыгыз байланышып, элдин үрп-адатына, бай фольклоруна, диний ишенимдерине багытталган. Дыйканчылык лексикасы дыйканчылыктын өсүп-өнүгүшүн, калыптанышын таанытуу менен тилдин тарыхын билүүгө, маданий-тарыхый маселелерди чечүүдө маанилүү орунду ээлейт.

Адам баласынын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири - жашоосун улантуу, башкача айтканда, өмүр сүрүү болуп эсептелет. Жашоону улантуу-азык-түлүктү табуу, аны өндүрүү, иштетүү, өндүрүлгөн продукцияны башка продукция менен алмаштыруу сыяктуу иш-аракеттер тыгыз байланышкан. Айрыкча, күнүмдүк керектелүүчү тамак-ашты камсыз кылуу орчундуу маселелерденболгон.Убакыттын өтүшү менен азык-түлүктү пропорцияналдуукамсыз кылуу табигый көрүнүш катары келечектеги татаал экономикалык жашоого жол ачкан.

Ушул күнгө чейин кыргыз жана түрк тилиндериндеги тарыхый өнүгүүнүн маанилүү катмары катары дыйканчылык лексикасынын атайын изилдөөгө алынбагандыгын, алардын аталыштарын топтоо, тактоо, классификациялоо, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо багытында изилдөө жүргүзүлбөгөндүгүн көрсөтүүгө болот. Дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдү системалык түрдө изилдөө тарыхый-лексикалык, тектештирме багытта жүргүзүлсө, ошондой эле тарыхый-маданий өнүгүүнүн белгиси катары аныкталса, тилдердин өз ара байланышына сөзсүз таасирин тийгизет. Анткениэки тектеш тилди салыштырып изилдөөдө окшоштуктар жана айырмачылыктар кездешкенин байкайбыз. Түркия Кыргызстанга салыштырмалуу территориялык жактан Европага чектеш болуп субтропикалык алкакта жайгашкандыктан, тропиктик өсүмдүктөр, мөмө-жемиштери, маданий өсүмдүктөрү менен айырмаланат.

Кесипчиликтин бир тармагы болгон дыйканчылыкка байланыштуу лексика лингвистикалык өңүттөн кыргыз жана түрк тилилиминде ушул мезгилге чейин изилдөөнүн объектисине айланбагандыгы жана тектештирме, салыштырма-тарыхый планда иликтенбегендиги, ушул кесиптин чөйрөсүндө гана жашап, адабий тилибизде белгисиз болуп келген дыйканчылыккатиешелүүатоолордун семантикасын ачып берүү илимий иштин **актуалдуулугу** болуп эсептелет.

Диссертациянын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасында изденүүчүнүн жеке демилгеси менен тандалып аткарылды.

Изилдөөнүн объектиси - кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексика.

Изилдөөнүн предмети - кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Диссертациялык иликтөөнүн негизги максаты кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканын салыштырма-тарыхый өңүттөн бири-бирине болгон окшоштук, өзгөчөлүк маселесин лингвистикалык өңүттөн ачып берүү. Ушул максатты чечүүдө төмөнкүдөй милдеттерди коёбуз:

1) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдү жыйноо жана иретке келтирүү;

2) Иликтөөгө алынып жаткан сөздөрдү лексика-семантикалык топторго жана топчолорго бөлүштүрүү;

3) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн атоолорунун лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

4) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу айрым сөздөрдүн чыгыш тегин факты-материалдардын жардамы аркылуу аныктоо;

5) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуу, жасалуу жолдоруна анализ жасоо;

6) Иликтөөгө алынып жаткан эки тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн бири-бирине окшоштук, өзгөчөлүк маселесин ачып берүү.

Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси. Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын толук курамы илимий айлампага киргизилди. Бул кыргыз жана түрк тилинде тармактык терминсистемасын так аныктоого, ушул кесип боюнча котормо жана түшүндүрмө сөздүктөрдү түзүүдө чоң көмөк көрсөтөт. Ал эми изилдөөнүн илимий натыйжаларын тарыхый лексикология, салыштырма-тарыхый лексикология, диалектология боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө,филологиялык билим берүү багытындагы жогорку окуу жайларында лексикология, салыштырма-тарыхый грамматика жана тандоо курстарын окутууда колдонсо болот ж.б. Ошондой эле ар түрдүү долбоорлорду ишке ашырууда, иш кагаздары, келишимдер жана тажрыйба алмашуу үчүн маанилүү болуп саналат.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. Кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасы аталган тилдердин тарыхый өнүгүүсү менен канаатташ жана номинативдик тутумдун негизин түзгөн подсистема;

2. Кыргыз жана түрк тилдеринин сөздүк курамында дыйканчылык аталыштары когнитивдик концепция болуу менен аталган тилдердин агромаданий лексикалык корун жаратуучу грамматикалык система;

3. Агроменталдуулуктун жана номинативдик лингвистиканын кыргыз жана түрк элдеринин этникалык калыптануусундагы ордун чагылдыруу менен биргеликте дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр түрк тилдериндеги альтернативдүү сөз жасоо тармагы болуп саналат;

4. Дыйканчылык лексикасындагы агглютинация жана сөз курамынын дифференция-интегралдык функциясы семантикалык мыйзам-ченемдин чегинде ишке ашырылат;

5. Түркия мамлекети географиялык жактан субтропиктик алкакта жайгашкандыктан, түрк дыйканчылык лексикасында субтропикалык

өсүмдүктөрдүн жана аларды өндүрүүгө байланыштуу лексиканын типологиялык эволюциясын аныктоого болот;

6. Агглютинациялык универсалиялардын пайда болуусу географиялык ареал менен тыгыз байланышта жана аталган тилдердин геомейкиндиктеги таралуусу полисемиянын уникалдуу өнүгүүсүн шарттаган.

Изилдөөчүнүн жеке салымы:

1. Кыргыз, түрк тилинин дыйканчылык кесибине байланыштуу сөздөрдү тарыхый жана тектештирме планда изилдөөдө бардык лингвистикалык ресурстар пайдаланылды.

2. Ар бир сөздүн мааниси, маңызы бир нече сөздүктөр аркылуу такталып, мисалдары түрдүү эмгектерден, сөздүктөрдөн, газета-журналдардан, көркөм чыгармалардан жана оозекикептик сурамжылоолордон алынды.

3. Сөздөрдүн маанилерин тактоодо жеке эле кыргыз жана түрк тилинин илимий булактары эмес, байыркы түрк жазма эстеликтеринин материалдары, тектеш, тектеш эмес тилдердеги фундаменталдуу эмгектер пайдаланылды.

Илимий изилдөөнүн жаңылыгы катарында кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр биринчи жолу эки тилде тең атайын тематикалык изилдөөгө алынгандыгын көрсөтүүгө болот. Ошондой эле семантикалык топторго бөлүнүп, маанисине карата майда топчолорго алынып, андагы алынган сөздөр эки тилдеги окшоштук, өзгөчөлүк процесстери фоно-морфологиялык, лексика-семантикалык анализдер аркылуу ишке ашырылышында. Муну менен бирге айрым сөздөрдүн чыгыш тегинин иликтелиши менен эки тилдин тектештик маселесинин чечилишине дагы бир өбөлгөсү катары аныкталгандыгы илимий иштин жаңылыгы болуп эсептелет.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана жарыяланышы. Изилдөөнүн натыйжасында диссертацияда айтылган ойлор боюнчаРеспубликалык, эларалык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды. Ошондой эле изилдөөнүн мазмунун чагылдырган 6 илимий макала жарыяланып, анын ичинен чет элдик индекстелген (РИНЦ) илимий басылмаларда 2 макала жарык көрдү.

Иштин түзүлүшү. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

1-бапта дыйканчылык лексикасынын изилдениш тарыхына сереп жасалат.

2-бапта кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасынын лексика-семантикалык палитрасы жана мезгил мерчеминдеги өнүгүүсү каралат.

3-бапта кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасынын жасалуу жолдору лингвистикалык өңүттө аныкталат.

Корутундуда изилдөөнүн жыйынтыгы берилет.

Тиркемеде болсо кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр тиркеме катарында берилет.

КЕСИПТИК ЛЕКСИКАНЫН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫНА СЕРЕП

1.1. Кесиптик лексиканын жалпы тил илиминде жана түркологияда изилдениши

Сөздүк курамдын байлыгы тигил же бул элдин дүйнөлүк маданиятка, маданий аралык байланышка кошкон салымын чагылдырган баа жеткис нарк-дөөлөтү жана маалыматтар базасы экендиги белгилүү. Мындай нарк-дөөлөттөр эмгектин ар түрдүү формалары, анын коомдогу бөлүнүшү, өндүрүштүк мамилелердин калыптанышы, кесиптин түрлөрү, илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү аркылуу майданга келип, тилдин лексикалык базасынан орун табары бышык. Демек, бул жагынан алганда кесиптик лексиканы изилдөө түрк тил таанымындагы өзөктүү маселе экендиги талашсыз. Чынында, кесиптик лексиканы изилдөө теориялык жактан да, практикалык жактан да олуттуу маниге ээ, анткени мындай изилдөөлөр аркылуу кесиптик терминдердин курамы аныкталып, алардын келип чыгышы, калыптанышы жана сөз жасоо моделдери такталып, жоголууга кириптер болгон улуттук өзгөчөлүктөрү калыбына келтирилип, түрк элдеринин башка тайпалар менен болгон тилдик байланыштарын чагылдырган төл жана кабыл алынган сөздөрдүн тарыхый катмарлары аныкталат.

Адамзат кылым карыткан тарыхында жашоо ыңгайына ылайык ар кыл кесипчиликте эмгектенип келгени маалым. Буга байланыштуу кыргыз тили элдик нукура сөздөргө да бай.

Ошол элдин турмуш-тиричилигинин бөтөнчөлүгүн ачып берүү, тарыхын аныктоо, бул аркылуу жалпы эле тилдин өнүгүү мыйзам ченемин аныктоо өңдүү орчундуу маселелерди терең жана ар тараптуу чечүү азыркы мезгилдин талабы.

Кесиптик лексиканы жыйнап иликтөө жана изилдөө иштери Россияда XVIII кылымда башталган. Маселен, В.Бурнашевдин эки томдук

терминологиялык сөздүгү, В.И.Далдын төрт томдук түшүндүрмө сөздүктөрү басылып чыккан.

Ал эми топтолгон материалдарга лингвистикалык жактан иликтөө жүргүзүү өткөн кылымдын элүүнчү жана алтымышынчы жылдарына таандык (Толыкина, 1954; Литвинов, 1955; Косолский, 1951). Андагы козголгон маселелер келечекте жалпы тил илиминин теориялык жана практикалык жактан өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген.

Түрк тилдеринде кесиптик лексика биринчилерден болуп өзбек тилчиси С.Ибрагимовдун илимий эмгектеринде изилденген (Ибрагимов, 1949; 1950; 1959;1961;). Анын соңунан айрым түрк тилдериндеги кесиптик лексикага байланыштуу бир нече илимий эмгектер жарык көрдү (Маматов, 1955; Дадаханова, 1963; Баратов, 1971; Оторов, 1974; Рахимова, 1983; Дүйшөналиев, 1969; Назаралиев, 1971; Биялиев, 1972; Юсупова, 1975; Абдувалиев, 1982, Усмамбетов, 2000). Булэмгектердеги жыйналган факты-материалдар жана лингвистикалык иликтөөлөр кыргыз тил илиминин теориялык жана практикалык жактан өнүгүшүнө чоң өбөлгө түздү. Буга карабастан, кеп болуп жаткан маселе боюнча тереңдетип иликтөөнү, тактоону талап кылган проблемалар да жок эмес.

Кесиптик лексиканын өзүнө гана таандык бөтөнчөлүгү бар, тактап айтканда, ал “тилдин жалпы сөздүк корундагы ар кандай кесипчиликке байланыштуу жана күнүмдүк турмушта анча кеңири колдонулбай турган сөздөр” (Сороколетов, 1957, 122).

Тил илиминде лексиканын колдонулуш чөйрөсүнө карай эки топко бөлүп карашат: 1) элге кеңири түшүнүктүү эмес, бирок кесиби боюнча байланышкан адамдардын кебинде гана кеңири колдонулган жана ошол кесипте иштеген адамдар үчүн гана түшүнүктүү болгон сөздөр; 2) колдонулуш чөйрөсү кеңейип, белгилүү кесиптеги тар чөйрөдө гана эмес, кеңири колдонулуп, жалпы элдик лексикагаайланып кеткен сөздөр. Бирок биринчи топко кирген сөздөрдүн бардыгы эле жалпы элдик лексикага мүнөздүү эмес деп айтууга болбойт. Тигил же бул өндүрүш тармагы боюнча заттардын аттары, көрүнүштөр, процесстер

чагылдырылган кесиптик сөздөр башка адамдар үчүн жалпы жонунан түшүнүктүү болгону менен ошол кесиптеги адамдарга гана таандык. Башка кесиптеги адамдар ал сөздөрдүн көбүн түшүнүшөт жана өздөрүнүн кебинде өтө сейрек колдонушат.

Кесиптик лексиканын көпчүлүгү адабий тилде аз колдонулуп, айрым диалектиде (говордо) гана орун алгандыгы, жалпы эле кесипчиликтин өнүгүшүндө бардык эле аймактарда бир кылка эместиги жана аларды белгилөөчү сөздөр боюнча да айырмачылыктардын болушу изилдөөнүн кыйла терең жүргүзүлүшүнө өбөлгө түзөт. Маселен, тигил же бул диалектиде кездешкен нерсени туюндуруучу сөздөр экинчи бир диалектиде кездешпейт, же болбосо, тескерисинче, мындай аталыштар белгилүү бир тармакка таандык кесиптик лексиканын байышына шарт түзөт. Мындайсөздөрдүн кайсынысы келечекте адабий тилдин нормасы катары кабыл алынышы белгисиз болгондуктан, аларга чек коюуга мүмкүн эмес. Ошондой эле кесиптик кээ бир атоолор өзүнүн чөйрөсүндө активдүү колдонулушу менен жалпы элдик сөзгө айланып, адабий тилдин лексикасына синонимдик катышты түзүүгө да жөндөмдүү болушу ыктымал.

Кесиптик сөздөрдүн диалектилик (говордук) сөздөр сыяктуу колдонулуш чөйрөсү чектелүү. Бирок кесиптик сөздөр диалект сөздөрдөн олуттуу түрдө айырмаланат: 1) кесиптик лексиканынколдонуш чөйрөсү ареалдык жактан эмес, социалдык жактан чектелиши менен айырмаланат, 2) диалектилик сөздөргө караганда кесиптик лексиканын адабий тилдин нормасына өтүү мүмкүнчүлүгү алда канча кеңири.

Жалпы элдик сөздөр менен кесиптик чөйрөдө колдонулган сөздөрдүн курамында өзгөрүүлөр болуп турат. Диалектилик, кесиптик жагында арго (чектелүү чөйрөдөгү) сөздөр болгон сөз бирдиктери азыркы жалпы элдик сөзгө да кирет. Кээ бир жалпы элдик сөздөр жаңы маанини алып, тар чөйрөдө колдонулган сөзгө да айланып кетет (Рахимова, 1983, 9).

Кесиптик лексика белгилүү бир өндүрүш тармагына мүнөздүүлүгү боюнча илимий терминдерге жакын. Бирок алардын ортосунда да айрым

өзгөчөлүктөр жок эмес: кесиптик сөздөр терминдерге коюлуучу кээ бир (бир маанилүүлүк, системалуулук, стилдик жактан нейтралдуулук) талаптарга жооп бербейт. Алардын терминдик касиетке ээ болуусу үчүн адабий тилде алган ордун, же болбосо, ошол кесиптин чөйрөсүндө активдүү колдонулушуна карай шартталышы керек. Кесиптик лексиканын терминология жаатында да өз орду бар. Ушул өңүттө карап көрөлү. Жалпы терминология маселеси өзүнүн ичине элдик жана илимий терминдерди камтыйт. Элдик терминдерге кесипчилик чөйрөсүндө, оозеки сүйлөө кебинде нерселердин атын атоо, белгилүү түшүнүктү туюнтуу үчүн кызмат кылган терминдер кирет. Илимий терминге теориялык ой жүгүртүүнүн зарылчылыгынан пайда болгон, адистер тарабынан жасалма жол менен түзүлгөн терминдерди кошууга болот. Белгилей кетчү нерсе, тилибизде колдонулган сөзбү, же терминби экөө тең эле жаратылыштагы кубулуштардын, предметтердин адамдын аң-сезиминде чагылдырылып, аны белгилүү тыбыштык түзүлүш менен атайт да, пикир алышуунун каражаттарына айланат. Бир нерсени атоо, туюнтуу функциясы сөзгө да, түшүнүктү атаган терминге да тиешелүү болуп, термин менен сөздүн аты (аталышы) акырындык менен ишке ашып, ал аркылуу ага туура келген түшүнүктү пайда кылуу үчүн негиз түзүлөт. Мындайча айтканда, жалпы элге түшүнүктүү лексиканы пайда кылып, илимий терминдердин базасынын кеңейишине өбөлгө түзөт (Вольгина, 1961, 27; Галкин-Федорук, 1962; Шерба, 1945, 182).

Кесиптик лексиканы изилдөө иштерин тиешелүү лексика-семантикалык жана тематикалык топтор боюнча жүргүзүү салты дээрлик калыптанган жана дыйканчылык, мал чарбачылык, курулуш, үй эмеректери, буюм-тайым, элдик медицина өңдүү тармактардын аталыштары боюнча теориялык пландагы атайын изилдөөлөр аткарылганы маалым [Аванесов, Орлова, 1959, 5]. Мындай изилдөөлөр өткөн кылымдын экинчи жарымынан тектеш түрк тилдеринин фактысында да колго алына баштайт. Мунун натыйжасында түрк тилдеринин терминологиясын өнүктүрүү жана нормалаштыруу үчүн илимий-практикалык маниге ээ болгон пахтачылык, дыйканчылык, багбанчылык, мал чарбачылык, ботаника, зоология сыяктуу тармактар боюнча түшүндүрмө жана кош тилдүү

сөздүктөр түзүлөт. Айрым сөздүктөр атайын илимий изилдөөлөрдүн объектисине айланып, алардын негизинде айыл чарба тармактарынын терминологиясы боюнча эмгектер жаралып, диссертациялык изилдөөлөр аткарылат (Н.Маматов, А.Курбанов, Х.Джамалханов, А.Тачмурадов, Ш.Каримходжаев, А.Жаппуев, А.Шамшатова, Т.Нутманов, Ш.Баратов, А.Айгабылов). Аларда:

1) терминологиялык, энциклопедиялык, түшүндүрмө, котормо сөздүктөр сыяктуу практикалык колдонмолорду түзүү, материал чогултуу жана системалаштыруу өңдүү лексикографиялык маселелер;

2) эмгек процессинин ар түрдүү баскычтары менен объектилери, айыл чарба терминдеринин семантикалык классификациясы, лексикалык катмардын курамы, кесиптик аталыштарынын системадагы орду өңдүү лексикологиялык маселелер.

Ошол эле маалда аталган багыттагы иштерди үч тематикалык топко бөлүп кароого болот:

1) кесиптик аталыштардын тарыхый катмарларындагы калыптануу процессин изилдөө;

2) кесиптик аталыштардын атоо кызматын аткаруу жолдорун териштирүү;

3) кесиптик аталыштардын терминдер менен болгон карым-катышын иликтөө.

Ошентип, жогорку багыттын үчөөндө тең кесиптик аталыштардын ички түзүлүшү менен жасалыш жолдору каралып, аталган терминологиялык аталыштар лексикадагы башка катмарлардай эле тилдин ички ресурстарынын эсебинен да, башка тилдерден өздөштүрүү аркылуу да байыгандыгы менен аныкталат. Адам ишмердигинин кайсыл тармагына тиешелүү болбосун, андагы жаңы сөздөрдүн келип чыгуу теги тилдин өнүгүү тарыхында эбактан бери калыптанып калган үлгү-моделдерге таянат. Бул өңдүү моделдер тилдин сөздүк курамын байытууга өбөлгө түзүү аркылуу белгилүү бир системаны калыптандырат [Гулямов 1957: 37].

Терминологиялык лексиканы толуктап туруучу ички ресурстар тууралуу сөз болгондо алгач сөз жасоонун лексика-семантикалык, морфологиялык жана синтаксисттик жолдору бөлүп көрсөтүлгөндүктөн, жогорудагы иштерде кесиптик лексиканын келип чыгышы изилденет. Ошондой эле үч топко бөлүнүп каралат: ошол тилдин түп нуска сөздөрү, жалпы түрк сөздөрү жана башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр. Аталган сөздөрдү пайдаланган элдер баарлашуу процессинде бири-биринен чарба жүргүзүү тажрыйбаларын үйрөнүшөт, экономика жана маданияттагы жетишкендиктер менен алмашуулар жүрүп, мунун натыйжасында байланышкан калктардын тилине реалийлер менен бирге сөздөр да кирип кетет. Чынында, баштан аяк төл сөздөрдөн турган, ар кайсы мезгилде жана ар кандай шартта башка тилден өздөштүрүлгөн сөздөрү болбогон тилдер болбойт [Черных, 1956, 141-142].

Түркологияда болсо дыйканчылык лексикасы өзгөчө орунду ээлейт. Анткени дыйканчылык - малчылык, аңчылык, уз-устачылык менен катар көчмөндөр чарбасынын көп кылымдан берки бир түрү, учурдагы түрк элдеринин орчундуу бөлүгү, элет эли алектенген олуттуу тармак. Дыйканчылыкка байланыштуу кесип ээлерин даярдоодо, терминология маселелерин иштеп чыгууну, ар түрдүү колдонмо-нускоолорду жана сөздүктөрдү түзүүнү талап кылат. Ошол эле маалда кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасы синхрондук планда да, диахрондук планда да системалуу түрдө салыштырып изилденбегени анык. Андыктан биздин изилдөөбүздө түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасын изилдөө жагына сереп салуу максаты көздөлөт.

Дыйканчылыкка байланыштуу аталыштардын башка тилден өздөштүрүү маселеси карачай-балкар тилинин фактысында А.Жаппуев тарабынан атайын бөлүп иликтенет. Карачай-балкар тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу аталыштар башка түрк тилдеринин жана байыркы түрк жазма эстеликтеринин фактылары менен салыштырма планда каралып, аталган тармактагы түрк-монгол параллелдери өзгөчө бөлүп көрсөтүлөт [Жаппуев, 1979,5]. Айыл чарба аталыштарынын терминдешүү процессине кабылышын изилдөөдө

терминологиялык лексика илимдин бардык тармактары боюнча бирдей иштелип чыгууга жана курамы жагынан тартипке келтирилүүгө тийиш. Бирок бул маселени чечүү үчүн ар тилдин термин жасоо каражаттары менен булактарын, өнүгүү мыйзамдарын, терминологиялык лексикада тиешелүү тармактардын чагылышын кылдаттык менен изилдөө керектиги анык. Бул жагынан түркологияда бай факты-материал топтолгонуна карабастан, аларды системалаштыруу учурунда тиешелүү тармактар боюнча терминологиялык кемчиликтер табылып, бул тематикага тиешелүү элдик терминдер, кесиптик сөз жана сөз айкаштары, диалектилик синонимдер жана этнографизмдер көп учурда жыйналбай калганы байкалат [Курбанов, 1974]. Учурунда өзбек тилиндеги ботаника терминологиясынын теориялык негиздерин иштеп чыгуу аракети көрүлгөнү маалым [Джамалханов, 1968]. Бул эмгек автордун ботаника боюнча энциклопедиялык сөздүк түзүүдөгү көп жылдан берки тажрыйба-байкоолорунун натыйжасы болуп саналат. Анда ботаникалык терминдерин унификациялоо, алардагы полисемия, омонимия жана синонимия маселелери изилденип, мындай терминдердин башка тармактарга салыштырмалуу көбүрөөк улуттук мүнөзгө ээ экендиги белгиленет. Бирок мында терминдер менен профессионализмдердин жигин ажыратуу көйгөйү келип чыгат. Кесиптик лексиканын курамында жалпы элдик тилдин энчисине айланган жана адабий тилдин нормасына шайкеш келген тар кесиптик терминдер же кесиптик диалектизмдер да ортого чыгат: “Тигил же бул кесипти жана ишти аркалаган тар чөйрөдөгү адамдар тарабынан колдонулган жана жалпы колдонулуштагы лексикага кирбеген терминдер кесиптик аталыштар же тар кесиптик терминдер деп табылат [Ибрагимов 1961, 5]. Ушул эле аталышты анчалык кеңири тарабаган, айрым чакан аймактарга ареалдык чөйрөдөгү сөздөр же түшүнүктөр деп бөлүп көрсөтүүгө болот, анткени айрым сөздөр бири-биринен кескин өзгөчөлөнүп, тилдик жактан да (тыбыштык -дифтонгдук) өзгөчөлөнгөнү кызык. Маселен, күрүч даярдоо мезгилинде күрүчтү (т.а., шалыны)сокуга узакка жанчса, күрүчтүн бир тарабы агарып башка түскө өткөндөгү “***ак көтөн***” деген ирониялуу аталышын ар тараптуу карап чыгуу зарылдыгы келип чыгат.

Терминология маселелеринин алкагында айыл чарба лексикасына арналган изилдөөлөр аймактык тар мүнөзгө ээ экендиги анык. Буга мисал кылып түрк диалектилериндеги дан эгиндеринин аталыштарына, бакчачылык лексикасына арналган бир катар изилдөөлөрдү келтирүүгө болот. Булар түркологиядагы адабий тилдин алкагында аткарылган лексикологиялык изилдөөлөрдүн деңгээли аймактык лексикологиялык изилдөөлөрдүн деңгээлинен алда-канча жогору турарын, кесиптик жана терминологиялык лексиканы изилдөөдө лексикологдор да, лексикографтар да, диалектологдор да биргелешкен иш-аракетке өткөнүн ачык күбөлөйт [Сарыбаев 1973, 6].

Кесиптик лексикага арналган эмгектердин басымдуу көпчүлүгүндө термин сөзүнө кең маани ыйгарылып келгени белгилүү. Бул жагынан дыйканчылык лексикасында төмөнкүлөр өзгөчө белгиленүүгө тийиш: бир алкактын чегинде сөз маанисинин өзгөрүлмөлүүлүгү, дыйканчылык лексиканын тилдин жалпы лексикасы менен тыгыз байланышта болушу, жалпы колдонулуучу лексиканын дыйканчылык лексиканын курамына кириши, бул процесстин терминге айлануу деңгээли менен мүнөзү ж.б. Демек, мындай өзгөчөлүктөр элдик терминология, илимий терминологиядан айырмаланып, кандай нукта калыптанарын ачыкка чыгарат [Трубачев 1966, 62].

Түрк тилдеринде дыйканчылык лексикасы мал чарбачылык аталыштары менен катар өзгөчө орунду ээлеп, узак жылдар бою калыптанганы талашсыз. Алардын тарыхы терминологиялык системанын калыптануу тарыхы экендиги да ырас. Анткени түрк тайпалары үчүн дыйканчылык чарбанын негизги жана өтө маанилүү түрлөрүнүн бири болуп, айыл чарба шаймандары менен жер иштетүүнүн адепки ыкмаларынын жөнөкөйлүгү, буга байланыштуу лексика менен кесиптик аталыштар элдин кеңири катмарына жетик болушун табигый түрдө шарттаган.

Дыйканчылыкка байланыштуу лексика тилдин сөздүк корун эки жактан байытууга алып келет. Биринчиден, дыйканчылыкка байланыштуу жаңы эмгек процесстери менен өндүрүлгөн азык-заттарды атап көрсөткөн жаңы сөздөр жалпы сөздүк кордун элементи болуп калат, экинчиден, адабий тилден

туруктуу орун тапкан сөздөр атайын кесиптик кошумча маанилерге ээ болот. Бул болсо, табигый түрдө тилдин сөздүк курамын байытып, анын номинативдик функциясын кеңейтип турат. Ошол эле маалда эски терминдердин айрымдары колдонуудан чыгып турса, башкалары жаңы мазмунга ээ боло баштайт. Агрономия илиминин жетишкендиктери менен жаңы технологиялар дыйканчылыктын жаңыча уюшулушун шарттап, буга дайыма түрткү берип турат. Дыйканчылык терминологиясы лексикологиялык өңүттөн атайын изилдөөнүн объекти болуп, тектеш тилдердин фактысында айыл чарбанын ар тармактарын камтыган нормативдик, кош тилдүү, диалектологиялык жана терминологиялык сөздүктөр иштелип чыга баштайт. Булардын бир бөлүгү жалпы эле дыйканчылыкка, анын ичинде сугат жана кургак жердеги дыйканчылыктын эски ыкмаларына байланыштуу аталыштарды камтууга багытталат.

Ошентип, түркологияда дыйканчылык лексикасын изилдөөдө тектеш тилдердин учурдагы абалын чагылдырган фактылар да, байыркы жана орто кылымдарда жазылган жазма эстеликтердин даректерин да айкалыштыра пайдаланганы жөндүү. Тилекке жараша, түрк тилдери үчүн мындай тарыхый даректер, байыркы Орхон-Енисей жазма эстеликтерин эске албаган күндө да дээрлик арбын. Булардын катарында Кашгарлык Махмуттун “Дивану лугат-ат түркү”, Замахшаринин “Мукеддимат ал-адабы”, Абу Хайяндын “Китаб ал идрак ли-лисан ал атракы” өндүү эстеликтерди кошууга болот [Расулова, 1969]. Бул жагынан кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн “Манас” эпосунда камтылган даректер баа жеткис. Демек, бул жана ушул өндүү түркологияда топтолгон бай тажрыйбаны эске алуу жана аларды чыгармачылык менен пайдалануу кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу аталыштарды салыштырып изилдөөгө өбөлгө түзөрү талашсыз.

1.2. Кесиптик лексикасынын тармагы болгон дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн кыргыз жана түрк тилинде изилдениши

Кыргыз тилинин лексикасы ар кандай сөздөрдөн туруп, миңдеген жылдар бою куралып келе жатат. Анын тутумунда күндөлүк турмуш-тиричиликте колдонулган сөздөр, тууганчылык байланыштар боюнча адамдардын бири-бирин атагандагы сөздөр, жаратылыштагы көзгө көрүнгөн нерселердин аталыштары, жаныбарлардын аттары, ар түрдүү буюмдардын аттары, ар кандай түстөрдү, башка касиеттерди билдирген сөздөр жана башка, кыскасы, толуп жаткан сөздөрдүн топтору бар. Мына ошолор менен бирге, адамдар өздөрү жасап алган буюмдарын атаган сөздөр, иштеп жүргөнүндө пайда болгон сөздөр, кандайдыр бир нерсени өндүргөндөгү жаңыдан пайда болгон сөздөр да тилдин лексикалык курамына кошулуп, тилдин лексикасын толуктап, байытып келе берет.

Азыркы кыргыз тилинин лексикасынын илимий максатта атайын изилдениши негизинен XX кылымдын экинчи жарымынан башталган десек жаңылыштык болбос. Бирок анын жыйналышы, иреттелиши, тартипке келтирилиши жана сөздүк болуп жарыяланышы XX кылымдын биринчи жарымында гана ишке ашкан. Бул иш атактуу окумуштуу лексиколог К.К.Юдахиндин өлбөс-өчпөс эмгеги менен жүзөөгө ашкан. Азыркы кыргыз тилинин сөздөрүн, лексикасын биринчи жолу жыйнап, иреттеп, кыргызча-орусча сөздүк кылып, 1940-жылы жарыялаган. Бул сөздүктө кыргыз тилинин лексикалык курамынын дээрлик бардык тармагындагы сөздөрдүн топтору чагылдырылып, жалпы элдик лексика менен бирге ар түрдүү кесиптик сөздөр, терминдер, адабий тилден орун ала турган диалектилик сөздөр да кеңири камтылган.

К.К. Юдахин сөздүккө диалектилик сөздөрдү да киргизген, ошолордун ичинде дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр да арбын кездешет.

Кыргыз тилинин лексикалык курамы салыштырма-тарыхый метод ыкмасы менен академик Б. М. Юнусалиев тарабынан изилденген. Окумуштуу тилдеги сөздөрдүн тутумдук түзүлүшүн иликтеп, уңгу сөздөрдүн муундук

түзүлүшүнө, уңгулардын байыркы көрүнүш абалына изилдөө жүргүзгөн [Юнусалиев 1956, 1959]. Ал эмгекте айрым дыйканчылыкка байланыштуу сөздөргө да этимологиялык анализ жүргүзүлгөн.

Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн жазылган бир нече окуу китептеринде, окуу куралдарда да кыргыз тилинин лексикалык курамы чагылдырылып, лингвистикалык талдоолорго алынып, кыргыз тилинин лексикасынын лексика-тематикалык катмарлары тууралуу сөз болгондо мисалдарынын катарынан дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр да жолугат. Бирок аларда дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр, дыйканчылык лексикасы атайын бөлүнүп көрсөтүлгөн эмес [Мамытов 1971, 79-82].

Дыйканчылыкка тиешелүү сөздөр, алардын жыйналышы лексикалогиялык изилдөөлөрдө, лексикология боюнча жарыяланган окуу китептеринде жана окуу куралдарындакамтылат. Мындай мүнөздөгү изилдөөлөрдүн, окуу китептердин, окуу куралдардын жаралышы дыйканчылык менен эмгектенген элдердин тилинде ишке ашып келген. Биздин ишибиз, Орто Азияда өсүмдүк эгип, өстүрүп, дыйканчылык менен эмгектенген аймактардагы элдердин дыйканчылыкка байланыштуу кебин изилдөөнү камтыйт жана түрк тили менен салыштырып каралат.

Кыргыз тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр лексикологиянын лексика-тематикалык бир катмары болуп саналат. Ал эми кыргыз тилинин дыйканчылык лексикасы атайын изилденбегени менен, диалектологиялык бардык илимий-изилдөөлөрдүн алкагында алардын мисалдары катары болсо да каралып кеткен жайлары бар экендигин белгилеп кетмекчибиз.

Дыйканчылыкка тиешелүү сөздөрдүн айрымдары кыргыз тилинин түштүк диалектилерине тиешелүү болгондуктан, алардысөздүккө чыгарууда К.К.Юдахин кошумча тамгаларды колдонгон:*әгәт, жәгәнә, барк/ пәрк / бәрк, башак /машәк, дәнкана / кампа* ж.б. Ошол эле маалда окумуштуу өз сөздүгүндө бүгүнкү кыргыз тилине мүнөздүү дыйканчылык лексикасын толук камтыган

деп айтуудан алыспыз. Себеби бул эмгектинжердигинен тармактык эмес лингвистикалык кош тилдүү сөздүк болгондугунда.

Б. М. Юнусалиев: «Фонетикага, морфологияга, синтаксиске караганда тилдин сөздүк курамы бир кыйла өзгөргүч келет», - деп жазып, мезгилдин өтүшү менен кайсы бир сөздөрдүн эскирип унутулушу жана кайсы бир себептер менен жаңы сөздөрдүн пайда болушу сыяктуу тилдик кубулуштардын диалектилерде да болуп турушунун мыйзамдуу экенин белгилеген. Ал белгилегендей, коомдун өсүп-өнүгүшү менен бардык турмуштук зарылдыктардай эле дыйканчылык, эмгек терминдери да жаңыланып жатканы бул реалдуу турмуштук зарылдык» - деп белгилейт [Юнусалиев 1985, 255].

Кыргызстандын түштүк аймагындагы кыргыздар өзбектер, уйгурлар, тажиктер менен коңшу жашагандыктан, кээ бир төл сөздөр пассивдүү лексикага өтүп, алардын ордун башка тилдерден кабыл алынган сөздөр ээлегендиги тууралуу көрүнүшкө бир нече мисалдарды келтирип жазган. Натыйжада, кыргыз тилинин дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана башка кесиптик лексикасынын катмарларында башка тилдерден өздөштүрүлүп алган сөздөр көп кездешип, анда монгол лексикасынын катмары [Юнусалиев 1985, 234], иран тилдеринен кыргыз тилине оошуп келген сөздөр [Юнусалиев 1985, 235-240], араб тилинен келип кирген сөздөр [Юнусалиев 1985, 240-244], орус жана интернационалдык лексиканын [Юнусалиев 1985, 244-250] катмарлары бар экенин атайын мисалдарды келтирүү менен белгилеп өткөн.

Белгилүү окумуштуу Г. Бакинова кыргыз тилинин Ош говорлорунун лексикалык өзгөчөлүктөрүн атайын лексика-тематикалык топторго бөлүп, дыйканчылыкка байланыштуу бир нече сөздөрдү каттап өткөндүгүн көрөбүз:*дәәнә* - суунун кулагы; *катек* - пахтанын катары; *кәрта* - пахтанын аянты;*козо, гозо, косек, козек* - пахта өсүмдүгүнүн өзөгү; *козопая* - пахтаны терип алгандан кийин калган сөңгөгү; *көрәк* - пахтанын гүл ачпай калган коробочкасы ж. б. [Бакинова 1956, 91-92-б.].

Ж.Жумалиев Анжияндык кыргыздардын тили боюнча жазылган монографиясында дыйканчылыкка байланыштуу көптөгөң кесиптик

сөздөргөтоктолуп,лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн жана алардын чыгыш тегин ачып берген [Жумалиев, 1983; 1991].

Ал эми Э.Хурибаева болсо илимий ишинде дыйканчылык кесибинин бир тармагы болгон пахтачылыкка көңүл бурат [Хурибаева, 2016]. Ал иште пахтачылыкта колдонулган аталыштар менен катар кыргыз тилинин дыйканчылыкта колдонулган аталыштары да каралган. Улам кийинки изилдөөчүлөр, тактап айтканда, Ж.Жумалиев, Э.Хурибаевалар улам пассивдешип бараткан айыл-чарба, анын ичинен дыйканчылык же багбанчылык аталыштарына көңүл буруп, унутта калуучу сөздөргө кайрылышкан.

Ошондой эле түрк тилдеринин тилин, тарыхын, маданиятын чагылдырган орто түрк жазма эстеликтеринин бири болгон Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгеги боюнча Б.Усмамбетовдун илимий ишинде дыйканчылыкка байланыштуу эмгек куралдарын тарыхый лингвистикалык өңүттө иштеп, көпчүлүк сөздөрдүн чыгыш тегин анализдеп, кыргыз тилине болгон катыштыгын аныктап чыккан [Усмамбетов 2016, 312].

Жыйынтыгында, адамзат доору канчалык өнүкпөсүн адам эмгеги, кол эмгеги түбөлүк жер менен тыгыз байланышкан зарылдык экени айныгыс далил. Улам жетишкендиктер, техниканын өнүккөн доору болгонуна карабастан, өткөн доорго кайрылуу, анын мурдагы аталыштарына кайрылуу бул илимий эле эмес, турмуштук зарылдык катары кийинки муунга калтыруучу өзгөчө жооптуу милдеттерден. Күн санап, улам тыгыз байланышта болуп жаткан түрк тилин өздөштүрүү, илимий жактан байланышуу үчүн тилдик аталыштарды аныктап тактоо учурдун зарыл талабы болуп калды. Турмушта өтө зарыл жана туруктуу кездешкен тема катары дыйканчылык, эмгек темасынын тандалышы бекеринен эмес. Ошондуктан, аталган сөздөрдү жана аталыштарды мурдагы баалуу эмгектер аркылуу далилдөө, салыштыруу аталган эмгектин маанилүү милдети катары эсептелиши шарт.

Түрк тилинде болсоБүлент Гүл “Eski Türk Tarım Terimleri” (Байыркы түрк айыл-чарба терминдери) деген илимий изилдөөсүн жүргүзүп, анда түрк

элдерин байыркы эл катары таанытып, мурдатан дыйканчылык менен алектенген деп белгилейт. Түрк элдери жөнөкөй тил менен айтканда, өзү жей турганын, тамак-ашын камсыз кылуу аракетинде болушкан. Бир караганда буга күн көрүү десек да болчудай. Тамак-аш азыктарынөзү өстүрүп, өндүрүп жана ошону менен бирге акча таап, азык-түлүгүн сатып да ала алат. Алгачкы түрк элдерииндыйканчылык менен болгон мамилесин ошол доордогу коңшу жашаган элдердин жазып калтырган маалыматтарынан билүүгө болот. Бул жазуулардын эң негизгилери –Кытай, Визания жана батыш жазуулары. Батыш жазууларынын эң маанилүүсү таанымал саякатчы Марко Полонун саякатнаамасы болуп эсептелет. Ал эми араб жана фарсы, айрым түрк маалымат булактарынын да орду чоң. Араб жана фарсы маалымат булактарынын эң маанилүүсү Ибн Фазландын саякатнаамасынайтууга болот [GÜL, Bülent 2004].

Ал эми Кожа Салим “Eski Türklerde Sosyal ve Ekonomik Hayat”(Байыркы түрк элдеринин социалдык жана экономикалык жашоосу) аттуу эмгегинде дыйканчылыкка байланыштуу кээ бир атоолорго токтолуп өткөн. Орто Азиянын табияты жана климаты малчарбачылыкка канчалык деңгээлдежайлуу болсо, дыйканчылыкка да ошончолук ыңгайлуу болгон. Дыйканчылык болгону табияттык жана климаттык шарттардын мүмкүнчүлүгүнө жараша болчу. Буга карабастан дыйканчылык, малчарбачылык менен алектенген түрк элдери үчүн аз болсо да маанилүү иш эле. Эски түрк коомчулугунда “***Тарыгчы/тарыдажы***” деп аталган дыйкан (дыйканчылык менен алектенген) тобу бар эле. Бул кесиптин ээлеринин дыйканчылык менен бирге малчарбачылык менен алектенгени талашсыз. Мисалы, огуздар жана карлуктар бир убакта эле дыйканчылык, мал-чарбачылык менен алектенишкен. Түрк тилдериндеги эң эски сөздөрдүн бири “***талаа***”, экинчиси болсо “***эгин”*** болгон. Талаа сөзүнүн эң эски формасы “***тарыглаг***” болгон. ***Тарыгдаг*** болсо таруу (жүгөрү) эгилген жер маанисине болгон [Koca, Salim 2002]. Бул да болсо байыркы түрк элдери дыйканчылык менен алектенгени билинип турат.

Эрен Хасан “Türklerde Ekinciliğin Gelişmesine Katkılar”(Түрк элдериндеги дыйканчылыктын өнүгүүсүнө салым) деген эмгегинде дыйканчылыктагы кээ бир атоолордун этимологиясына кайрылган. Сөздөрдү чечмелеп берүүдө өзүнө чейинки илимпоздордун маалыматтарына таянган. Зия Гөкалп “Түрк маданиятынын тарыхы” [Стамбул, 1926] аттуу эмгегинде дыйканчылыкка байланыштуу бир топ маалымат берип өткөн. Мисалы, чыгарманын “Ислам динине чейинки түрк экономикасы“ аттуу бешинчи китебинде эски түрктөр тууралуу төмөндөгү маалыматтарды берген: “... Эски түрктөр көчмөн турмушта жашаганы менен ар биринин өзүнө тиешелүү жер тилкелери болгон. ... түрктөр мурдатан эле арпа, буудай, күрүч, таруу, жүгөрү айдашкан. Жүзүм, алма, тыт тигишкен. Жер тилкелерин сугаруу үчүн канчалаган арыктарды казышкан. ... Эски түрктөр дыйканчылык кылууга мажбур болушчу. Себеби нан бышырыш үчүн буудайга, малга жем кылуу үчүн арпа менен жүгөрүгө, кымызга кошуп “тарасун” деген ичимдик жасоо үчүн тарууга муктаж эле. Мөмөлөрдү жакшы көрүшкөндүктөн, алма, өрүк, жүзүм, тыт өстүрүшкөн”- деп белгилейт[EREN Hasan, 1979].

Ал эми Байкара Тунжер өзүнүн “Türk Kültür Tarihine Bakışlar”аттуу илимий изилдөөсүндө төмөнкүдөй маалыматтарды берген: айыл-чарба\дыйканчылык түрк маданиятынын эң чоң маселеси болуп эсептелет. Тарыхый доорлордогу түрк элдерине коңшу жашаган элдердин жазууларына көз жүгүртө турган болсок, түрктөр айыл-чарба менен алектенген эмес, дыйканчылык менен да алектенбеген бир коомдо көчмөн турмушту башынан өткөргөн деген жыйынтыкка келет. Кытай, иран, араб-ислам, грек-латын булактарында кийинки мезгилдерчагылдырылган. Мисалы, IX кылымда ислам жана кытай байкоочулары түрктөрдүн ичинен байлары гана нан жегенин жазышкан. Кедейлер жана жөнөкөй адамдар эт менен азыктанышкандыгын белгилейт. Ушул сыяктуу маалыматтар түрк өлкөсүндө аз да болсо дыйканчылыктын бар экендигин далилдеп турат. Түрк мамлекеттеринде коңшу жашаган элдерге караганда дыйканчылык жакшы өнүкпөгөн деген жыйынтыкка келсек болчудай [BAYKARA Tuncer, 2001].

Бирок түрк элдеринин тарыхына кайрылсак, түрктөр ун, андан камыр жасоону билишкен. Мисалы, Огуз дастанында жүрүш (согуш) учурунда ордосу азык-түлүк жагынан оор абалда калганда Бугра хан камырды колуна алып, чоюп туруп казанга салат. Ошентип Бугра хан тамагы пайда болот. Ун дандан жасалгандыктан, огуздар буудайды "***аштык***" дешсе керек.

Түрк мамлекеттеринде айыл-чарбанын болгонун археологиялык маалыматтар да тастыктай алат. Бир топ жыгачтан жасалган айыл-чарба шаймандары жана алардын бөлүктөрү жердин астында чирип, темирден жасалган бөлүгү бүгүнкү күнгө чейин жетип отурат. Булар: к*етмен, күрөк, эгин оруучу ороктор*ду айтууга болот. Ал тургай соконунтемирлерининошол учурдагы үлгүлөрү да сакталып калган [BAYKARA Tuncer, 2001].

Өгел Бахаеддин дыйканчылык деген атоону мындайча чечмелеген: "Эски түрктөр эгин эгүү жолу менен күн көргөн адамдарды "***тарыгчы***" дешчү эле. Түрк тилиндеги "***дыйкан***" маанисинде колдонулган эң алгачкы сөз "***тарыгчы***" болсо керек. ***Тар*** же ***тары*** уңгусунан келген бул сөз уйгур жазууларынан тарта көп кездеше баштайт. Махмуд Кашкаринин китебинде болсо, дыйкандарга колдонулган *тарыгчы* сөзүнүн жанына *тарыдачы*, башкача айтканда, таруу өстүрүү менен алектенген дыйкан деген сөз пайда болот. Көбүрөөк батыш түрк тилинде "***эгинчи***" сөзү дыйкан деген мааниде колдонулат [ÖGEL Bahaeddin, 1978]. Ушул эле маалыматка кошумча катары Шен Серкандын пикирин келтирүүгө болот. Ал көктүрк, уйгур жана караханий жазууларында*тарыгчы* жана *эгинчи* сөзүнө кошумча маанилеш*багчы, борлукчу* (багбан), *емишликчи* (жашылча жемиш жетиштирген адам) жана сугарган адамга *кудукчу* (кудук казган), *өген кешгүчи* (сууну көзөмөлдөөчү), *сувчы* (сугаруучу) сыяктуу сөздөр түрк тилдүү элдердин айыл-чарба иштерине байыркы доорлордон баштап эле аралашканынын далили катары тастыктайт[ŞEN Serkan, 2007].

Азыркы түрк тилинде *талаа* сөзү "***тарлаг"***, "***тарлагым"***, "***эгинлиг***" сыяктуу атоолордо колдонулуп, алар көктүрктөрдөн баштап ушул убакка чейин келген сөздөрдөн деген этимологияга таянсак болот. Жалпы мааниде айтылган бул сөз менен кошо талаанын сыпатын билдирген сөздөр да колдонулат.

Мисалы, эгин эгилбеген жерди “***кыр***”, “***жазы***”, эгин эгүүгө болбой турган жерлерди “***чорак***”, “***кочур***”, “***сызлык***” деп коюшкан [ÖGEL Bahaeddin, 1978].

Түрктөр эккен эң биринчи айыл-чарба эгиндери боюнча төмөнкү маалыматтар бар: Кафесоглу Ибрахим түрк маданиятын изилдөөгө арналган “Türk Milli Kültürü” эмгегиндечыгыш түрктөрү ыңгайлуу жерлерде айыл-чарба иштери менен алек болушканы байкалат деп белгилейт. Талаалардын көбү жайыт болгонуна карабай, дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлери да бар болчу. Мисалы, кытай маалыматтарына караганда хундар буудай менен тарыу эгишкен. Кытай жазууларында катуу түшкөн сууктунайынан хундардын бир жыл эгин эге албаганы айтылат. Ошол эле кытай маалыматтарында хундарда буудай жана фасолдун сорту бар экендиги тууралуу кеп козголот. Алтай жана Саян тоолорунда дан өндүрүүнүн 3 миң жылдан ашуун тарыхы бар экендигин археологиялык казуулар далилдеген [KAFESOĞLU İbrahim, 1997].

Бул тема боюнча тилдик багыттан башка тарыхый, экономикалык, агрардык багытта Расони Лазо, Чичек Кемал, Өзгүденли Осман Гази, Кужур Сади, Өзтүрк Мурат, Гүран Тевфик сыяктуу илимпоздор өз багыттары боюнча илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүшкөнүн белгилейбиз. Алардын эмгектеринен адам эмгегине, эмгек процесстерине байланышкан сөздөрдү жана түшүнүктөрдү табууга мүмкүн болду.

Жыйынтыгында айыл-чарба экономиканын эң негизги булагы катары адам баласынын туруктуу жашоого баштаган убактан тарта эсептелинет. Эски доордо да айыл-чарба иштери, ошол убакка таандык каражаттар аркылуу жүзөгө ашырылган, убакыттын өтүшү менен бирге аймактардын арасындагы байланыштын кеңейүүсүнөн улам башка тармактардагыдай эле айыл-чарба тармагында да техниканы өнүктүрүүнүн жыйынтыгында эң жакшы усулдар колдонула баштаган. Бирок айыл-чарба тармагында колдонулган каражаттар жана усулдар, өндүрүш төңкөрүшүнүн башына чейинки аралыкта олуттуу өзгөргөн эмес. Буга карабастан, айыл-чарба адамдардын тамактануусу үчүн маанилүү орунду ээлегендигине байланыштуу бардык доордо өзүнүн маанисин жоготкон эмес. Орто жана жаңы доордо бир катар өлкөлөрдүн экономикасын

айыл-чарба жана айыл-чарбадан алынган салыктар түзгөн. Тарыхта ар бир маданиятта болгондой эле түрк маданиятынын негизин түзгөн баалуулуктар жана эрежелер өзгөрүүгө учураган. Түрктөр диний ишенимдерге өтөрдөн мурда, мисалы Сибирь токойлорунда аңчылык, андан кийин Ала-Тоодо көчмөн жана жарым көчмөн турмушун баштарынан өткөргөн. Эң акырында болсо туруктуу жашоого өтүшүп дыйканчылык менен алектене башташкан.

Биринчи бап боюнча жыйынтык

Дыйканчылык кесиптери түрк калктарынын жашоосунун негизги булактарынын бири болуп саналат. Ошого карабастан, эгин жана эгин өстүрүүгө, өсүмдүктөргө байланыштуу сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын тектеш тилдер арасында салыштыруу, анализ жүргүзүү сыяктуу изилдөө иштери атайын лингвистикалык максатта жүргүзүлгөн эмес десек жаңылышпайбыз. Кыргыз жана түрк тилинин лексикологиясында болсо, бул темага байланыштуу атайын изилдөөлөр жүргүзүлбөсө да, эки тилдин сөздүк корундагы жергиликтүү тилдик өзгөчөлүктөрдү чагылдырган эмгектердеги айрым маалыматтар аз болсо да тиешелүү сөздөрдү иликтөөгө жардам берди.

Кыргыз, түрк тилдеринин грамматмкасына, лексикасына байланыштуу бир топ эмгектердин жаралганы белгилүү. Грамматикалык салыштыруулар бир канча илимпоздор тарабынан колго алынса, лексикалык, сөздүк карым-катыштары макалаларда, сөздүктөрдө каралып келет. Бул изилдөөлөрдө да эки тилдин ортосундагы жакындыктар, тектештиктер белгиленип, далилдер берилгени менен дыйканчылыкка байланыштуу түшүнүктөрдү атаган сөздөр өз деңгээлинде, максаттуу изилдеген эмес.

II БАП.

ДЫЙКАНЧЫЛЫККАБАЙЛАНЫШТУУ СӨЗДӨРДҮН ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

2.1. Изилдөөнүн материалдары жана методдору

Изилдөө 2012-2018-жж. аралыгында жүргүзүлүп, иликтөөдө алынган жыйынтыктар боюнча К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасында (мурунку түркология кафедрасы – авт.) жыл сайын отчет берилип турду. Изилдөөнүн объектиси - кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексика, ал эми предмети бул тематикалык топтогу лексиканын калыптанышы жана өнүгүшү.

Изилдөөнүн биринчи этабында кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр төмөнкү булактардан жыйналып, белгилүү системага келтирилди: **Кыргыз тили боюнча**1) К.К.Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүнүн” (1965; 1985), Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн (1969; 2016) материалдары, дыйканчылыкка байланыштуу лексика диалектологиялык изилдөөлөрдө көбүрөөк кездешкенине байланыштуу кыргыз тилинин диалектилери жана говорлору боюнча изилдөө жүргүзгөн Э.Абдулдаев (1962; 1966), Г.Бакинова (1956; 1958), Н.Бейшекеев (1964), Ж.Мукамбаев (1982) жана Ж.Жумалиевдин (1983; 2003) эмгектеринин факты-материалдары пайдаланылды. **Түрк тили боюнча**: Т.Байкара (2001), Х.Ерен (1979), Б.Гүл (2004) жана Т.Гүран (1998) сыяктуу окумуштуулардын изилдөөлөрүнөн жана адабияттар тизмесинде көрсөтүлгөн интернет булактарынан колдондук.

Кийинки этапта кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасы тематикалык топтору аныкталды, ошондой эле жалпы тил илими жана түркология жаатында кесиптик лексикага байланыштуу изилдөөлөргө илимий талдоо жүргүзүлдү. Сөздөргө этимологиялык талдоо жүргүзүүдө түркологиядагы фундаменталдуу эмгектердин бири М.Кашгаринин “Дивану лугат-ат түрк” жана Э.Севортяндын этимологиялык сөздүктөрүнө таяндык.

Изилдөөдө кыргыз жана түрк тилинин иллюстрациялык материалдарына

карата анализ синтездик, салыштырма тарыхый, лингвистикалык сыпаттоо методдору колдонулду.

Изилдөөнүн илимий-теориялык жана методологиялык базасын жалпы тил илиминдеги жана түркология жаатындагы окумуштуулар – Е.Н.Толыкина, О.Н. Трубачев, М.И.Литвинов, С.Ибрагимов, Г.Дадаханова, Ш.Баратов, И.Оторов, Р.К. Рахимова, А.А.Жаппуев, Б.Орузбаева, Т.Дүйшөналиева, Т.Назаралиев, А.Биялиев, Г.Бакинова, Ж.Жумалиев, И.Абдувалиев, Б.Усмамбетов, Э.Хурибаеванын эмгектери, ал эми түрк илимпоздорунан Бүлент Гүл, Кожа Салим, Эрен Хасандын изилдөөлөрү түздү.

2.2. Маселенин коюлушу

Ар кандай эле тил өзүнүн өсүп-өнүгүү баскычтарында фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык жалпылыктарга, айырмачылыктарга дуушар болот. Коомдун өсүп-өнүгүүсү менен тыгыз байланышкан тилдик курам жалпы адабий тилдин өнүгүүсүнөн башка да айрым булактар менен өсүп келүүдө.

Кыргыз тилиндеги дыйканчылык сөздөрдүн жана атоолордун түрк тилинин сөздүк курамы менен салыштырсак айрым эле сөздөрдү эске албаганда, көпчүлүк сөздөрү окшош же айрым тыбыштык өзгөчөлүктөр менен кездешет. Мисалы, *чымчык* сөзү *чумчук, айнек-айна, талаа-тарла* сыяктуу көбүнчө муундун ортосундагы үндүү тыбыштар сингармонизм боюнча ээрчишкени, а уңгунун аягы түгөйлөш үнсүз же формалар менен бүткөнүн байкоого болот. Демек, кыргыз жана түрк тилиндеги мындай жалпылыктар түпкү тектин бир экендигинен кабар берип, жакын тектештиктин далили катары кабылданат. Дыйканчылык жалпы эле түрк тилдерине мүнөздүү техникалык өсүмдүктөр, кара эгиндер, жашылчалар, жер-жемиштер аларды өстүрүүдөн баштап, иштетүүгө чейин окшоштуктар болгондуктан, алардын куралдары, жабдыктары, аспаптары, иштөө механизмдери, эмгек процесстери аталыштарында гана өзгөчөлүк болбосо, калгандары негизинен окшош. Маселен, *урук, көчөт, тамыр, сабак, бутак, гүл, бүртүк, чанак, косек, сугат,*

чабык, отоо, суюлтуу, чеканкалоо өңдүү аталыштар дыйканчылыкта кеңири колдонулат. Булар кыргыз жана түрк тилинде башка сөз каражаттарын түзүүдө активдүү пайдаланылат.

Маселен, атоочтон атооч сөз жасоочу *-чы* мүчөсү дыйканчылык лексикасында да арбын кезигет. Мисалы: *сугатчы, суучу, тамекичи, пахтачы, коончу, табелчи, чанакчы, механик-айдоочу ж.б*. Бул сыяктуу сөздөрдө негиз билдирген нерсе боюнча кесипти аркалаган адамдарга тиешелүү иш-аракет ээсинин түрлөрү көрсөтүлөт.

Ал эми *-чы,-лык* мүчөсү эмгеккебайланыштуу сөздөрдү конкеттештирип, бөлүп көрсөтүүгө ыңгайлаштырылган. Мисалы: *бакчачылык, багбанчылык, шалычылык, тамекичилик, пахтачылык, пиллачылык ж.б.у.с.* дыйканчылык терминдерин алардын эң негизги иш-аракеттерин да семантикалык ар түрдүү мүчө, формалар менен аныктоого болот. Маселен, *пахтаны терүү, тамекини үзүү-тизүү, шалыны оруу, жанчуу, буудай, арпа, сулуу, зыгырды жанчуу, сапыруу, мөмө-жемиштерди үзүү, жыйноо, бакча өсүмдүктөрүн терүү, жыйноо* сыяктуу эмгек процесстеринде деле ушундайча аталат. Демек, ушул жыйынтыктардан улам тектеш кыргыз-түрк тилдеринин дыйканчылык лексикасында семантикалык байланыш бар экенин белгилөөгө болот.

Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык кесибиндеги сөздөргө лингвистикалык анализ жүргүзүүдө төмөнкүдөй милдеттерди аткарууну максат кылдык: 1) Дыйканчылык, эмгек процесстеринин негизги иштөө шарттарына, эгинди отургузуу, түшүмдү жыйноо, топтоо, сатуу же пайдалануу жумуштарына байланышкан сөздүк-лексикалык катмарды аныктоо, өсүп-өнүгүү жолдорун аныктап чыгуу; 2) Тилдик тектештикти пайдалануу менен аталган процесстин тармактык сөздөрүндөгү лексикалык-грамматикалык маанилерин, алардын өзгөрүүлөрүнө жана маанилик варианттарына талдоо жүргүзүү; 3) Аталган сөздөрдү, аталыштарды белгилүү деңгээлдеги лексика-тематикалык топторго ажыратуу менен диалектилик (говордук) фактыларын адабий тил ченемдери менен салыштырып тактап чыгуу; 4) Тандалган сөздөрдү, аталыштарды кыргыз -түрк тилдеринде алардын келип чыгуу

тектерин, этимологиялык принципте аныктоо, тактоо, далилдөө боюнча аракеттерди жүргүзүү; 5) Кыргыз жана түрк тилиндеги сөздөрдүн курамындагы тутумдардын өнүмдүү, аз өнүмдүү жана өнүмсүз курандыларын ажыратып көрсөтүү аркылуу жыйынтыктарды чыгаруу; 6) Кыргыз жана түрк тилинин дыйканчылык, эмгек терминдерин аныктап, тактоо менен лексиканын калыптануу, сөз жасоо жолдорундагы түрдүү өзгөчөлүктөрүнө басым жасоо болуп саналат.

Ал эми эки тилдеги кесипке байланыштуу сөздөрдү илимий багытта ырааттуу колдонуу максатында төмөндөгүдөй тематикалык топторго бөлүштүрүүнүчечтик:

1. Дыйканчылыкка байланыштуу өсүмдүктөрдүн аталыштары;
2. Дыйканчылыкка байланыштуу өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүнүн аталыштары;
3. Дыйканчылыкта өсүмдүктөрдүн өстүрүү процесстеринин аталыштары;
4. Дыйканчылыкта эмгек процесстеринин аталыштары;
5. Дыйканчылык эмгек куралдарынын аталыштары;
6. Дыйканчылыктагы кесип ээлеринин аталыштары;
7. Дыйканчылыкка байланыштуу жалпы аталыштар.

2.3. Дыйканчылыкка байланыштуу өсүмдүктөрдүн аталыштары

Дыйкандар эгин талааларында өсүмдүктөрдүн ар кандай түрлөрүн өстүрүшөт. Алардын кээ бирлери техникалык өсүмдүк болсо, кээ бирлери бакчачылык өсүмдүктөрү болуп эсептелет. Мисалы, *буудай, таруу (конок), арпа, сулу, зыгыр, нокот, күн карама, сафлер, пахта, жүгөрү, тамеки, техникалык өсүмдүктөр болсо, дарбыз, коон, бадыраң, помидор, пияз, сабиз, түрп, кызылча, жер жаңгак, келемпир, балгар калемпири* бакча өсүмдүктөрүнө кирет. Алардын ар биринин өзгөчөлүгүнө байланыштуу өзүнчө аталыштарга ээ.

Арпа -1. Кылкандуу дан өсүмдүгүнүн бир түрү. *Айдаганы дыйкандын, Арпа менен ак буудай* (Тоголок Молдо). 2. Ушул өсүмдүктүн даны. *Аттары асман тиктеген, Арпасын жара тиштеген* (Тоголок Молдо) [КТТС, 1:127].

Бул эгин буудай сымал болуп, сортуна жараша ун жасала турган арпа, тоют боло турган арпа болуп бөлүнөт. Тоют катары колдонулган арпалар көбүнчө койлорго жана жылкыларга берилет. Ошондой эле арпаны кууруп, тамак жасап, кыргыз элине белгилүү улуттук суусундук максым жасалат. Ал өзгөчө дарылык касиетке ээ суусундук болуп саналат. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө ***арпа*** - ячмень; ***олоң арпа, жарым арпа*** -названия сортов ячменя; ***арпа жеген ат ойнойт*** *погов*. конь который есть ячмень, играет; ***арпа баш*** -колос ячменя; өтмө мааниде ***сенин арпаңды ким чийки орду?*** что ты так взбеленился? (*букв*. кто твой ячмень незрелым сжал?) маанилерде берилген [Юдахин, 1:69]. Түрк тилинде да кыргыз тилиндегидей ***арпа – arpa***деп аталат [РТС, 1022]. Эски жана бүгүнкү түрк тилдеринин диалектилеринде ***arpa, arpacık, arpağan*** деген формалары колдонулуп, бардыгы ***арпа*** деген маанини туюндурат [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:49]. Мисалы: ***Arpa eken buğday biçmez****(арпа эккен буудай орбойт)*[Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 1: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Буудай - 1. Данынан ун тартылып, нан жасалуучу дан өсүмдүгү.*Камыш сыяктуу бийик чыккан буудай өсүмдүгү жаңыдан дүмбүл тартып саргая баштаган* (Сыдыкбеков). 2. Ушул өсүмдүктүн даны. *Ак буудайы жууп койгон күрүчтөй* (Маликов) [КТТС, 1:308]. Көпчүлүк түрк тилдеринде *бугдай* түрүндө айтылган сөз кыргыз тилинде *буудай*, өзбек тилинин диалектилеринде *бугдаг,*хакас тилинде *пугьдай*, тува жана алтай тилдеринде *буудай*, уйгур тилинде *бугьдай*, түркмөн тилинде *бугдай*, ногой тилинде *бийдай* ж.б. Байыркы түрк тилдеринде *будгьай* “пшеница”, ал эмес монгол тилдеринде дагы орун алат: монгол тилинде *буудай* “пшеница”, бурят тилинде *будаан* “ячмень”, ороч тилинде *буда* “пшено”. Э. Севортян бул сөздү кытай тилинен кабыл алынган деп эсептейт (ЭСТЯ 231). К.Сейдакматов болсо, аталган сөздүн тегин башкача чечмелейт: “өзбек тилинин диалектисиндеги *бугдаг* түрү эң алгачкы калыбына жакын дешке болот. Анткени бул сөз *буг* же *бугу* “буу, байла” этишинен жана ***-дак*** мүчөсүнөн турат. *Буг//бугу* этиши азыркы *буу* этишинин маанисинде болгон, ага зат атооч жасоочу ***-дак*** мүчөсү жалганган. Азыркы *куурдак, шырдак*

сөздөрү *куур, шыры* деген этиштерге ***-дак*** мүчөсү уланып жасалган сыяктуу эле *бугдак//бугудак* сөзү данынын сыртын каптап турган көйнөкчөсү бардыгы үчүн ушундай аталган. Буудай арпа сыяктанып даны башында ачык турбастан, сыртынан кабыкча менен жабылып турат. Мына ушул өзгөчөлүгүнө жараша ал *бугдак* “буулма дандуу эгин” деген атка конгон [Сейдакматов 2004, 37]. Кийин *бугдак* кыргыз тилинин фонетикалык закон ченемдүүлүгүнө ылайык *бугдай > буудай* болуп өзгөрүп кеткен”. Биз дагы ушул К.Сейдакматовдун пикирине кошулуу менен, буудай сөзүнүн теги байыркы түрк тилдеринин негизинде эле пайда болгонун белгилейбиз: *буг//буу + дак.*Ал эми Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө ***ашлық*** формасында кездешет (Махмуд Кашкари, 2014:235). К.К.Юдахин мындай маанилерин берген: ***буудай*** -пшеница; *өтм.**буудайдын барар жери тегирмен**погов.* место, куда отправится пшеница -мельница (*напр. девушке суждено выйти замуж)*; буудайдын сорттору: ***кара буудай*** -рожь; ***уу буудай*** -плевел; буудай баш/буудайык, ***ак буудайдын унун чайна*** -жевать муку или зерно белой пшеницы ж.б. [Юдахин, 1:163]. Түрк тилинде да кыргыз тилиндегидейбуудай сөзү катышкан сөз тизмектери бар: *buğday (буудай), yazlık buğday (жазгы буудай), kışlık buğday (кышкы буудай), buğday unu (буудай уну), buğday ekmeği (буудай наны)*[РТС, 744]. Буудай сөзүнүн түрк тилдерине тиешелүү экендиги бардыгы түрк тилдеринде бирдей аталышка ээ болгондугу менен далилденет. Эски түрк адабияттарында да ***buğday*** формасында колдонулган. Түрк тилдеринен башка тилдерге тарагандыгы жөнүндө Е. Егоров, К. Эрен, М. Рясянен, К. Менгес, Л. Лигети сыяктуу окумуштуулар тастыкташат [Egorov: Ĕs 148; Eren: TDAY 1972:251; Räsänen: V86a; Menges: The İgor’Tale 48; Joki: LwSS 106-108; Ligeti: AOH4:130; Clouson: ED 312-131, Sevortyan: ĔSTJa 1978, 232-235]. Түрк тилинин диалектилеринде болсо, сортуна жараша *ак буудай, кара буудай, ири буудай* деп айтылат: *Buğdayım var deme ambara girmeyince, oğlum var deme yoksulluğa ermeyince(düşmeyince) (буудайым бар дебе кампага кирмейинче, уулум бар дебе жокчулук башка түшмөйүнчө)*[Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 1: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Башак/машак- эгин жыйналып бүткөндөн кийин элдер трактордон, комбайндан калган дан, жер-жемиштерди жыйнап алышат. Ошол негизги жыйым-теримден кийинки жыйноо ушундай аталыш менен аталат. К.К.Юдахин бул атоону түштүк диалектисине тиешелүү деп мындайча берген: ***башак***-южн.то же, что ***машак. Машак*** - колос (*оставшийся на поле после уборки*); ***машак тер*** -собирать колосья; ***оозу менен орок оруп, көтү менен машак терет*** *погов.* (о пустозвоне) ртом он жнёт, а задом колосья собирает; ***иш машагына конду*** (жетти, келди) дело удалось, устроилось; ***ишти машагына келтирдим*** -я навёл полный порядок в деле, я наладил дело так, что комар носа не подточит [Юдахин, 2:21]. Түрк тилинде да ***başak*** *(башак),* ***başağı, buğday başağı*** *(буудайдын башагы);* ***başak ekmek*** *(башак нан, башактан жасалган нан);* ***başaklanmak, başak bağlamak, başak tutmak*** *(башак алуу, баш алуу)*деген маанилерде колдонулат [РТС, 331].

Başak сөзү түрк тилдериндеги ***baş*** деген уңгуга +*ak* мүчөсү уланып жасалды[www.etimolojiturkce.com]. Мисалы: ***Başak*** "*mızrak veya ok başı*" [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)]. "*Ekin toplandıktan sonra tarlada kalan artık*" [TDK, Tarama Sözlüğü (1600 yılından önce)].

Түштүк диалектилеринде ***мандикер*** сөзү кездешет. ***Мандикер*** сөзү чыгыш же иран тилдеринен кирген сөз болуу керек. Мандикер деп өз ара келишим боюнча жалданып убактылуу иштеген адамдарды түшүнүшкөн, ошондой элеүй жумуштарында, курулушта жана башка тармактарда негизги устанын жардамчысынмандикер деп аташкан.Мандикерлер түрдүү жумуштарды, маселен эгин чабуу, сугаруу, отоо, чөп оруу, жыйноо, жыюу, устачылык иштери, дубал уруу, шыбоо, айыл чарбасынын дыйканчылык, устачылык иштерине басымдуу тартылышкан.

Мал чарбачылыгында болсо, аларды малчы, койчу, кыркымчы ж.б. аттар менен аташып, ушундай эле иштерди аткарышканы маалым. Ал эми малчы, чабандар жайлоого көчкөндө же кайтканда келишим боюнча ***айдакчыларды*** жалдашкан. Алар малды жайлоого жеткиришип, же жайлоодон айдап келүү жоопкерчилигин аткарышат. ***Айдакчы*** термини аңчылыкта да кездешеип, чогуу

ууга, аңчылыкка чыккандары жарымы жаныбарларды үркүтүп же белгилүү багытка тосуп кызмат аткарышса, мергенчилери аларды атышкан.

Жүгөрү/мака- 1. Сабагы жоон, сото байлоочу, ири дандуу өсүмдүк.*Суйкая тартып баласын кучуктаган сындуу жүгөрүлөр баш ийгендей акырын гана ыргалышты* (Сыдыкбеков). 2. Ушул өсүмдүктүн даны. *Жүгөрү талкан экен, майга көөлөп жейин* (Бөкөнбаев) [КТТС, 1:543].

Кыргыз адабий тилинде *жүгөрү болсо*, ал эми түштүк диалектиде *конок, мака* аталыштары бар. Бул сөз боюнча окумуштуу К.Сейдакматов: "Байыркы түрк тилинде *төгү* сөзү "таруу" маанисин берген [ДТС, 574]. Ал *төг* "түктө, күйшө" [ДТС, 279] этишинен келип чыккан: *төг+и*. Ал эми *йүгүр* сөзү "таруу" маанисин туюнткан, анын *йүр* деген кыскарган варианты да болгон [ДТС, 284-286]. Мындагы *йүгүр* сөзү алгачкы *төг+ур* сөзүнөн келип чыгат. Анткени *конок* менен *таруу* түгүн кетирип акталмайынча, тамак үчүн колдонулбайт, ошого жараша алар *төги, йөгүр* (төгүр) аталган. Алар "түктөлүүчү дан" дегенге жакын маани берген. Конок менен тарууга бир аз окшош келген сорго, шыпыргы өсүмдүгү да конок жана таруу аталган сөз менен аталып, кийин соргого жалбырактары гана окшош келип, бирок данын ортосуна байлай турган өсүмдүк да аталып кетиши мүмкүн. *Жүгөрү* сөзү эң байыркы *төг* "түктө, күйшө" этишине ***-ыр*** мүчөсү жалгануудан жасалган. Сөз башындагы ***т*** тыбышы ***й*** тыбышына өтүүдөн жана маанисинде өзгөрүү болуудан *жүгөрү* сөзү жаралган" [Сейдакматов, 2004, 44-45]. Андай болсо байыркы түрк жазма эстеликтеринде жүгөрү сөзү кездешет эле да, бирок аталган сөз учурабайт. Ошондуктан сөздүн теги иран тилине тиешелүүлүгү жөнүндөгү пикирлер үстөмдүк кылат. Чындыгында, иран тилинде жүгөрү "кукуруза" дегенди билгизет. К.К.Юдахин да иран тилинен кабыл алынган сөз экендигин белгилеп, ***жүгөрү/ мака*** -кукуруза деген котормосун берген [Юдахин, 1:272].

Бүгүнкү күндө түрк тилинде ***mısır***формасында колдонулат [РТС, 357]. Түрк тилинин диалектилеринде жүгөрү сөзүнүн *dar, şam darısı, kokoroz, lazot*сыяктуу формалары колдонулат. Бирок адабий тилде жана көпчүлүк диалектилерде ***mısır***сөзү кенен тараган [Türk Dilinin

Etimolojik Sözlüğü, 1999:251]. Маселен: *Mısır ekip havaya bakacağına, buğday ek de /ekip yere bak (жүгөрү эгип асманга караганча, буудай эгип жерге кара)*. [Sınıflandırılmış Türk Atasözleri, Yurtbaşı, M.]

Тарыу -дан өсүмдүктөр тукумундагы бир жылдык өсүмдүк уруусу. Тарыу түпөк тамырлуу болуп, бир түбүндө 3-7 сабагы бар. Бийиктиги 45-150 смге жетип, жалбырагы ичке. Мөмөсү тоголок, сүйрү, ак, кара, саргыч кызыл түстөболот. Вегетация мезгили 66-120 күн. Ысык жерлерге жакшы өсөт, дың жерде түшүмчүл келет. Тарыу негизги акшак өсүмдүгүнүн бири. Данынан ун, акшак тартылып, тоют катары да пайдаланылат. Пакалы менен кебеги тоют катары эсептелет. Илдеттери: кара көсөө, бактериоз ж.б. [КСЭ, 5:542]. Жүгөрү, арпа сыяктуу жетиштирилген эгиндин бир түрү. Бул өсүндүктүн данынан көбүнчө кыргыздар ичимдик, суюк тамак-аш даярдашат. Кыргызстандын кээ бир аймактарында ***конок*** деп да коюшат. Сөздүктөрдө ***тарыу*** -просо; ***акталган тарыу*** -пшено; ***жалгыз тарыу ботко болбойт****погов.* из одного зерна проса каши не получится; ***көптүргөн тарыу/ бөртмө тарыу*** -кушанье из жареного пшена, залитого горячим молоком деген маанилери берилген [Юдахин, 2:212]. Күнүмдүк турмушта *тарыу бозо, көчө* деген тамактардын түрлөрү жасалат. Түрк тилинде болсо кыргыз тилине жакын ***darı*** деп аташат [РТС, 730]. М.Кашкаринин сөздүгүндө мындайча мисалдар менен берилген: ***Тарыг арытты*** -арпа, буудай, тарыу өңдүү аштыкты тазалады деген мааниде [Кашкари, 2011:65]. ***Тарыг уругланды*** -тарыу, дан түйдү, баш алды [Кашкари, 1: 559] ***Тарыг экилди*** -тарыу (эгин) эгилди [М.Кашкари, 1: 215]. Түрк тилинин диалектилеринде *darı, ak darı,* түштүк диалектилеринде *tarık*сыяктуу аталышта колдонулат [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:137]. *Darı unundan baklava, İncir ağacından oklava olmaz (тарыунун унунан баклава, анжирдин дарагынан октоо болбойт)* [Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 1: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Бадыраң -1. Сабактары жерге төшөлүп, жайылып өсүүчү бакча өсүмдүгү. *Калыбек арыктын кулагын бадыраңга буруп келди.* 2. Ушул өсүмдүктүн

сүйрүсүнөн келген мөмөсү. *Дизентерия менен ооруган балага, айрыкча, бадыраң, помидор бербөө керек (“Кыргызстан аялдары”)* [КТТС, 169].

Ашкабак тукумундагы бир жылдык жашылча өсүмдүгү. Сабагы жерге жайылып өсүп, нымды сүйөт. Жалбырагы туташ, беш бурчтуу, өзөк тамырлуу. Курамында витамин кант, белок, фермент ж.б. кездешет. Бадыраң тамак-ашка, консервалоого кеңири колдонулат. Акыркы жылдары теплицаларда кеңири өстүрүлөт. Бир нече сорттору кездешет. Түпкү мекени болуп Индия саналат, андан бүт дүйнөгө тараган [КСЭ, 1: 381]. Ал эми К.К.Юдахиндин сөздүгүндө иран тилинен кабыл алынган сөз катары каралып, ***бадыраң*** *-ир*. огурец; *ашкабагы, бадыраң арбын болор баарысы стих*. тыкв и огурцов -всего этого (там) будет много [Юдахин, 1:93] деп белгиленген.

Ал эми түрк тилинде бул атоо ***hıyar, salatalık*** формаларында колдонулат [РТС, 525]. Этимологиялык жактан териштире келсек түрк тилине фарс тилинин xiyār деген сөзүнөн алынган болушу ыктымал. Бул сөз түрк тилинин диалектилеринде ***hıyar***, ***salatalık*** деген формасында башка аталышка ээ. Мисалы: *Hıyar akçesiyle alınan eşeğin ölümü sudan olur (бадыраңдын акчасына алынган эшектин өлүмү суудан болот)* [Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 2: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Ашкабак -1. Сөңгөгү, сабагы жерге төшөлүп өсүүчү, мөмөсү чоң тоголок же сүйрү жумуру болгон өсүмдүк. 2. Ошол өсүмдүктүн тамак же тоют үчүн колдонулуучу мөмөсү. *Күзүндө атамдын ашкабагынан казандай болгон бирөөнү сурап берем (Бейшеналиев)* [КТТС, 156].

Ашкабак тукумундагы бир жылдык атайын өстүрүлүүчү техникалык өсүмдүк. Бою анчалык бийик өспөгөн, жалбырактары жазы, төшөлмө келип, гүлү чоң сары узун болуп өсөт. Жемишинин формасы, чоңдугу жана түсү ар түрдүү. Ашкабак тамак-ашка жана тоют түрүндө пайдаланылат. Ашкабактын уругунан май алынат. Кургакчылыкка чыдамдуу келип, уругу 13градуста өнүп чыгат. Ашкабактын салмагы 60 килограммдан 80 килограммга чейин жетет [КСЭ, 1:287]. Түрк тилинде бул сөздүн ***kabak*** (ашкабак), ***bal kabağı*** (тамакка колдонуусу ашкабак), ***helvacı kabağı*** (халва жасай турган ашкабак)деген

түрлөрү колдонулат [РТС, 930]. Түрк тилдеринде дээрлик бирдей аталышка ээ болуп, ***kabak*** формасында кездешет. Башка тилдерге да түрк тилдеринен тараган деген ойду Клоусон, Дёрфер сыяктуу окумуштуулар айтышкан. Бул сөздүн ***kāb, kap, qap*** уңгулары башка тектеш эмес тилдерде кездешери жөнүндө түрк тилинин этимологиялык сөздүгүндө изилденген[Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:395].

Kabak çiçeği gibi açılmak (ашкабактын гүлүндөй ачылуу (каймана мааниде)[Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 2: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Баклажан - бадыраңдан чоңураак кызгылт көк түстөгү жашылча. *Баклажандан түрдүү тамактарды жасоого болот* [КТТС, 180]. Ит жүзүмдөр тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. Сабагы катуу болуп боюнун узундугу бир метрден ашат. Мөмөсү алмурут сымал жумуру, салмагы 400 граммдан жогору. Тамак-ашка кеңири пайдаланылат, консервалоо үчүн баалуу [КСЭ, 1:393]. Түрк тилинде бул атоо ***patlıcan*** (баклажан), ***patlıcan dolması*** (фаршталган баклажан), ***patlıcansı*** (баклажановый) деген түрдө колдонулат [РТС, 31].Бул атоонун төркүнү араб тилинин ***bādincan***, фарс тилинин ***bādingān*** сөздөрүнө барып такалат. Ал эми түрк тилдерине болсо *баклажан, паклажан* формаларында кабыл алынган [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:102].

Жаш балдар үчүн чыгарылган табышмактар жыйнагында мындайча мисалдар берилет:

Bana imambayıldı, olurum karnıyarık.	*Мени имам жактырды, карныйарык да боломун.*
Turşu bile yaparlar, kimim anlayın artık. (***Patlıcan***)	*Кыш үчүн туздашат да, ким экенимдин таап алгыла*

[www.okuloncesietkinlikleri.com/bilmece-etkinlikleri-35/sebzeler-ile-ilgili-bilmeceler].

Бадам -1. Түштүк жакта өсүүчү мала кызыл түстө гүлдөөчү, жемиш берүүчү өсүмдүк. *Бадам өстүрүү. Жапанга чыккан бадамы, Жайып жатыр Адамы (“Манас”). Бадам да бар, шабдалы бар, мисте бар, бул айтылган бардык жемиш бизде бар (Акаев)*.2. Ушул өсүмдүктүн жаңгак сымалдуу,

сүйрүсүнөн келген мөмөсү. *Базардан, дүкөндөн сатып алынган бадамдар. Балдар бадам жеп жүрүшөт* [КТТС, 168].

Роза гүлдүүлөр тукумундагы дарак же бадал өсүмдүгү. Бадамдын көчөтү 2-3 жылдан кийин жетилип, гүлдөй баштайт. Гүлү ак же кызгылт. Данеги ширин, курамында 54% май кездешет. Бадам кургакчылыкка чыдамдуу келип, какыр адырларда өсөт. Бир түп дарактан 10 килограммдан ашык таттуу данек алууга болот [КСЭ, 1:381]. Кыргызча-орусча сөздүктө иран тилинен кабыл алынган деп берилет. *ир*.миндаль, ***бадам, мисте, жаңагы -май катары ар бири*** *стих*. Миндаль, фисташки, грецкий орех -каждый из них, что масло; ***күлдүү бадам*** *см.күлдүү* деген маанилери катталган [Юдахин, 1:92]. Түрк тилинде ***badem*** (бадам), ***badem ağacı*** (бадамдын дарагы), ***badem içi*** (бадамдын маңызы), ***acı badem*** (ачуу бадам), ***tuzlu badem*** (туздуу бадам же куурулуп туздалган бадам), ***badem şekeri*** (кумшекер аралашкан бадам)деген сөз айкаштары бар [РТС,402]. Бул атоонун эң эски аталыштары түрк тилдеринде колдонгондугун жана Кипр түрктөрүндө ***padem***, түрк тилинин кээ бир диалектилеринде ***bayam***, ал эми адабий тилинде ***badem*** формаларында колдонуларын, ошондой эле башка тилдерге да түрк тилдеринен тарагандыгы жөнүндө Бер жана Скок сыяктуу окумуштуулар айтышкан[Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:62]. Бул боюнча төмөкүдөй ыр саптарынан кездештирүүгө болот:

Fındıkla badem, ceviz,	*Фундук, бадам, жаңгак*
Severek yediğimiz.	*Жакшы көрүп жегенибиз*
Üç arkadaş yemiştir,	*Үч дос жемиштер*
Her tadan özlemiştir.	*Даамын таткан сагынат.*

[www.dersimiz.com/cocuk-siirleri/Meyvelerimiz-Yemislerimiz-Siiri].

Пахта -бул сөз иран тилдеринен келген. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө төмөндөгүдөй эки мааниде берилген:1. Буласынан кездеме жана башка нерселер жасалуучу, уругунан май жана башка нерселер алына турган, ысык жакта өсүүчү бир жылдык техникалык өсүмдүк. Пахта өстүрүлгөн талаа. 2. Ушул өсүмдүктүн буласы. *Күмүш пахта дөбө-дөбө үйүлдү, күлүк дыйкан*

эгинине сүйүндү (Бөкөнбаев). *Элесиң келет көзүмө, ак пахта терген сулуудай* (Маликов) [КТТС, 496]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо: хлопок; (*пахта эгүүчү*райондор)(хлопкосеющие районы). *Пакта катын* или *пахта хатун*название стелюшегося травянистого растения [Юдахин, 2: 108]депберилген. Түрк тилинде ***pamuk*** деп колдонулат [РТС,975]. Ал эми М.Кашкаринин сөздүгүндө ***бамуқ*** –пахта кебез [Кашкари, 2011:661], ***кебез*** (пахта) баш байлады [Кашкари, 2011:519], "*ол кебәз уруғланды*" ал пахтанын уругун алды [Кашкири, 2011:537] деген маанилери катталган. Түрк тилиндеги изилдөөлөрдө фарс тилинин ***pamuk***деген сөзүнөн алынып, түрк тилдерине *памук, мамук* формаларында кабыл алынган деп белгилешет. Мисалы, *Yaraya pamuk koydu (Жарага пахта (мамык) койду). Pamuk iplik/ipliği, pamuk bez (Пахта жиптик да болот, пахта материал да болот). Pamuğun olmadıysa yün ek (Пахтан жок болсо жүн эк)* [Türk Atasözleri Deyimleri ve Bilmeceleri].

Тамеки **-** тартуу же жыттоо үчүн кургатылып, майдаланып, атайын ар кандай жолдор менен иштетилген никотини бар жазы жалбырактуу өсүмдүк жалбырагы. *Зууракан баккан тамеки, текши өсүп көзгө көрүнгөн* (Убукеев). *Тамеки тартчу элеңиз го, аксакал, келиңиз тарталы* (Байтемиров) [КТТС, 2:451]. Мисалы, *тамеки тарт* -курить табак, *тамеки оро* -свернуть папиросу [Юдахин, 2: 200].

Ал эми түрк тилинде ***tütün*** (тамеки, табак), ***tütün ekinleri*** (тамеки көчөттөрү, посевы табака), ***sigara tütünü, sigaralık tütün*** (тамеки түтүнү, сигаретный табак) маанилери бар [РТС, 895]. Түрк тилинин диалектилеринде ***tütün, duman*** варианттарында колдонулуп, ***tüt-*** деген этишке **+ *-in*** мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган өсүмдүк аты [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:72] .Түрк тилинин бардык диалектилеринде бирдей аталышка ээ.

Сулу **-**даны көбүнесе жем үчүн колдонулуучу же опоң жасалуучу дан өсүмдүгү жана ушул өсүмдүктүн даны. *Жемдик арпа, сулу кампаларда толуп турду* (Сасыкбаев) [КТТС, 2: 412].

Дандуулар тукумундагы өсүмдүк түрү, ал бир жылдык жана көп жылдык болуп бөлүнөт. Тарам тамырлуу, кыпча жалбырактуу, шыпыргы гүлдүү, даны

кылкандуу келип жаздык жана күздүк сортко бөлүнөт. Тамыры жерге 120см кирп, машагында 1-3 кээде 2-7 гүлү болот. Нымдуу жерлерде жакшы өсөт. Сулу негизинен тоют өсүмдүгү. Данында 9-19% белок, 21-25% крахмал жана витаминдер кездешет. Саманынан силос даярдалып, малга берилет. Негизги зыянкечтери -кыл курттар, швед чымыны, илдеттери болсо -дат, кара көсөө [КСЭ, 4:458]. Түрк тилинде болсо ***yulaf*** формасында колдонуларына күбө болдук [РТС, 522]. Түрк тилине араб тилинин ***alaf***(жаныбарлар жей турган өсүмдүк) деген сөзүнөн алынган [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:752]. Тыбыштык өзгөрүүлөр менен түрк тилине ***yulaf*** формасында колдонулуп келет.

Зыгыр - 1) Данынан май, сабагынан була алынуучу өсүмдүк. *Кендир өсөт укуруктай керилип, Зыгыр өсөт катарлаша теминип (Токомбаев)*. 2)Ушул өсүмдүктүн даны. *Жык-жык толгон кампасы, жүгөрү, буудай, арпасы, Таруу, конок, зыгыр бар (Үсөнбаев)* [КТТС, 585]. Зыгырлар тукумундагы бир же көп жылдык, же бадал уруусундагы өсүмдүк. Зыгыр була жана урук алуу үчүн эгилме түрү өстүрүлөт. Зыгыр бою 70-125 см келип жалбырагы майда, гүлүнүн учу көгүш кээде ак же кызгылтым. Сабагы 1-3 аралыкта суюк эгилсе, он экиден ашык шар сымал чанак бышат. Шынга зыгыр вегетация мезгили 75-90, май зыгырдыкы 150 күн. Зыгырдан негизинен май, була алынат [КСЭ, 2: 487]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндөлён; *зыгыр майы* -льняное масло деген маанилери катталса [Юдахин, 1:293], түрк тилинде *keten* (зыгыр), ***nevruz otu*** (жапайы зыгыр), ***taş pamuğu, yanmaz taş, amyant***(тоо зыгыры) деген түрлөрү колдонулат [РТС, 366]. Атоо түрк тилине араб, фарс тилидеринин ***katān, kettānā, kitam*** деген сөздөрүнөн алынып, түздөн-түз берген мааниси ***keten, pamuk*** –зыгыр, пахта дегенди билдирет [www.etimolojitürkce.com]

Нокот -кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө диалектилик сөз катары белгиленип, буурчактын бир түрү катары айтылат [КТТС, 2:262]. Кыргызча - орусча сөздүктө бул сөз иран тилинен кабыл алынган, Кыргызстандын түштүгүндө колдонулат деп берилет. ***Нокот*** *-ир.южн. название сорта гороха* [Юдахин, 2:57]. Түрк тилинде бул атоо *nohut*(нокот), *bezelye* (нокот), *taze*

nohut(зелённый горох) формалары бар [РТС, 156].Түрк тилиндеги чыгыш тегине кайрылсак, бул атоо фарс тилинин ***nuxüd/naxōd***деген сөздөрүнөн алынган. Түрк тилинин диалектилеринде кээ бир тыбыштык өзгөрүүлөр менен колдонулуп калган [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:47]. Мисалы: *Nohut oda bakla sofa*[Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 2: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Күн карама **-** Сары гүлдүү, тегерек келген башы күн тарапка багыт алып туруучу, даны кабыкчанын ичинде бышып жетиле турган өсүмдүк. *Толгон айдай күн карама жылмаят, Адатынча күндү карап күндөгү* (Токомбаев) [КТТС, 2:124]. Кыргызча-орусча сөздүктө бул атоонун ***семичке****р, семечки, подсолныха* деген формасы орус тилинен алынган деп берилет [Юдахин, 2:144]. Түрк тилинде *ayçiçeği, günebakan* (күн карама), *ayçiçeği yağı*(күн карама майы), *ayçiçeği tohumu* (семечки) деген мааанилерде колдонулат [РТС, 643].Түрк тилдүү элдердин тилинде колдонулган эң байыркы сөздөрдүн бири. Түрк тилинин диалектилеринде ***çekirdek, şakırda, şekirde*** деген формаларда колдонулат. Дивани лугат ат-түрк сөздүгүндө ***şekirtük*** формасында колдонулары белгиленип, ар түрдүү жемиш жана мөмөнүн уругу (данегине) айтылган дейт [“şekirtük” –her türlü kabuklu yemiş ve meyve çekirdeği; Divan-ı Lugat-it Türk (1070)]. Мындан сырткары бул атоонун ***çekürdek*** деген формасы Китабу-аль Идракта да берилген [Ebu Hayyan, Kitabü-I İdrak (1312)]. Түрк тилинин табышмактар жыйнагында төмөнкүдөй айтылат: *Çıtır çıtır yenir, adına eğlence denir (чытыр, чытыр жейилет, ага көңүл ачуу дейилет)* (*çitlek, çekirdek*)[www.cocuksarkilari.org/meyve-ve-sebze-bilmeceleri-cocuk-sarkisi]

Дарбыз **-**кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө мындайча маанилери берилген:сабактары жерге төшөлүп, чылбыр таштап өсүүчү томолок, ичи кызыл, ширелүү бакча өсүмдүгү. *Биз быйыл 10 гектар жерге коон -дарбыз, помидор жана бадыраң эктик (Каимов). Култай бир танап жерди кетмендеп жалаң гана коон -дарбыз, сабиз, пияз эгип коёт (Абдукаримов). Дарбыз, коон быжырап, жатышат сайдын ташындай (Бөкөнбаев)* [КТТС, 365]. Ал эми энциклопедияда мындайча толук маалымат берилет: ашкабак тукумундагы бир

же көп жылдык өсүмдүк уруусу. Тамыры көп тарамдуу, жерге бир метрден ашык кирип тамырлайт. Сабагы төшөлмө узун болот. Дарбыз тоголок, сүйрү, жалпак формада да кездешет. Түсү мала кызыл, кочкул кызыл, кээде сары түстө болот. Ысык климатка ылайыкташкан, топуракты сүйөт. Дарбыздын салмагы орточо 20кг тегерегинде болот. Курамында кант жана түрдүү витаминдер көп болот [КСЭ, 5:288].

Ал эми түркчө ***karpuz (дарбыз), karpuzi***(дарбыз түсүндө) [РТС,26] деген маанилерин жолуктурууга болот. ***Karpuz*** –грек тилинин ***karpós 'meyve'***(мөмө) деген сөзүнөн өздөштүрүлгөн. Эски грек тилиндеги ***korpoō*** (мөмө же жемиш берүүчү) деген этиш сөзүнөн алынган. Фарс тилинде болсо ***xarbüza*** формасында колдонулуп, бул атоону византия, грек тилдериндеги ***xar-büza*** (eşek hıyarı) (эшек бадыраңы) деген сөзгө байланыштырышат [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:325]. Китабу-аль Идракта да ***karpuz/karbus*** деген формасы кездешет [Ebu Hayyan, Kitabü-l İdrak (1312)]. Эл оозундагы макалдарда мындайча айтылат: *Karpuz kabuğunu görmeden denize girme* (*Дарбыздын кабыгын көрбөй туруп деңизге түшпө)*[Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 1: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Коон -1. Ашкабак түркүмүнө кирүүчү ири мөмөлүү бакча өсүмдүгү. *Бул жерде коон, дарбыз жана ашкабак көп эгилет*. 2. Ушул өсүмдүктүн ширелүү, тоголок же сүйрү келген ири мөмөсү. *Кучагың жеткис чоң болсун, Тордомо коон, дарбызың* (Маликов) [КТТС, 2:16]. Бул өсүмдүк ашкабак тукумундагы бир жылдык өсүмдүк. Сабагы жерге төшөлүп өсүп, жалбырактары чоң. Коон көп уруктуу чоң жана сортуна жараша салмагы 16кг чейин жетет. Ысыкты сүйөт, 25-35 градуста өсөт, кургакчылыкка да чыдамдуу. Коон даамдуу, анда кант, С витамини, каротин, пектин заты жана минерал туздары бар. Коондон мармелад, варенье, повидло, бал даярдалат. Кыргызстанда коондун анделек, босвалды, бухарка, абнават деген сорттору өстүрүлөт [КСЭ,3:367]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө коон -дыня; *коондой болгон байтал* кобылица как налитая (жирная); *коон үзмөй* цепи разрывные (название игры; букв.срывание дыни) деп которулуп берилген [Юдахин, 1:405].

Ал эми түрк тилинде ***kavun*** (коон), ***kelek, ham kavun*** **-** (чийки коон, бышпаган коонмаанисинде колдонулат [РТС, 209]. Бул сөздү түрк тилдеринин ичинен уйгур тилине таандык деп түрк илимпоздору тарабынан айтылат [Uygurca (1000yılından önce)].Уйгур тилинде ***kağuŋ/kabuŋ*** сыяктуу формалары кездешет [www.etimolojitürkce.com]. Ал эми макалдарда төмөнкүдөй мисалды келтирүүгө болот: *Kavun karpuz yata yata büyür (коон, дарбыз жатып-жатып чоңоёт)* [Türk atasözleri deyimleri ve bilmeceleri, 139 (Yazgan, M.)].

Помидор **-**кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө тоголок, кызыл мөмөсү желе турган жашылча өсүмдүгү жана анын мөмөсү деген маанисинде берилген[КТТС, 2:345].

Ал эми энциклопедияда мындайча толук маалымат берилет: өсүмдүктөрдүн эки үлүштүү классындагы тукуму. Кээде чөп, кээде бадал ал эми тропикте анчалык чоң эмес бадал түрүндө. Жалбырактары кезексиз жайгашып, жан жалбыраксыз. Эки жыныстуу, гүлү жалгыздап, же топ гүлгө чогулган. Гүл чөйчөкчөсү беш айчыктуу же беш бөлүктүү. Мөмөсү жемиш же кутуча, кээде данектүү. Помидордун түрлөрү өтө көп. Кыргызстанда 29 түрү кездешет. Помидор тамакка, томат, соус, түрдүү кыямдарга колдонулат [КСЭ, 5:42]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө орус тилинде кандай болсо, кыргыз тилинде да дал ошондой ***помидор*** *-помидор* формасында колдонулганы берилген [Юдахин, 2:111]. Түрк тилинде болсо помидор –***domates***(помидор), ***domatesli*** (помидорлуу) деген формаларда кездешет [РТС, 659]. Түрк тилиндеги аталышынын этимологиялык чечмелениши мындайча чечмеленет: бул атоо грек тилинин ***tomates/tomáteç*** сөзүнөн алынган деп берилет [www.etimolojitürkce.com]. Ал эми алгачкы адабияттарда '***Frenk patlıcanı***' деген формасын да көрүүгө болот [Ahmet Vefik Paşa, Lugat-ı Osmani (1876)]. Ал эми табышмактарда мындайча берилет: *Yol üstünde kırmızı bahçe (жол боюнда кызыл бак)* (***domates***) [www.okuloncesietkinlikleri.com/bilmece-etkinlikleri-35/sebzeler-ile-ilgili-bilmeceler].

Пияз **-**түбү тоголок, ичи көңдөй көк сабагы бар, көбүнчө тамак-ашка кошула турган бакча өсүмдүгү. *Пияздары катар, Сабиздери бир*

катар(Осмонов) [КТТС, 2:342]. Бул өсүмдүк лилиялар тукумундагы эки же көп жылдык чөп өсүмдүктөрдүн уруусу. Жалбырагы ширелүү көңдөй түтүкчө кырдуу тасма сымал. Топ гүлдүү, гүлү майда ак кызгылт, сары жашыл эки жыныстуу, кайчылаш чаңдашат. Мөмөсү үч кырдуу чанак кара, кабыгы катуу. Баш пияз түрү тамак-ашка кеңири колдонулат. Сортуна жараша тоголок, сүйрү келип, саргыч, кызгылт кабык менен капталат. Пиязда кант, витамин, эфир майы, каротин ж.б. кездешет. Дары-дармекке да кеңири колдонулат. Жумшак, нымдуу топуракта өстүрүлөт. Зыянкечтери -пиязчы чымын, пияз күбөсү, тамеки трипси ж.б. сорттору: батун, кыштык түтүк, порей, шалот, сарымсак шнитт [КСЭ,5:7]. Пияз иран тилинен алынган деп, лук (растение); луковица; ***эки баш пияз*** две луковицы; ***кылыч пияз*** *тяньш. род съедобного луковичного растения*; ***пияз аарчыгандай*** как липку (*букв. как очищенный лук*); ***таза аарчыган пияздай тукумун үзүп салайын*** *фольк.* Я изведу его род как догола очищенную луковицу сыяктуу маанилери кыргызча-орусча сөздүктө берилген [Юдахин, 2:111]. Түрк тилинде болсо ***soğan*** (лук), ***yeşil soğan*** (зеленный лук), ***kuru soğan*** (репчатый лук), ***soğanlı*** (приправленный луком)деген маанилери бар [РТС,377]. Ал эми түркий тилдер сөздүгүндө ***сууғун-сооғун*** формаларын кезиктирдик [Кашкари, 2011:713]. Башкача айтканда, пияздын эски аталышы түрк тилинде сакталып калган дешке болот.

Түрк этимологдору да бул атоонун эң алгачкы булагы катары Махмуд Кашкаринин сөздүгүнө таянышып, ***sogan/sogun*** формалары берилген жана бүгүнкү күндө да түрк тилинде ошол формасын сактагандыгын айтышат [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)]. Ал эми кээ бир түрк илимпоздору бул атоо санскрит тилинин ***sukanda***(***su*** –жакшы, баалуу, ***kanda*** –көк тоголок) деген сөзүнөн алынган деп белгилешет [www.etimolojitürkce.com]. Мисалы*: Sarımsak içli dışlı, soğan yalnız başlı*(*Сарымсак ичтүү, кабыктуу, пияз жалгыз баштуу)*[Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 1: Atasözleri Sözlüğü, 343, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Сабиз **-** чатыр гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бир, эки жана чанда көп жылдык түрлөрү кездешет. Жалбырагы тарамдуу, канат сымал. Эгилме

сабиз катуу тамырлуу эки жылдык өсүмдүк, гүлү тамырлуу. Сабиз аш сабиз жана тоют сабиз болуп бөлүнөт. Аш сабиз кызыл, сары, саргыч түстө болот. Курамында 88% суу, калганы азоттуу заттар, май, углевод, өзгөчө каротин көп кездешет. Сорттору нант, шантенэ, сары мирзон, мшак ж.б. Зыянкечтери: сабизчи чымын, күбө, боз шалбаа көпөлөгү ж.б. [КСЭ, 5:216]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө иран тилинен алынган сөз дегени туура болушу ыктымал [Юдахин, 2:120].

Түрк тилинде ***havuç*** деп берилет [РТС, 411]. Ал эми М.Кашкаринин сөздүгүндө ***сарыг түрмее*** (сабиз), *Аргу элдери -муну* ***кезры*** *деп аташат* [Кашкари, 2011:747] деген маанилери берилген. Түрк тилиндеги этимологиясы фарс тилинин ***havıc*** деген сөзүнө барып таянат. Ал эми бул атоонун адабият булактарындагы алгачкы кездешкен жери Мүнтехаб-ы Шифа китеби болуп эсептелет. *Yer altında turunçu minare… (жер астында сары мунара)* ***(Havuç)***[www.okuloncesietkinlikleri.com/bilmece-etkinlikleri-35/sebzeler-ile-ilgili-bilmeceler], [Hızır Paşa, Müntehab-ı Şifa (1410 yılından önce)].

Түрп - К.К.Юдахиндин сөздүгүндө бул атоо Кыргызстандын түштүгүндө колдонулат же эгилет деп белгилеген [Юдахин, 2:285]. Азыркы мезгилде Кыргызстандын түндүгүндө да өздөштүрүлгөн. Түрк тилинде бул атоо ***turp, beyaz turp*** деп колдонулат [РТС, 787]. Түрк тилинин адабий тилинде да, диалектилеринде да ***turp, turma*** формаларында колдонулат [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:419]*: Turp gibi sağlam olmak (түрптөй катуу болуу (өтмө маниде))*[Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 2: Atasözleri Sözlüğü, 912, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981]

Кызылча//кант кызылчасы -жашылча, тоют катары колдонулуучу же кант чыгаруу максатында иштетилүүчү өсүмдүктүн кызыл, ак түстөгү тамыры бар техникалык өсүмдүк: *Кызылчаны көп алып, Эмгегиң менен шаттандың* (Үмөталиев) [КТТС, 2:145].

Кант кызылчасы Кыргызстанда 1925-жылдан бери техникалык өсүмдүк катары Чүй жана Талас өрөөнүндө кеңири өстүрүлөт [КСЭ, 3:123]. ***Кызылча*** -

свёкла; ***кант кызылчасы*** сахарная свёкла; ***кызылчачы*** -свекловод деген котормолору кыргызча-орусча сөздүктө берилген (Юдахин, 1:478).

Бүгүнкү күндө түрк тилинде ***pancar*** (кызылча), ***yemlik pancar*** (тоют кызылчасы), ***şeker pancarı*** (кант кызылчасы)деген формалары колдонулат [РТС, 812]. Түрк тилинин диалектилеринде ***mancar, pencer, pancar, pazı, ebegümeci*** сыяктуу варианттарда кездешет, бирок, алардын ичинен эң көп колдонулганы ***pancar*** болуп эсептелет [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:353]. Мисалы: *Pancar gibi olmak, Pancar kesilmek (кызылчадай болуу, кызылчадай кызаруу)* [Örnekleriyle Büyük Deyimler Sözlüğü, 903, C.M. E. Saraçbaşı, İstanbul, Yapı Kredi Yayınları, 2010].

Шалгам -кайчылаш гүлдүүлөр тукумундагы жашылча өсүмдүгү. Бир же эки жылдык болуп, эгилген жылы тамыр байлайт. Тамыры майда тоголок сүйрү, кызгылт көгүш түстө болот. Суукка чыдамдуу келет, бай кумдан топуракта жакшы өсөт. Экинчи жылы эле гүлдөп, уругу чыгат. Шалгам тамак - ашка кеңири пайдаланылат. Кыргызстанда шалгамдын ак вировский, дунган сорттору өстүрүлөт [КСЭ, 6:440]. Түрк тилинде болсо ***şalgam*** (шалгам) деп аталат [РТС,790]. Демек, эки тилде да бирдей колдонулат. Сөздүн этимологиялык башаты фарс тилинин ***turb*** сөзүнө таянат. Өсүмдүктүн дарылык касиети жөнүндөгү маалымат Китаб-ы Идракта берилген [Ebu Hayyan, Kitabü–l İdrak (1312)]. Элдик макалдардан мындай мисалдарды келтирүүгө болот: *Anası turp, babası şalgam (энеси түрп, атасы шалгам)* [Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 2: 4723.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Карагат - 1. Кычкыл же кычкылыраак таттуу даамы бар мөмө берүүчү бадал өсүмдүгү. *Кызыл карагат. Кара карагат*. 2. Ушул бадалдын кара, кызыл түстөгү майда, тоголок жемиши. *Бул жолду эчен жолу басып, шактарга асылып, карагат терип жеген элем* (“Жаш ленинчи”) [КТТС, 708]. ***Карагат*** - *общееназвание некоторых диких ягод*; ***чыны карагат*** или ***карагат*** чёрная смородина; **карагат көз** *перен*. глаза как смородина; чёрные глаза; черно глазая; ***кызыл карагат*** красная смородина; ***бөрү карагат*** барбарис; ***катын карагат*** *сев*. название несъедобной дикой ягоды; *элди карагаттай сыгып*

выжимая из народа все соки, безжалостноэксплуатируя народ деген маанилери жана түрлөрү кыргызча-орусча сөздүктө берилген [Юдахин, 1:347].

Түрк тилинде ***frenk üzümü, siyah frenk üzümü*** деген түрлөрү бар [РТС,847]. Түрк тилиндеги аталыштарынын этимологиясына кайрылсак, сөз эки тутумдан турат. Сөздүн биринчи тутуму ***frenk-*** бул батыш элдеринен деген маанини туюндурса, экинчи тутуму ***üzüm***–түрк тилдеринин сөзү. Берген мааниси ***батыштын жүзүмү, батыштан келген жүзүм*** дегенди билдирип калат. Түрк тилинин диалектилеринде ***siyah frenk üzümü, kırmızı frenk üzümü*** деген варианттары колдонулат [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:353]. Ырларда төмөнкүдөй берилет: ***Frenk Üzümü***

Salkım durumundayım	*Шурудай тизилемин*
Tanelerim yuvarlak	*Дандарым тегерек*
Renklerim siyah, beyaz,	*Түстөрүм кара, ак*
Kırmızımsı ve parlak	*Кызымтыл жана жалтырак*

[www.materyaller.com/egiticisiirler/Ahududu-siirini-oku].

Кулпунай (кулубника) - роза гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. Бийиктиги 30-35 см келип, жалбырагы чоң, үч ача, гүлү ак, мөмөсү майда кызгылтым көк, сулпу ак, ширелүү, жыпар -жыттуу. Кулпунай кышка чыдамдуу, көлөкөлүү жерде жакшы өсөт. Мөмөсү жаңы кезинде жемиш жана варенье үчүн пайдаланылат. Белгилүү сорттору шпанка, милан ж.б. [КСЭ, 3:487]. Кыргызча-орусча сөздүктө бул атоонун орус тилинин клубника деген сөзүнөн кабыл алынып, Кыргызстандын түштүгүндө колдонулары белгиленет [Юдахин, 1:443]. Ал эми түрк тилинде бул сөз ***çilek, frenk çileği*** деп аталат [РТС, 326]. Бирок эски түрк тилиндеги адабияттардан карасак, бул атоонун ***çilek, çiyälök, çigelek*** деген формаларын кездештирүүгө болот [Filippo Argenti, Regalo del Parlare Turco (1533)]. Ырларда бул атоо төмөнкүдөй учурайт:

Çilek, vişne, portakal	*Клубника, килас, апельсин,*
Çeşit çeşit elmalar	*Түрдүү, түрдүү алмалар,*
İncir dersen, içi bal	*Анжир десең, ичи бал*
Yurdumuzda yetişir	*Өлкөбүздө жетишет.*

[www.kanalahaber.com/haber/yasam/yerli-mali-haftasi-siirleri-2017]

Кожогат -1.Кулпунай сыяктуу жапайы жер жемиш өсүмдүгү. *Кожогат менен карагат, Бүлдүркөнү дагы бар* (Токтогул). *Ушул беттерге келген адам кожогат менен бүлдүркөндөн аяк басарга чолоо жер таппайт* (Сыдыкбеков). 2. Ушул өсүмдүктүн даамы кычкыл ширин келген мөмөсү. *Кожогат теруу* [КТТС, 783]. К.К.Юдахин бул атоонун мындайча котормолорун берген: ***кожогат*** костяника; земляника; кожогат **менен карагат, бүлдүркөнү дагы бар** *фольк.* земляника и смородина, ежевика тоже есть [Юдахин, 1:392].

Түрк тилинде бул жемиш ***çilek*** (земляника, садовая земляника), ***dağ çileği*** (лесная земляника), ***frenk çileği*** (крупная земляника), ***çilek reçeli*** (земляничное варенье)сыяктуу маанилерде колдонулат [РТС,274]. Түрк тилинде жана диалектилеринде ***dağ çileği, frenk çileği*** деген аталышта кездешип, тоолордо өз алдынча өсүп жетишкен өсүмдүк аталат. Атоо эки сөздөн туруп, биринчи тутумундагы сөз араб тилинин ***frank*** –батыштан(Европадан) деген маанини билдирсе, экинчи тутумундагы сөз түрк тилинин ***çigelek, çige*** –мөмөнүн эттүү, суулу жерден же жүзүм деген маанини туюндуруп калат. Түздөн-түз которулуп, мааниси батыштан келген жапайы жүзүм дегенди билдирет [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:535].

Жер жаңгак - буурчак сымалдуулар тукумундагы бир же көп жылдык чөп уруусу. Эгилме түрү бир жылдык, боюнун бийиктиги 25 сантиметрден 75 сантимертге чейин жетет. Тик же чырмалып өсүп, гүлү сары же саргыч, чанагында бирден жетиге чейин кызыл, кара күрөң, күрөң кабыктуу данеги бар. Данегинде 42% май, 12% углевод, 22% белок кездешет. Жер жаңгактын уругунда консерва маргарин, самынга кошулуучу май кездешет. Негизги сорттору -перзуван, закатал, краснодар ж.б. [КСЭ, 2:446]. Кыргыз тилинин сөздүктөрүндө берилбеген, бирок элдин оозунда кенен тараган бул аталыш түрк тилинде ***yer fıstığı*** деген аталыш менен колдонулат [РТС,545].Кодекс Куманикуста түрк тилине араб тилинин ***fustuk*** деген сөзүнөн алынгандыгы айтылат. Ал эми Кодекс Куманикуста ***pistak*** формасы берилген [Codex Cumanicus (1300)]. Ал эми түрк илимпоздору ***fıstık*** сөзүнүн грек тилинин

pistakion деген сөзүнөн алынгандыгын белгилешет. Сөз эки тутумдан турат, биринчиси жер, экинчиси жаңгак. Эки сөздүн мааниси биригип кабыл алынган деген ойго таянышат [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:537].

Калемпир - 1. Түрүнө жараша кызыл, көк мөмөсү бар, даамы таттуу же ачуу, тамакка кошуу үчүн өстүрүлүүчү жашылча өсүмдүгү: *Бирөөндө помидор болсо, дагы бирөөндө калемпир дегендей, бардыгы бар* (Таштемиров). 2. Тамакка кошуу үчүн ушул өсүмдүктүн кызыл мөмөсүнөн жасалган порошок: *Ашпозчунун шааниси, Калемпир менен мурч жакшы* (Токтогул) [КТТС, 1:671]. Өсүмдүктөрдүн калемпир тукумундагы уруусу. Жармашып өскөн бадал же анчалык чоң эмес дарак же чөп түрүндө болот. Гүлү майда, бир жыныстуу. Анын чийки мөмөсүнөн калемпир, мурч, бышкан мөмөсүнөн ак мурч алынат. Тамакка татымал келип, дары катары да пайдаланса болот [КСЭ, 3:91]. К.К.Юдахин сөздүгүндө бул атоону грек тилинен тажик же өзбек тилдери аркылуу кирген деп көрсөтөт: ***калемпир*** -красный перец; ***калемпир ачуу -туз болбойт*** *погов. перец едок, но он не соль* [Юдахин, 1:331].

Түрк тилинде болсо мындай берилген: калемпир ***biber***, мурч ***kara biber*** [РТС, 613].Грек тилинде ***piperi*** деп колдонулган бул атоо Түштүк Азиядан барган өсүмдүккө берилген атоо [www.etimolojiturkce.com]. Латын тилинде ***piper*** деп колдонулат. “Мухтехаб-и шифа” китебинде ***büber*** деген формасы берилген [Celalüddin Hızır Paşa, Müntehab –ı Şifa (1410 yılından önce)]. Табышмактарда бул атоонун колдонулушу төмөнкүдөй:

Ektim beyaz, bitti yeşil.	*Эктим ак, өстү жашыл.*
Sonra oldu kırmızı meşin.	*Кийин болду кыпкызыл булгаары*

(Biber)

[www.okuloncesietkinlikleri.com/bilmece-etkinlikleri-35/sebzeler-ile-ilgili-bilmeceler]

Балгар калемпири (болгарский перец) -паслёндор тукумундагы өсүмдүк уруусу. Көп жылдык чала бадал, бир жылдык жашылча түрүндө эгилет. Бийиктиги 30-130 см, жалбырагы жөнөкөй, гүлү чоң ак же көгүш түстө болот. Мөмөсү көңдөй 2-4 кырдуу көп уруктуу жемиш, салмагы ар түрдүү. Калемпир

нымдуу, жылуу жерлерде жакшы өсөт. Мөмөсүнүн ачуулугу алкалоиддин санына жараша болот. Мөмөсү тамак-ашка пайдаланылат. Консерва, чык, маринад, калемпир маңызы ж.б. даярдалат. Медицинада кызыл жүгүрүк, безгек ооруларына дары даярдалат. Уругу парниктерде, теплицаларда өстүрүлөт. Зыянкечтери карадрин, пахтачы көпөлөгү, немотод [КСЭ, 3:92]. Сөздүктөрдөн орун албаган бул атоо кыргыз тилинде ***балгар калемпир***и деген ат менен белгилүү. Түрк тилинде ***tatlı biber***, ***dolmalık biber*** болуп кездешет. Эки сөздөн турган бул атоонун биринчиси ***tatlı***, ***dolmalık*** деген сөздөртүрк тилинин сөзү болуп, калемпирдин таттуусуна жана тамак жасаганга ыңгайлуусуна айтылган, экинчи тутуму грек тилинде ***piperi*** деп колдонулган бул атоо Түштүк Азиядан барган өсүмдүккө берилген атоо. Латын тилинде ***piper*** деп колдонулат[www.etimolojiturkce.com]. Ырлардан мисал келтирсек:

Al, yeşil renklim var,	*Кызыл, жашыл түсүм бар,*
Acım ve tatlım var,	*Шириним бар, ачуум бар,*
Yemek, dolma olurum,	*Тамак, долма боломун,*
Salataya konurum. (Biber)	*Салаттарга кошулам*

[www.okuloncesietkinlikleri.com/bilmece-etkinlikleri-35/sebzeler-ile-ilgili-bilmeceler]

Картошка - түбүндөгү түйүлдүгү азык катары колдонулуучу жашылча өсүмдүгү. Ушул өсүмдүктүн тамакка жумшалуучу түшүмү. *Айым апа картошка аарчый кетти* (“Жаш ленинчи”). *Теше-теше картошка айдап, чарбасы ирденет* (Сыдыкбеков) [КТТС, 719]. Кыргыз тилинин жөнөкөй кебинде картөшкө деген формасында да айтылат. *Эки орто огород, андан аркысы картөшкө талаасы* (Сыдыкбеков).

Ит жүзүм тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. Картошка уругунан эгилип, түптөнүп өсүп, бир нече сабак байлайт. Бийиктиги 50-80 см болуп, сабагы жашыл же кара көк түстө[КСЭ, 3:188]. Кыргызча-орусча сөздүктө орус тилинен кабыл алынган деп, ***картөшкө*** формасында колдонуларын белгилеп, мындайча берилген: ***картөшкө*** картошка; *картөшкөсү камырдай, бышырса -буудай нанындайстих*. картошка (там) как тесто: если сварить, то она подобна

пшеничному хлебу; *аскер иши сен экөөбүз ысык картөшкө жегендей эмес*военное дело -это не то, что нам с тобой горячую картошку есть; *эсимде мен бала чак: орус келди, картөшкө таң калтырды турган элдистих.* помню, я был ребёнком: пришли русские, картошка удивила народ; *картөшкө гүл* георгин; *картөшкөчү* человек занимающийся разведением картофеля [Юдахин, 1:354].

Түрк тилинде болсо ***Patates*** (картошка), ***bir tane patates*** (катофелина) деген маанилери колдонулат [PTC,318]. Кыргыз тилине орус тилинин таасири болсо, түрк тилине англис тилинин таасири тийген деген ойдобуз. Бирок, сөздүн төркүнү грек тилине барат. Себеби, түрк тилине грек тилинин ***patates*** сөзүнөн алынгандыгы белгиленет [www.etimolojiturkce.com]. Эң алгачкы адабияттарда ***patata*** формасы берилет [Ahmet Vefik Paşa, Lugat-ı Osmani (1876)]. Ал эми жаш муундар үчүн чыгарылган табышмактарда мындайча берилет:

Yer altında sarı top (Жер астында сары топ). (Patates)

Yer altında civcivli tavuk (Жер астында жөжөлүү тоок). (Patates)

[www.okuloncesietkinlikleri.com/bilmece-etkinlikleri-35/sebzeler-ile-ilgili-bilmeceler].

Жыйынтыгында аталган семантикалык топто иштелген сөздөрдүн көпчүлүгү эки тилде тең башка тилден кирген сөздөр арбын кездешет.

2.4. Дыйканчылыкка байланыштуу өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүнүн аталыштары

Дээрлик бардык эле эгиндер убагы келгенде жетилип, андан жалбырак, гүл чыгарардан мурда ***бүртүк*** байлайт**.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө жана кыргыз адабий тилинде *бүрчүк, бүчүр, бүр* деген варианттары да кездешет. *Бүрчүк байлап бүр ачты, кыркылган токой далай чер* (Кыргызстандын эл акындары) [КТТС: 130]. Ал эми К.К.Юдахиндин сөздүгүндө: *бүртүк* коночек; зерно; *бир бүртүк буудай* одно зерно пшеницы; *бир нече бүртүк жаш* несколько слезинок. *Бүр-* молодые листочки; *бүр байла-* покрыватся молодой листвой; *ак тикен чыгат бүр байлап, айылда жүрдүк бир*

жайлап. фольк. Кузиния сходит, покрываясь листочками, в одном ауле (с ней) мы вместе летовали. *Бүрчүк***.** *Бүрчүгүнө да тең келбейт. Он ему в подметки не годится* [Юдахин, 1: 168-169] деп берилген. Ал эми түрк тилинде болсо *1. Tane; tohum - bir buğday tanesi; kenevir tohumu; kahve çekirdekleri; 2. Tahıl; hububat; 3. Çekirdek; nüve; zerre* деген маанилерде колдонулат.

Түрк тилине бул атоо фарс тилинин ***tuxm, tohm*** сөздөрүнөн алынып, бир кишинин тукумун улантуу же ошол кишинин династиясы дегенди билдирет. Эски фарсчада ***tauma*** деген варианты да кездешет, ал үй-бүлө, уруу дегенди билдирген [www.etimolojitürkce.com]. Түрк тилиндеги айырмасы катары ар бир өсүмдүктүн бүрүн ар кандай аталышта экени байкалды. Мисалы, күн караманын бүртүгүн *nüve; zerre,* кофенин бүртүгүн *kahve çekirdekleri,* буудайга болсо *tane; tohum* аталыштары колдонулат. Бүртүк байлоо алма, алча, өрүк, кайналы, жаңгак, пахта, тамеки ж.б. маданий жана жапайы дарактарда да кездешет. Ушул эле аталышка уйкаш өсүмдүктөрдүн ***уругу/үрөнү*** колдонулат. Эгиндерди көбүнчө *уругунан/үрөнүнөн* өстүрүшөт. Мисалы, буудай, арпа, таруу, пахта сыяктуу өсүмдүктөр уругунан көбөйөт жана түшүм берет. Бул атоо М.Кашкаринин сөздүгүндө ***евин*** -үрөн, урук формасында берилген [Кашкари 2011:173]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө *урук* -семена; *жүгөрүнүн гибриддик уруктары* -гибридные семена кукурузы деген маанилери берилген [Юдахин, 2: 308]. Түрк тилинде *yumurtalık, tohumluk, damızlık, tohum* маанилери колдонулат [РТС, 824]. Жогоруда айтылган ***tohum*** сөзүнө сын атоочтун ***–lık*** мүчөсү жалганып, ***tohumluk*** сөзү жасалды. Берген мааниси болсо, бир урууну же затты улантуу дегенди билдирет [www.etimolojitürkce.com]

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө ***гүл*** деген сөздүн төмөндөгүдөй эки мааниде берилгени бар: 1. Уруктоо, мөмө байлоо, чаңдашуу процесстери жүрүүгө ыңгайлашкан ар кандай түстөгү желекчелерден, аларды бириктирген чөйчөкчөдөн ж.б. турган өсүмдүктүн өрчүү органы. *Гүлдөн бал тарткан аарылар*. 2. ушундай өрчүү органы болгон өсүмдүк. *Гүл өстүрүү. Шылтоо кылып, чоочубасын дегенсип, жакаңдагы кызыл гүлдөн жыттадым.* Мидин [КТТС, 143]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо, төмөндөгүдөй кыскача

котормосу берилген: *гүл, күл.* 1. цветок. *Гүл кайыр* то же что, гүлкайыр [Юдахин, 1: 178]. Ал эми түрк тилиндеги мааниси төмөндөгүдөй: *çiçek(ği); çiçek buketi; çiçek sapı, pedünkül; çiçek tablası, reseptakl*. Биздин иликтөөбүзгө эң жакын мааниси *çiçek(ği); çiçek sapı, pedünkül* деген ойдобуз. Башкача айтканда, өсүмдүктүн гүлү экендигин туюндурган маанилер ушундайча берилген [РТС, 983]. ***Çiçek*** –сөзү түрк тилинин төл сөзү, эски түрк тилиндеги адабияттарда да бир эле мааниде колдонулган. Ал эми ага синоним катары колдонулган ***pedükül*** сөзү латын тилинин ***peduncle*** деген сөзүнөн алынган. Мааниси боюнча бир нерсенин, заттын, органдын жардамчы бөлүгү же белгилүү бир жерге тутумдашышы дегенди билдирет [www.etimolojitürkce.com].

Өсүмдүктүн тулку бою ***өзөк*** деп аталат**.** Түшүндүрмө сөздүктө үч мааниси берилген:

1. Өсүмдүктөрдүн сабагынын же тамырынын ортосундагы узатасынан кеткен көбүнчө жумшагыраак келген борбордук бөлүгү.

2. Өсүмдүктөрдүн жалбырак, гүл жана мөмө алуучу негизги бөлүгү, сабагы. *Өзөгү бал, өзү кант, чөбү сонун Суусамыр* (Барпы).

3. Кандайдыр бир нерсенин ортосуна салынган нерсе же ортодогу бөлүгү[КТТС, 478].

К.К.Юдахиндин сөздүгүндө да төмөнкүдөй үч түрдө которулганын кездештирдик. *Өзөк* 1. Сердцевина стержень нутро, 2. Стебель; *өзөк байла* - пустить стебель. 3. Стержень плети, нагайки [Юдахин, 2: 89, 101]. Түрк тилинде *öz, iç (cevizin içi), göbek (karpuzun göbeği), sap (sapı)* маанилеринде колдонулат. ***Göbek*** сөзү эски түрк тилине тийиштүү болуп, бир заттын ичи, өзөгү дегенди билдирет [www.etimolojitürkce.com].

Өсүмдүктөр жерден жаңыдан чыкканда башкача болгон эки жалбырак менен чыгып, ошол эки жалбырактын ортосунан өзгөчө болгон жалбырагы чыгып, ал ***таажы*** деп аталат**.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө бул сөздү төмөндөгүдөй чечмеленип берилген: 1. Монархиялык бийликтин белгиси катарында падышалар, хандар кийүүчү кымбат баалуу, кооздолгон баш кийим. *Арстан Манас чалкайып, башында таажы калкайып* (Манас). *Таажы башта*

жаркырап, отурду Абыл тагында (Жантөшөв) [КТТС, 563]. Бул сөз К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо бул атоо төмөндөгүдөй берилген: *Таажы* корона, *алтын таажы* золотая корона**.** *Короздун таажысы* петушиный гребень; *таажы короз гүл* или *таажы гүл южн.*петушиные гребешки (цветы) [Юдахин, 2: 185]. Өсүмдүктөрдүн т*аажысы* хандардын, айрым дин төбөлдөрүнүн баш кийимине, короздордун таажысына окшош болгондугу үчүн ага ошондой наам берилип калса керек деген ойдобуз. Жаңгак өсүмдүгүндө ***таажы*** бир аз башкачараак. Башка дарактардан дээрлик бир ай өткөндө гүл ордуна тажы байлап, ал жашыл түстө курт өңдөнгөн узун формада кездешет да, мөмө болбогондору соолуп түшүп калат. Башкача айтканда, таажыдан мөмө байлоо башталат.

Түрк тилинде *taç (tacı), çar tacı, hükümdarlık, güneş tacı, taçlanma, taç giyme, taç giydirme, tetviç* деген маанилери катталган [РТС: 343]. Араб, фарс тилдеринин ***tāc***–өкүмдардын, хандын баш кийими, ***tağ - kemer, çember, taç*** (башка кийилүүчү жасалгаланган кур, боо, таажы) деген сөздөрүнөн алынган [www.etimolojitürkce.com]. Эң алгачкы маалымат “Кут алчу билимде” берилет. Мисалы: *Ay milletka tac ay şeri atka din* [Kutadgu Bilig (1070)].

Өсүмдүктөрдүнжерден азыктандырган бөлүгү анын ***тамыры.*** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө катталган:1. Өсүмдүктөрдүн жерге орунтукталып турушун, суу же башка азык заттарын өзүнө тартып, азыктанып туруусун камсыз кылуучу жер астындагы бөлүгү деп берилген. Мисалы: *Жаа, жаа, жамгырым, жамгырым, Жумшарт эгин тамырын* (Осмонов).

Бактын ***тамыры.*** Тамырын жаюу - өсүү, өркүндөө, жайылуу, таралуу. [КТТС, 575]. *Тамырын жаюу* сөзүнүн бир мааниси бул ***чайлоо***. ***Чайлоо*** сөзүнүн маанисине токтолсок эгиндерди, бедени, тамекини сугарганда тамырынан көбөйүп же дагы башка бутак чыгарат, же тамырынан көбөйөт деген мааниде.К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо бул мындайча берилген: ***Тамыр*** 1. Корень; ***тамыр жай***-пустить корни; *тамыры менен суур*- вырвать, вытащить с корнем (растение); ***тамырын кырк***- дорубить корень; уничтожить с корнем [Юдахин, 2: 201]. Түрк тилиндеги ***kök (kökü), kök salmak, kökleşmek,***

kökü tutmak, kök atmak, kaynak(ğı), esas, asıl, köken, menşe деген маанилеринин арасынан биздин иликтөөгө эң жакын мааниси *kök (kökü)* деп ойлойбуз. ***Kök*** – сөзү эски түрк тилинен бери колдонулуп, өсүмдүктүн тамыры, башаты дегенди билдирет [www.etimolojitürkce.com]. Бул атоого синоним катары колдонулган ***damar*** сөзү *damla+mır- damla* (тамуу) жана сөз жасоочу *–mır* мүчөсүнөн жасалган [www.etimolojitürkce.com]. Эң алгачкы булак катары эсептелген М.Кашкаринин сөздүгүнөн көрсөтө алабыз. Анда *tamır/tamur* формалары кездешет [Divan-ı Lugat - it Türk (1070)].

Өсүмдүктөрдүн негизги бөлүктөрүнүн бири ***бутак***. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө мындайча берилет: 1. Өсүмдүктөрдүн шагы өзөгүнө жабыша чыккан тарамдары. *Алма бутактары. Бутагы көп тал* [КТТС, 337]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо: ***бутак***1. ветвь, ветка; *бутак-сутак* ветки-прутья; 2. Ответвление - деп кездешет [Юдахин, 1: 163]. Бул сөз түрк тилинде *dal, budak, kol, salkım* деген түрүндө колдонулат. Бул жерде *dal, budak* деген маанилери түздөн-түз өсүмдүктүн бутагы деген мааниде колдонулса, *kol, salkım* маанилери дарактардын, сойлоп өскөн өсүмдүктөрдүн бутагы дегенди билдирет.

Ал эми тамеки өстүрүүдө тамеки жалбырагын жипке тизүү үчүн чогулткан ишти (эмгек процессин) да *бутак/бутоо* деп коюшат. Анткени, тамекини эң түбүнөн баштап жалбырактын бышканына карай 4-5 жалбыракты бутап отуруп, 3-4 жолу бутаганда башына чейин жетишкен. Бул сөз бир да өсүмдүктө колдонулбай, тамекиде гана колдонулганын байкадык.

Түрк тилиндеги ***budak*** сөзү түрк тилдеринин сөзү, ал ***tāl*** сөзү менен үндөшөт. Эски түрк тилиндеги булактарда ***tāl*** сөзү ***tā*** (ayrılmak, dallanmak) уңгусуна ***–ıl*** мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган деп берилет[www.etimolojitürkce.com]. Ал эми ***budak*** сөзү да ***but*** (kalın dal, tomruk) сөзүнө ***-ak*** мүчөсүнүн уланышы менен жасалган. Уйгур тилиндеги булактарда ***butık*** (*ağaç dalı* –дарактын бутагы) [Uygurca (1000) yıldan önce], Түрк тилдер сөздүгүндө *butık/butak* формалары колдонулган [Divan-ı Lugat -it Türk (1070)].

Өсүмдүктөрдүн бутагынан кичинекей кийинки башка аталышы ***шак.*** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *шак* деген сөз *бутак* деген сөз менен бирдей каралган: *Бактын бутагы* [КТТС, 723]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө: ***Шак*** 1. Ветвь, ветка:*Чырпыктан жаа, ок кылып, чымчыкты аттың шактардан* (*фольк.*). Сделав из веток лук и стрелы ты сбивал пташек с ветвой; *бак-шак* или *карагай-шак* деревья; *кыштак ортосундагы мейкинге бак-шак тиккен* на свободном месте насередине кишлака он посадил деревья; *бак-шакта болом* я буду в саду; *кара шак* южн. ветви, оголенные от плодов; 2. *шак арык* мелкие оросительные каналы, по которым вода праводится непосредственно на посевы; *шак сал-* или *шак тарт-* проводить оросительные каналы по посевам - деп берет [Юдахин, 2: 397]. Өсүмдүктөрдүн бутагынын башкача аталышы ***шак***. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө ***шак*** деген сөз бутак деген сөз менен бирдей каралган. Өзбек тилинин диалектилеринде ***шәк -ным, шүүдүрүм*** маанисинде, адатта суук түшө баштаганда күн тийгенге чейинки чөптөр арасындагы нымдуулукту түшүнсө болот. Дагы бир маанисинде кой, эчкинин мүйүзүн ***шак*** деп атаган варианты кездешет. Бул атоонун синоними катары түрк тилинде *dal, budak, kol, salkım* формалары колдонулат. ***Dal*** сөзү эски түрк тилиндеги булактарда ***tāl*** сөзү ***tā*** (ayrılmak, dallanmak) уңгусуна ***-ıl*** мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган, ***budak*** сөзү да ***but*** (kalın dal, tomruk) сөзүнө ***-ak*** мүчөсүнүн уланышы менен жасалган. Ал эми *salkım*сөзүнүн этимологиясы эски түрк тилиндеги ***salk -sarkmak*** этишине барып такалат[www.etimolojitürkce.com].

Жалбырак, гүлдөрдү кармаган бөлүгү ***сабак*** деп айтылат**.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: Өсүмдүктөрдүн гүлү, мөмөсү же жалбырактары туташып өскөн бөлүгү деп берилген. *Ашкабактын сабагы. Алма сабагынан ашып түшпөйт* (макал). *Гүлдөр сабагынанүзүлүп түшө элек* [КТТС, 512].

К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо, бул атоо мындайча берилген: **Сабак**; Стебель, стебелек: *гүл сабагы*. Цветоножка; 2. плеть (бахчевых культур): *коондун сабагы* плеть дыни [Юдахин, 2: 120]. Ал эми бул атоонун дарбыз, коон

өсүмдүктөрүндө ***пәләк*** деген формасы да колдонулат. Себеби, аларда сабактары жалаң суутектерден гана тургандыктан, алардын сабактары назик болот да бир аз суусуз калса, дароо соолуй баштайт. Ошол кезде аларга сабактары соолуптур дебей, ***пәләктары өлүптүр*** деп айтылат. Ушул эле маалыматты изилдөөчү Э.Хурибаева өз эмгегинде белгилеп, алардын диалектилик өзгөчөлүктөрүндөгү мисалдар менен далилдеген [Хурибаева, 2012, 78]. Ал эми буудай, арпа өстүрүлгөн аймактарда болсо сабак деген сөз менен катар ***саман*** деген атоо да колдонулат. Эгиндин данын жыйнап алгандан кийин калган сабактарын ***саман*** деп аташат. Бул аталыштын түрк тилинде *sap(ı); sürüngen sap*; деген маанилери колдонулат. Биринчи мааниси *sap(ı)* өсүмдүктөрдүн жалпы өзөгүнө карата айтылса, экинчи мааниси *sürüngen sap* сойлоп өскөн өсүмдүктөргө колдонулат. Ал эми ***саман*** сөзү эки тилде да бирдей болуп, түрк тилинде да *saman*деген аталышта колдонулат. Түрк тилиндеги ***sap, sapı*** формалары эски түрк тилдеринен бери колдонулуп, бычактын,кылычтын кол менен кармоочу жери деген маанини берген. Ал эми ***saman*** сөзү да чыгыш теги боюнча түрк тилдерине тиешелүү. М.Кашкаринин сөздүгүндө ***saman*** –жаныбарлар жем катары жей турган курук от деген мааниси берилген [Divan-ı Lugat - it Türk (1070)]. Биздин оюбузча, ***sap*** сөзүнө ***-an*** мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган болушу да ыктымал. Себеби, түрк тилиндеги *-an* сөз жасоочу мүчө *kök+-an = köken* сыяктуу сөздөрдү жасоодо кеңири колдонулат. Эки үндүүнүн арасында *п* тыбышы жумшарып, *б* тыбышына өтүп, андан фонетикалык ассимиляция (эриндешүү) кубулушунун негизинде *б* тыбышы эринчил *м* тыбышына өткөн болуш керек.

Өсүмдүктөрдүн бутактарында жана шактарында жайгашкан ***бариги*** **(***барик***)** деген бөлүгү болот. Бул диалектилик мүнөздөгү атоо: *Тыттын баригине кана тойгон курттар барсайып-барсайып калыптыр* (Касымбеков). *Бариктүү жыгач*. [КТТС, 88]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо мындайча каралат: ***барик*** *ир*. мелкие веточки; *баригине бүр байлап, бак-дарак өстү буралып* (*фольк*.) На веточках появились почки, деревья выросли красиво [Юд, 1: 110]. *бәрк* - бүртүк байлагандан кийин кичинекей жалбыракчалар пайда

болот. Алар күндөн-күнгө чоңоюп, чынар дарагынын жалбырагы сыяктуу чоң-чоң болуп кетет. Мунунжогору жакта айтылгандай, дагы бир аталышы ***жалбырак.*** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө жана адабий тилде барк (*бәрк*) сөзүнүн синоними катары каралат. Өсүмдүктөрдүн абадан азыктануу жана газ алмашуу функциясын аткара турган, түрдүүчө формадагы, көбүнчө көгөргөн түстөгү органы. *Теректин жалбырагы.* [КТТС, 177].

К.К.Юдахиндин сөздүгүндө: **жалбырак** лист (растения); *жалбыракта*-пускать листья, покрываться листвой, одеваться листвой, деген котормолору бар [Юдахин, 1: 220]. Түрк тилинде кыргыз тилине жакын *yaprak* деген формада колдонулат. *Yaprak (жалбырак), üzüm yaprağı(жүзүмдүн жалбырагы), yaprak hışırtısı (жалбырактардын үнү), ağaçların yaprakları (даректардын жалбырактары), bitki yaprağı(өсүмдүк жалбырагы)* деген мисалдарды келтирүүгө болот [РТС, 371]. Эски түрк тилинде ***yapır/yalbır*** (rüzgarda titreşmek- *шамалда титирөө*)формаларында колдонулуп, кийинки жылдарда тыбыштык өзгөрүүлөргө учураган [www.etimolojitürkce.com]. М.Кашкаринин сөздүгүндө ***yapurgak/yapırgak*** формалары берилген [Divan-ı Lugat -it Türk (1070)]. Бул формалар түрк тилиндеги *yaprak/yaprağı* варианттарына аябай жакын келет. Мөмөсү, даны жыйналып алынгандан кийинки калган калдыктары ***кабык*** деп аталат.К.К.Юдахиндин сөздүгүндө: 1. *южн*. кожица, корка (фруктов, арбуза), деген мааниси берилген [Юдахин, 2: 112]. Бул атоо көбүнчө бакчачылык менен алектенген дыйкандардын кебинде көбүрөөк колдонулат. Коон, дарбыздарды жеп бүткөндөн кийин кабык/почоктору калат, аларды үй жаныбарлары үчүн тоют катары колдонушат. Кыргыз адабий тилинде ***кабык*** болуп кездешсе, ал эми диалектилерде ***почок***, *өзб*: пучак, *тажикче* пучак «кожура» деген сөздөн өздөштүрүлгөн. Түрк тилинде *zar, kabuk (karpuz kabuğu, portakal kabuğu, ekmek kabuğu)*маанилери колдонулат [РТС, 328]. Түрк тилинде сөздүн этимологиясы *kap*(torba, zarf) сөзүнө *-ık* мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган [www.etimolojitürkce.com]. Эң алгачкы маалыматтар М.Кашкаринин сөздүгүндө *kabık (darı kepeği)*[Divan-ı Lugat -it

Türk (1070)], Кодекс Куманикуста *kabık/kabuk (ağaç kabuğu)* [Codex Cumanicus (1300)] формалары берилет.

Эки тилде кезиккен өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүнө байланыштуу аталыштарда көпчүлүк сөздөрдүн турпаты жана маанилери окшош кездешет.

2.5. Дыйканчылыкта өсүмдүктөрдүн өсүү процессинин аталыштары

Өсүмдүктөрдүн эгилиши, жер бетине өнүп чыккан күнүнөн тартып жалбырактарын ачканы, чоңоюшу, өсүшү, гүлдөөсү, мөмөсүнүн бышышы сыяктуу ж.б. процесстеринин аталыштары бар. Алар төмөнкүдөй аталышта жана маанилерде кездешет:

Эгин эгилип, анын жер бетине өсүп чыгуу процесси ***өнүм*** болот. Дарбыз, коон, ашкабак ж.б. өсүмдүктөр *өнүп*, жер бетине уруктарынын кабыгын кийип чыгат. Бул аталыш кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө төмөндөгүдөй бир компоненттүү атоо катары чечмеленип берилген: **өнүм** -өнүп чыккандык, өсүп, өнүп чыгуу сапаты. *Жер таштуу жана ак топуракту болгондуктан, эгиндин өнүмү кем* (Жантөшев) [КТТС, 484]. К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө да бул атоонун төмөнкүдөй кыска формасы берилген: **өнүм**-рост, произрастание; [Юдахин, 2: 96]. Кыргыз тилинде болсо бул атоо *өнүм, өнүп чыгышы* деп айтылып, урук жерге эгилгенден кийин бир жуманын ичинде өнүп чыгып, жер бетине көтөрүлө баштаган, көзгө көрүнө баштаган учуру эсептелет.

Түрк тилинде болсо төмөнкүдөй бул процесске байланыштуу бир нече сөздөрдү таптык: ***büyüme, yükselme, artma, kuvvetlenme, genişleme, ilerleme, gelişme, mükemmelleşme*; *bitkilerin büyümesi (рост растений); boy sürmek, boy almak (пойти в рост (о растении)*** [РТС, 797]. Түрк тилиндеги негизги маанини берген *büyüme, artma* сыяктуу өсүү процесстеринин аталыштары эски түрк тилдеринин**kēn- büyümek, artmak –ıg* деген сөзүнөн алынган. Кийин тыбыштык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында **kēn*сөзү *géŋe-* "*genişlemek*"вариантында колдонулган. Башкача айтканда, *géŋe этиш сөзүнө - ış* мүчөсү уланып, кайра эле этиш сөзүн жасап жатат. Эски түрк тилиндеги

кең деген сөз "*geniş, yaygın, uzak*" кенен, чоңоюу, алыстоо деген маанилерди берген [www.etimolojiturkce.com].

Өсүмдүктөрдүн өнүп чыгып, жетилгенден кийинкип роцесси ***гүлдөө*** процесси болот. Булатоо кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *гүлдө*-этишинин кыймыл атоочу катары берилген. Гүлдөө - *этиш*. Гүл ачуу. *Мындан арыбиздин мектептин алма багы гүлдөй баштайт* [КТТС, 143]. *Гүлдөө* - өсүмдүктөр өсүп жетилип, жалбырактарын жайгандан кийинки мезгилде болуучу процесс. Анда өсүмдүктөр гүл ачуу үчүн бүртүк жайып бутактарынын арасынан өзгөчө бир бүртүк пайда болот. Ал бүртүгү сынып же болбосо түшүп калбашы үчүн ошол мезгилде тракторлорду аралатпайт, киши да эгиндерди аралабаш керек. Бул аталыш башка тилден өздөштүрүлгөн сөздүн (*гүл*) кыргызча сөз болуп (*гүл-дө-оо = гүлдөө*) айтылган түрү болуп эсептелет. Орусча-түркчө сөздүктө *цветение -çiçeklenme, çiçek açma* деген маанилери катталган[РТС, 983]. Түрк тилинде да этиш маанисинде колдонулат. Кыргыз тилинде бир эле сөздөн турган бул атоо түрк тилинде тутуму жагынан *çiçek açma* деген эки сөздөн турат. Сөздүн биринчи тутумундагы *çiçek сөзү* түрк тилинин төл сөзү, эски түрк тилиндеги адабияттарда да дал ушундай эле мааниде колдонулган. [www.etimolojitürkce.com]. Экинчи тутумундагы *аç-, açma* этиш сөздөрү түрк тилине таандык. Эң алгачкы маалымат Орхон-Енисей жазууларында берилген. Бирок анда этиш маанисинде эмес, атоо же сын атооч мааниде катталган. Мисалы*: aç "aç, açlık (isim ve sıfat- зат атооч же сын атооч сөз)" Türük bodın aç érti [Türk boyları aç idi]* [Orhun Yazıtları (735)].

Ал эми Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө *“чечек озгы атылды”* гүл оозу ачылды, ошондой эле өсүмдүктөр, бүчүрлөр ж.б. ачылгандар деген маанилери катталган [Кашкари, 2011: 361]. Демек, сөздүктө түрк тилине жакын мааниси катталганы байкалат.

Ачылыш (ачылуу). Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө бул аталыш ***ач-***этишинин туюк мамилеси деп каралып, мындайча далилденип берилген. Ач- жазылуу, жайылуу. *Байчечекей гүлачты*[КТТС, 70]. Бул сөз *ач-*, андан *ачыл-*, андан *ачылыш* болуп жасалган. К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча

сөздүгүндө бул термин мындайча болуп чечмеленген:***ачылыш*** *и.д.* от *ачыл*-открытие; *ачыл*-открываться; *гүл ачылды* цветок расцвел [Юдахин, 2: 83]. Дыйканчылык лексикасында болсо бул атоо *дарбыз, коон гүл ачты*, андан сырткары багбанчылыкта да *алма, өрүк гүлдөдү* деген маанилерде колдонулат. Андан ары ар бир гүл ачкан жеринен мөмө байлай баштайт. *Ачыл, ачылыш* сөздөрүнүнтүрк тилиндеги маанисин ала турган болсок анда *açmak, açılmak, açılış* деген этиш сөздөр маанилеш келет. Бул этиш сөздөр дыйканчылыкта *гүл ачуу, гүлдөө, жалбырак ачуу* маанилеринде колдонулат. Башкача айтканда, эки тутумдуу сөздүн экинчи тутумунда келип, өсүү, жетилүү процесстеринин аталышын билдирет. *аç-, açma* сөздөрү түрк тилдерине таандык болуп, бир заттын ачылышы, же жабык турган затты ачуу маанилерин билдирет [www.etimolojitürkce.com].

Мөмө байлай баштаганда өсүмдүктөр чоңоюп, бутак жая баштайт. Ал ***бутакташ*** процесси кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө ***бутактоо*** деп берилип, бул сөз ***бутакта-*** этишинин кыймыл атоочу деп берилген. Бутакта-бутак чыгаруу, бутагы көбөйүү.

Жаз алдында бутактаган чынардай,

Жарык жайнап өскөнүнө кубандым (Бөкөнбаев) [КТТС, 123].

К.К.Юдахиндин сөздүгүндө этиштин буйрук ыңгайы түрүндө көрсөтүлгөн: ***бутакта-*** ветвиться; [Юдахин, 1: 169]. Түрк тилиндеги мааниси да кыргыз тилиндеги менен үндөшүп кетет, башкача айтканда, уңгусу бирдей. *Budaklanmak, budak sürmek, dal sürmek, dallanmak* сыяктуу варианттарда колдонулат [РТС, 78]. Бул атоо да эки сөздөн туруп, биринчи тутумундагы сөз зат атооч, экинчи тутумундагы сөз этиш. Биринчи тутумундагы ***dal, budak*** сөзү эски түрк тилиндеги булактарда ***tāl*** сөзү ***tā*** (ayrılmak, dallanmak) уңгусуна ***-ıl*** мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган , ***budak*** сөзү да ***but*** (kalın dal, tomruk) сөзүнө ***-ak*** мүчөсүнүн уланышы менен жасалган [www.etimolojitürkce.com]. Экинчи тутумундагы *sür-, sürmek* сөзү араб тилинин ***swr*** уңгусунан алынып, ***sūr*** سور "*duvar, özellikle savunma duvarı* (дубал, коргоо дубалы)" деген маанилерди берген. Иврит тилинде бул ***şwr*** שור "*bakma, gözetme* (кароо,

байкоо)" деген маанини билдирет. Бирок түрк тилине келгенде сөз этиш маанини берип, *жылуу, узоо, чоңоюу* дегенди билдирип калган [www.etimolojitürkce.com].

Өсүмдүктөр жалбырак чыгарарда же гүлдөөрдө ***бүртүк байлоосу*** жүрөт. Кыргыз тилинде *бүртүк байлоо* деп жолугат. Биз изилдөө жүргүзгөн аймактарда айтылгандарга караганда, бул процесс эки жолу жүрөт. Анткени өсүмдүктөр эки жолу бүрдөйт (бүртүктөйт). Адегенде жалбырак чыгарарда, экинчи жолу гүлдөөгө бүртүк байлайт. Ал эми мөмө-жемиштер болсо биринчи гүлдөөгө бүртүктөп, андан кийин жалбырак жаюу үчүн бүртүк байлайт. Ал эми түрк тилинде жалбырак жайгандагы процесске *tomurcuk*, гүлгө бүртүк байлагандагы процесске *konca, gonca* деген варианттары колдонулат. Сөздүн түрк тилиндеги этимологиясы ***tomur** (kabartı, yuvarlak ve dolgun şey- шишик, тоголок, дандуу нерсе) уңгусуна +çuk кичирейтүү, эркелетүү маанисин уюштуруучу сын атооч мүчө уланып, ***tomurcuk*** сөзү жасалган. Атоонун дагы бир варианты *konca, gonca* фарс тилинин *gunce, guncidan* (*toparlamak, top haline getirmek, bohça etmek*- жыйналуу, топ калыбына келүү, бириктирүү, биригүү) деген сөзүнөн алынган [www.etimolojitürkce.com].

Жыйынтыгында эки тилде тең өсүмдүктөрдүн өсүү процессине байланыштуу аталыштар чектелүү кездешет.

2.6. Дыйканчылыкта эмгек процесстеринин аталыштары

Өсүмдүктөрдүн кээ бирлери бир жылдык өсүмдүк болгондуктан, анын жыл сайын уругу алынып, жыл сайын уругун эгип, түшүмү алынат. ***Эк***- (*пахта эгүү*)- төл сөз (*буудай эк-, пахта эк-, арпа эк-, дарбыз эк-, коон эк-, шалы эк*-). Эгилген жерде өсүмдүктөр тегиз чыкпаган жерлергe*ала эгилди* деп айтылат.Ал эми кээлери көп жылдык болгондуктан, алар беш-он жылда бир жолу эгилет (дыйкандын кебинен).

Түрк тилинде да *ek, ekmek, dikmek* формада колдонулуп, кыргыз тили менен бирдей уңгуда болот. Түрк тилиндеги *ek, ekmek, dikmek* сөздөрү түрк тилдерине таандык. Бул кыймыл-аракетти билдирген сөздөр эң алгачкы жолу

1300-жылдарда колдонулгандыгы белгиленет [Mukaddimetü'l-Edeb (1300 yılından önce)][www.etimolojiturkce.com]. Мисалы: *karpuz ektim, elma diktim, buğday ekmek.*

Дыйканчылык менен алектенген адамдардын кебинде ***ала эк-*** деген атоонун мындайча мааниси бар: дарбыз, коон, буудай, арпа, кызылча, түрп ж.б. өсүмдүктөрдү катарлаштырып эккенде, кээ бир жерлерге урук тегиз түшпөй калат. Ал түшпөй калган жерлерге адамдар аралап жүрүп, *ала эгишет*. Башкача айтканда, эгин чыкпай калган жерлерге теше менен жерди оюп, урукту чанага салып көтөрүп жүрүп сээп кетишет (дыйкандын кебинен).Дыйканчылыкка анын ичинде пахтачылыкка, багбанчылыкка байланышкан аталыштар ушуларга окшошкон техникалык өсүмдүктөргө негизинен окшошуп келгени менен айрым өзгөчөлүктөрү кездешет. Маселен, тамеки өсүмдүгү адегенде парникте өстүрүлүп, анан аянттарга отургузулат. Парникте даярдоодо тереңдиги 30-40 см казылып 15-20 сантиметрдей аттын кыгы (көңү) төгүлүп, андан кийин гана койдун көңү чиритилип, топурак аралаштырып төгүлөт. Антпесе урук өнгөн учурда күйгүзүп жибериши мүмкүн. Бетин айнек же кленка рамалар менен жаап, күн сайын суу берилип өстүрүлөт. Тамеки аянттарга жөөк боюнча аралыгы 8-10см аралыкта отургузулат. Эгерде көчөттөрдүн айрымдары өнбөй же соолуп калса, пахта аянттарындай эле ***аласын эгүү*** жүргүзүлөт. Бул атоо түрк тилинде эгүү формасында каралып, ала эгүү -кайрадан эгүү деген мааанини билдирген *tekrar ekmek, oturtmak, yerleştirmek* деген варианттарда каралат [РТС, 667]. Эк, эгүү сөзү түрк тилинде өсүмдүк өстүрүү максатында урукту же кандайдыр бир өсүмдүктүн көчөтүн жерге, топуракка көмүү деген мааниде колдонулат. Мисалы: *Ne ekersen onu biçersin(Эмнени эксен ошону аласын). Eken biçer, konan göçer(Эккен орот, жыйнат,конгон көчөт). Ek tohumun hasını, çekme yiyecek yasını (Уруктун, дандын жакшысынан эк, ооматтын кайгысын тартпа)* [https://tr.wiktionary.org].

Айдоо -бул сөз кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *айда-* этиштеринин кыймыл атоочу деп берилген. Эгинди же башка өсүмдүктөрдү эгүү үчүн жерди коңторуу, үрөн себүүгө ылайыктап жерди даярдоо. Ушул атоо

менен катар кыргыз тилинде *айдоо дыйканчылыгы,жер айдоо, айдалын* сыяктуу аталыштар пайда болгон. ***Айдоо, айдалын***- деген аталыштар кыргызча-орусча сөздүктө мындай катталган: возвр. от ***айдал-; буудай айдалынды*** пшеница посеяна. Ал эми башка изилдөөлөрдөн биз төмөнкүдөй маанилерин каттадык: ***айдоо дыйканчылыгы*** - үй жаныбарларынын (өгүз, эшек, бука, уй, жылкы) күчүн пайдаланылып буурсун, соко ж.б. жардамы менен жер иштетүү дыйканчылыгы болуп саналат. Айдоо дыйканчылыгы кол дыйканчылыгына (жерди кол менен иштетүү) салыштырмалуу бир кыйла жогору тепкичте өнүккөн маданият болуп саналат. Ал ири дарыялардын - Нил, Тигр жана Евфрат, Инд, кийинчерээк Амударыя, Сырдарыя, Янцзы, Хуанхэ дарыялары агып өткөн өрөөндөрдөгү жумшак, түшүмдүү жерлерде алгач пайда болгон. Айдоо куралдарынын өркүндөтүлүшү менен катуу, түшүмдү аз берүүчү жерлерди да өздөштүрүүгө мүмкүн болуп калды. Заманбап дыйканчылык илимдин, техниканын өсүшү менен жергиликтүү климатка, жердин кыртышын өздөштүрүүдө эмгек куралдардын, кайрак жана сугат-айдоо дыйканчылыгынын көптөгөн иштөө формаларын пайдалануу ыкмаларын жаратты. Тарыхый жактан алганда дыйканчылык өзгөчө Евразиянын, Түндүк Африканын, Американын жылуу, мелүүн, айрым учурларда ысык алкактарында кеңири таралган. Айдоо куралдары байыркы дыйканчылыктын борборлорунун биринде жаралганбы же ар бир эл өз алдынча тапканбы деген маселе илимде так айкындала элек. Археологиялык, иконографиялык, айрым учурда жазма булактарда үй жаныбарларын жер айдоого пайдалануу баарынан мурда Месопотамия менен Нил өрөөнүндө (б.з.ч. 4-миң жылдыктын аягы - 3-миң жылдыктын башы) пайдалана баштагандыгын күбөлөйт. Даниялык археолог А.Стенсбергдин пикири боюнча, Месопотамияда буурсунга чейин таш миздүү керки- күрөк колдонулган. Жөөк салуу үчүн аны эки киши аркан менен тарткан. Айдоо куралынын ушундай жол менен өнүгүшү жөнүндөгү ойду 19-к. аягында эле белгилүү этнограф Э.Тайлор айткан. 1930-ж. Евразия элдеринин кеңири этнографиялык материалдарын жалпылап изилдеген немец этнографы П.Лезер да ушундай тыянакка келген. Айдоо куралынын эң байыркы тиби эки

саптуу ийри жөөк салгыч рало (керки) болгон. Ал урук шаар-мамлекетиндеги протошумер жазуу-белгилеринин (б.з.ч. 4-миң ж. аягы) чиймелеринен белгилүү. Кийинчерээк жөнөкөй типтерден татаалыраак типтерге карай өнүккөн. Буурсундун эволюциялык өнүгүшү көп факторлор менен шартталган. Алардын арасында дыйкандардын рационалдуу тажрыйбасын үйрөнүп, андан ары уланткан этномаданий салттарды белгилеп кетүү зарыл.Б.з.ч. 4-3-миң жылдыктарда Байыркы Чыгышта алгачкы коомдук түзүлүштө жаралган өнүккөн сугат системасы бар отурукташкан айдоо дыйканчылык чарбалык-маданий тиби байыркы мамлекеттердин калыптануусунда чоң ролун ойногон. Б.з.ч. II миң жылдыктын башына тиешелүү «Чот менен буурсундун ортосундагы талаш» деген шумер адабият эстелигинде падышанын буурсундун туткасын кармап турушу, ал эми чот «тамтыгы кеткен кийимчен кишиге» кызмат кылышы бекеринен эмес. Бул мезгилде буурсун байыркы чыгыш мамлекеттериндеги айыл чарбада жаңы гана пайдаланыла баштаган. Ал акырындык менен батыштан чыгышка карай Алдыңкы жана Орто Азия аркылуу Түндүк Индияга, андан ары Түндүк Кытайга чейин таралган. Түндүк Кытайда Хуанхэ бассейнинде б.з.ч. I миң. ж. тартып гана белгилүү. Америкада, тропикалык Африкада, Австралия континенттеринде европалык колония саясатына чейин айдоо дыйканчылыгын билишкен эмес. Европада буурсун пайдаланган дыйканчылык бир нече этапты басып өтүп (токой зонасында кыюу системасы, талаа, токойлуу талаа зонасындагы которуштуруп айдоо системасы (1), эки талаалуу (2), үч талаалуу (3) коомдун базасы болгон. Дыйканчылыктын тарыхый таралуу процессинде анын эмгек куралдарынын ар түрдүү типтери калыптанган. Дыйканчылыктын өндүргөн традициясынын өнүмдүүлүгү, өсүү, калыптануу өзгөчөлүктөрү тышкы экологиялык факторлор (өсүмдүктөргө таасир берүүчү нымдуулук жана радиация, топурактагы азыктандыруучу элементтер ж.б.), ошондой эле дыйканчылыктын айрым структуралык элементтери менен да (жер иштетүү, жер семирткичти пайдалануу, үрөн чарбасы ж.б.) байланыштуу болгон [Каратаев, Эралиев :2005]. Түрк тилинде болсо бул атоо бир аз өзгөчөлөнүп *sür (сүр), sürmek (сүрүү), ekilebilir (эгүүгө*

*болот, эгүүгө мүмкүн)*маанилеринде колдонулат. ***Sürmek*** сөзү түрк тилинде бир канча маанилерге ээ: 1) Башкаруу, ишке ашыруу, жиберүү. **Мисалы:** *Fakat bereket ki bu nevi duygular ancak masal ve romanlarda sürüp gider* (Reşat Nuri Güntekin) 2) Улантуу, дайыма кайталоо, мөөнөт. Мисалы:*"Yenilenmesine karar verilen Meclisin yetkileri, yeni Meclisin seçilmesine kadar sürer."* (Anayasa) 3) Алдына салып айдоо, кайтаруу. Мисалы: *"Koyunları sürmek."* 4) Мөөнөтүн узартуу, алдыга түртүп жиберүү. Мисалы:*"Kahveyi ısıtıyor, suyu dolduruyor, cezveyi sürüyor, fincanı boşaltıyor."* (Memduh Şevket Esendal) 4) Тийгизүү, сүртүү. *"Yüzümü saçlarına sürmek için başımı eğdim."* (Hüseyin Cahit Yalçın) 5)Отурган, жайгашкан жеринен, өлкөсүнөн жазаландырылып, башка бир жерге же өлкөгө жиберилүү*"Mütarekede İngilizler onu Malta'ya sürdüler."* (Yusuf Ziya Ortaç) 6) Кандайдыр бир затты жайык табактын үстүнө жука кылып жаюу, төгүү, таштоо. Мисалы: *"Avucuna doldurup kokluyor; ensesine, şakaklarına, boynuna sürüyor."* (Refik Halit Karay) 7)Кандайдыр бир затты сатууга коюу, базарга чыгаруу: *"Satılamayan ne kadar bayat, bozuk mal varsa pansiyonerlere sürerler."* (Hüseyin Rahmi Gürpınar) 8)Мыйзамсыз акча чыгаруу(акча жасоо): *Yasal olmayan yolla piyasaya para çıkarmak.* 9) Күтүүсүз, ыңгайсыз абалда калуу: *"Dört duvar arasında bir memur hayat sürüyordu."* (Yusuf Ziya Ortaç) 10) Трактор же соко менен топуракты казуу, айдоо: *"Öküzünün biri ölünce tarlasını süremedi."* (Ömer Seyfettin) 11)Узак убакытка чейин улануу, кайталоо: *"Baygınlığım ne kadar sürdü bilmiyorum."* (Aka Gündüz) 12) Убакыттын өтүүсү же убакыт өткөрүү: *"Çok sürmez, her şey düzelir."* 13)Убакытты алуу: *"Her odanın ziyareti bir saat sürmüştü."* (Ahmet Haşim) 14) Өсүмдүк, от чоңоюп көзгө көрүнүүсү, өсүүсү, жашылдануусу: *"Bu gölgeli yerlerde otlar bütün bir yaz mevsimi yeniden yeniye sürer, rutubetli toprakta bir bir arkasına yoncalar fışkırır, çayırlar kabarırdı."* (Refik Halit Karay) [www.kelimenet.com]. Ал эми сөздүн келип чыгышы болсо, *sür-, sürmek* сөзү араб тилинин ***swr*** уңгусунан алынып, ***sūr*** سور "*duvar, özellikle savunma duvarı* (дубал, коргоо дубалы)" деген маанилерди берген. Иран тилинде бул ***şwr*** שור "*bakma, gözetme* (кароо, байкоо)"

деген маанини билдирет. Аталган сөз түрк тилинде жогоркудай бир нече маанилерди билдирерин байкадык.

Балтала-балта зат атооч, ***-ла*** этишти уюштуруучу мүчөнүн жардамы менен уюшулган бул сөз алма, жаңгак, алмурут, алча жетиштирген дыйкандардын кебинде колдонулат. Башкача айтканда, өсүмдүктү балта менен кесип салуу маанисинде эмес, сөз өтмө мааниде “коркутуу, эскертүү” деген маанилерде колдонулаарын байкадык. Себеби дыйкандар бак-дарактарды эгип, эгер ал эккен мөмө дарак эки жылда мөмө бербесе балта менен жанына чапкылап коет. Бул иш эрте жазда же болбосо кеч күздө жасалат. Эгер эрте жазда жасаса ошол жылы мөмө берет дешет. Эгер кеч күздө жасаса келерки жылга мөмө берет деген ишенимдери бар. К.К.Юдахиндин изилдөөсүндө бул атоонун төмөнкүдөй маанилери катталган: рубить топором, действовать топором; ***карагайдан балталап комуз чаптым токойдо*** фольк. В лесу я сделал топором комуз из сосны [Юдахин, 1940]. Ал эми түрк тилинде бул сөз *baltayla kesmek, baltalamak, baltayla kırmak* деген маанилерде колдонулары байкалды [РТС; 798]. *Балтала* сөзү түрк тилинде да уңгусу *balta* деген сөздөн алынып, ага этишти уюштуруучу *-la,* кыймыл атоочтун *-mak* мүчөсү улануу менен *кесүү, кыйуу* маанисинде колдонулат. Бул атоо эки сөздөн туруп, биринчи тутуму ***balta*** сөзү эски түрк тилинде *baltu "aynı anlamda"* формасында 900-жылдардагы булактарда колдонулуп, бүгүнкү маанини берген [Uygurca Maniheist metinler (900 yılından önce)]. Ал эми экинчи тутумундагы ***kesmek*** сөзү да түрк тилдерине тиешелүү болуп, ал жөнүндөгү алгачкы маалымат 1300-жылдарда берилген [Mukaddimetü'l-Edeb (1300 yılından önce)]. Мисалы: *baltayla kesmek, bıçakla kesmek, tıppanla kesmek v.s.*

Жер иштетүүдө соко менен жерди аңтарып кеткенден кийин ал жерлерди кайрадан тегиздөө иши ***бараза көмүү*** деп аталат.Аталыштын экинчи тутуму төл сөзүбүз, сөздүктөрдө анын мааниси чечилип берилген. Түшүндүрмө сөздүктө *көмүү* деген сөздү*көм*-этишинин кыймыл атоочу; үстүнө топурак таштап жашыруу, бир нерсе менен жаап, бастырып коюу [КТТС, 346-347] деп түшүндүргөн. Дыйканчылыкта жерди кышка даярдап, эки жака тартылып

айдалат да айдалган аралыктын ортосунда чуңкурлар толтурулуп көмүлөт. Мындай процесс *бараза көмүү* деп аталат. Бул атоо Кыргызстандынкээ бир аймактарында *загон көмүү* деп да аталып жүрөөрүн байкадык. Аталыштын эки вариантынын экөөндө тең биринчи компоненттери (*бараза* - борозда*; загон*) орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөр. Ал эми түрк тилинде болсо борозда *-iz, sapan izi, evleğin yolu* деген маанилерде, загон деген сөз *-sokma, padok* сыяктуу маанилерде колдонулат [РТС; 55,230].Түрк тилиндеги *sapan* сөзү түрк тилиндеги *sap-/sapı- şiddetle sallamak* (күчтүү термелүү, күч менен түртүү) сөздөрүнө *-gan* сөз жасоочу мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган. Эң алгачкы маалыматтарга караганда, бул атоо түрк тилдеринин кыпчак группасына таандык деп айтылат. Анда сөздүн мааниси *"sallayarak taş fırlatma aracı"*таш ыргытуучу курал деп берилген [Kitabü-l İdrak Haşiyesi (1500 yılından önce)][www.etimolojitürkce.com].

Эгиндер бышып жетилген учурда ***жыйым-терим*** процесси башталат. Бул процесс биз изилдеген аймактарда шарттуу түрдө этаптарга бөлүнөт. Биринчи жыйым-терим май айында башталып, анда эрте *майлык эгин* деп аталган алгачкы эгиндер жыйналат. Анда көбүнчө *эртегилик, майлык эгиндер* деген аталыштар колдонулат. Эрте жыйноо үчүн буудай, дарбыз, картошка, помидор, сарымсак, бадыраң, шалгам сыяктуу эгиндер жетиштирилет. Эгиндин бул түрү жерди үнөмдүү пайдалануу үчүн колдонулат. Себеби май, июнь айларында биринчи эгинди жыйнап алып, андан кийин октябрь айына чейин дагы бир башка өсүмдүк эгилет. Ал эми экинчи *жыйым-терим* иши август айынан баштап кеч күзгө чейин жасала турган процесс болуп эсептелет.

Орусча -түркчө сөздүктө *toplamak, bir araya getirmek, toparlamak* сыяктуу маанилери катталган. Түрк тилинде кош сөз түрүндө эмес *жыйноо, терүү* маанисинде колдонулат. Түрк тилиндеги булактарда бул атоо эски түрк тилдеринде колдонулган *térin-* "***derinmek, toplanmak***" этиштерине *-ak* форма өзгөртүүчү мүчөнүн жалганышы менен жасалган. Ал эми эски түрк тилиндеги *tér(mep)-* "***dermek, toplamak*** (терүү, топтоо)" этиштерине *-ın* мүчөсү уланып ***derin, toplan*** сөздөрү жасалган [www.etimolojitürkce.com].

Дан, мөмө-жемиш берүүчүөсүмдүктөр толук техника менен иштеткенде да отоо чөптөрдөн тазалаган процесс –***чабык,***көбүнчөсү кол менен иштелет. Отоо чөптөрдөн арылтуу *чабык* деп аталат. Биз изилдеген тармакта түрк тилинде мындайча формада колдонуларын каттадык: *biçmek, tırpanlamak*[РТС, 344]. Түрк тилиндеги биринчи мааниси *biçmek* сөзү түрк тилдеринин төл сөзү. Уңгусу *biç*- өсүмдүктү кесүү, чабуу маанисин берет. Ал эми экинчи варианты ***tırpanlamak*** сөзүнүн уңгусу ***tırpan****(кетмен)* грек тилинин ***drapáni****(эгин, өсүмдүк кесүүчү буюм)* сөзүнөн алынып, ага этишти уюштуруучу ***-la*** мүчөсү уланып, ***tırpanla*** эмгек процессинин аталышын билдирип калды [www.etimolojitürkce.com].

Дыйканчылыкта бул процесс этап-этабы менен жүргөн *биринчи чабык* жана *экинчичабык* деп айтылат. Өсүмдүктөр жакшы өсүп кетсе, жер жакшы болсо, отоо чөптөр культивация менен эле жок кылынып, *экинчичабык* болбой да калышы мүмкүн. Ал эми *биринчи чабык* сөзсүз болот. Анткени жаңыдан өсүп келаткан эгиндерди суюлтуп, ***жәгәнә*** кылып бүткөндөн кийин анын жанындагы зыяндуу чөптөрдү чаап салуу керек, ***чабык*** аркылуу эгиндердин алды жумшартылат. Ошону менен катар өсүмдүктөрдү суюлтуу иши да жүргүзүлөт. Ал Кыргызстандык дыйкандардын тилинде ***жәгәнә (суюлтуу)*** деп аталып, ошол процесс менен чогуу аткарылуучу чабык ***биринчи чабык*** деп аталат. Бул иш эгиндин жакшы өсүшүнө жардам берет. Мындан ары эгингүлдөгөнгө чейин, ашыкча отоо чөптөр көп чыкса, бир канча жолу *чабык* иши жүргүзүлүшү мүмкүн. *Бир топ адамдар ар күнү 20-25 сотыхтан* ***чабык*** *чабышат* [“Жеңиш жолунда”, 03.07. 1958]. Булардан тышкары чабыктын ***кара чабык, каткалаң чабык, майда чабык*** деген түрлөрү да бар. *Кара чабык* чабыктын эң кыйын, эң оору, себеби кара чабыкта өсүмдүктүн айланасындагы чөптөр өлтүрүлүп, катуу жерлер жумшартылат. Башкача айтканда, өсүмдүктүн тегерегиндеги жерлердин бардыгы чабылат. *Майда чабык*дыйканчылык лексикасында бул атоонун мындай мааниси бар экени ортого чыкты: өсүмдүктүн тегерегин тегиз, ачык жерин калтырбай, майдалап чабуу. Башкача айтканда, эгиндин айланасында жер калтырбай бардыгын жумшартуу. Бул атоо

түрк тилинде *biçmek, tırpanlamak, kırmak* деген маанилери катталган [РТС, 344]. Биздин иликтөөгө жакын мааниси катары *biçmek, kırmak* деп эсептейбиз.

Дыйканчылык ысык жерлерде болуп, өсүмдүктөрда ысык жерде өсүп, күндүн ысыгын сүйгөндүктөн, эгин айдалган жерге тез-тез суу коюу - *сугат* жүргүзүү талап кылынат. Күндүн ысыгынан жерди тез эле кургатып жибергендиктен, эгиндерди суудан калтырбоо үчүн бир нече жолу сугаруу керек болот. Ошогобайланыштуу сугаттын түрлөрү, ага байланыштуу атоолорго ээ. Түрк тилинде *sulama, yağlamak, sulu tarım, sulanan topraklar* варианттары кездешет [РТС, 652]. Биздин иликтөөгө эң жакын *sulama* деген варианты деген ойдобуз. Бул атоо эски түрк тилинде *suwla-/suwul- sulamak, ıslatmak (суу берүү, суулоо)* сөздөрүнө *–la* куранды мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган. Уңгусу ***suw, su*** → ***su*** түрк тилдеринин сөзү. Экинчи бир вариантта бул атоону араб тилиндеги *sḳy, sāḳī* ساقي " сөздөрү менен байланыштырышат. Араб тилинде *sāḳī* сөзү чогулуштарда суу же ичимдик берген адамга айтылган. Андан *saḳy* سقي вариантына өтүп, "*su verme, sulama (суу берүү, суулоо)"* маанилерин камтып калган [www.etimolojitürkce.com].

Эгин эгиле турган жерлер күзүндө даярдалып, дыйкан суук түшкөнгө чейин жерди кандыра сугарат. Сугаттын бул процессин кыргыз тилинин түштүк говорлорунда *жакап,* ал эми башка аймактарда *биринчикара сугат* дешет. Жакап суу деп аталган формасы тажик тилинен келип кирген, бул сөздүн сөзмө-сөз мааниси *майсуу*. Тажикче *жак* - *йак* - *май* дегенди билдирет. Жакапта суу жерге тегиз жайылып, күн сууп калгандыктан тоңуп, муз да болуп калат. Жер кышы менен суу болуп жатып, жердин нымы жакшы сакталат, ошондуктан мындай сугат *жакап* - *майсуу* деп аталат. Жаз менен эгин эгилер алдында сугаттын *экинчикара сугат* деген түрү болот. Жергиликтүү элдердин айтымында эгин эгилүүчү жерди күздө жана эрте жазда эгин эгүүнүн алдында сугаруу *кара сугат* деп аталат. Эгиндер эгилип, жердин бетине жаңыдан өнүп чыкканда сугаттын *биринчи сугат* же *ак сугат*деген түрү менен сугарылат. *Ак сугат* К.К.Юдахиндин сөздүгүндө мындайча катталган: первый полив посевов после всходов [Юдахин, 2: 163]. Андан кийин эгинди суюлтуу (*жегене* -

жәгәнә), чабык иштери жүрүп, ошол процесс бүткөндөгү сугат *экинчи сугат* же *дан сугат* деп айтылат [Хурибаева 2012]. Бул сөз да К.К.Юдахинде катталган: полив посевов после колошения[Юдахин, 2: 163].

Техниканын өсүшү, техниканын айыл чарбасында колдонулушу менен сугат процесси, сугаруу да техниканын жардамы менен ишке ашып келе жатат. Ошентип, мурунку Советтер Союзу учурунда *вегетациялык сугат* менен да пахта өсүмдүгү сугарылган. Сугат процессинде сууну бардык аянттарга бирдей жеткирүү үчүн жана эгинди абдан кандыра сугарууга аракет жасап, дыйкандар, сугатчылар сууну ар бир жөөккө аз-аздан бирдей кылып агызып сугарып, аны *тароо*(*суу тароо*) деп айтат. Сугат иштерин жүргүзүүдө ар бир агатка суу жеткирүү керек болот. Узун жөөктөргө (*әгәттәргә*) суу жеткирип берүү кыйын болот. Ошондуктан суу таралып берилет. Суу тароодон мурда *әгәттәрдин* арасы, 200-300 метр аралыгында тике агарыктарга бөлүнөт. Тике агарык менен алып барылган суу эгиндин ар бир *әгәтинә* таралат. Сугатчы сууну тароодо мыкты адис болсо, сууну чайдырбастан тегиз тарайт. Суу 5-6 гектар жерге бир таралат. Башынан таралган суу *әгәттин* этек жагынан тосуп алып, текшерилип турат. Бир суучу тараса экинчи суучу аны текшерип тосуп алат. Ошентип, тароо (***суу тароо***) ыгы менен сугарылганда, суу үнөмдөлүп, аз гана суу жөөк менен акырындык менен аккандыктан эгиндин тамырларына жетип, ным бир топ төмөн кетип сугат жакшы болот. Эгинди сууга кандыра сугарууда, сугатчы-дыйкандардын айтуусуна караганда, *пайнап агызуу* жолу менен сугаруу эгинге өтө пайдалуу болот. Пайнап агызуу деген сөз кыргыз тили боюнча чыккан сөздүктөрдө жок. Сугатта пахта өзүнө керектүү сууну сиңирип алгандан кийин ашыкча суу жылып агып олтуруп жөөктүнаяк жагына чыгып, ошол агып чыккан бардык суулар чогулуп огарык (чоң жөөк) менен пайнап болуп агат. Башкача айтканда,эгинден арткан суулар. Муну Жалал-Абад областынын кээ бир аймактарында *калынты суу* деп айтат. Ылайка болуп, кир болуп аккандыгы үчүн бул сууну ***пайнап суусу*** деп аташат, ошондой эле бул сууну күндөлүк турмушка, ичкенге колдонушпайт.Бул атоо Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө мындайча чечмеленген: ***иркин*** -топтолгон ***“иркин сув”*** -топтолгон суу,

калынты суу. Топтолгон, жыйылган нерселердин баарына тең ***“иркин”*** сөзү колдонулат [Кашкари, 2011: 225].

Түркияда сугаруу иштеринин бир канча түрлөрү бар. Алар замандын талабына ылайык, сууну үнөмдөө максатында жүргүзүлөт. 1) ***Salma sulama yöntemi*** суу булагынан алып келинген сууну эркин коюп, өсүмдүктүн тамырына суу ичирүү усулу, бул көбүнчө буудай, арпа өстүрүүдө колдонулат; ***2) Karık sulama yöntemi*** Жөөктөр тартылып, ирети менен эгилген өсүмдүктөрдү сугаруу формасы, мындай сугаруу иштери көбүнчө кол менен маданий өсүмдүктөрдү сугарууда колдонулат; ***3)Tava sulama yöntemi*** сууларды бир чуңкур ичине топтоп анын жанында өскөн өсумдүктөргө таасир этүүсү, башкача айтканда, көлчүк формасында сугаруу; ***4) Uzun tava (border) sulama yöntemi*** ар бир эгилген жөөктөрдүн жанына узун, терең жөөк казып, ошол терең казылган жөөккө суу толтуруп коюлат. Андан жанындагы жөөктөгү өсүмдүктөр жер астынан суу ичишет; ***5) Damla sulama yöntemi*** ар бир өсүмдүктүн өзүнө жараша суу берүү башкача айтканда, жөөктөргө узун шлангаларды таштап, ар бир өсүмдүк турган жерин гана тешип коюп ошол тешиктен суу берүү усулу; ***6)Yağmurlama sulama yöntemi*** сууну булагынан белгилүү бир нукка салынган турбалардын жардамы менен алып келип, турбаларды жогору көздөй көтөрүп, башына суу чачыратуучу, жайылтуучу баштык кийгизип турбалардагы сууну агызганда өсүмдүктөргө суу жамгыр жаагандай болуп чачылат. Ошол сугаттын түрүн жамгырдай суулоо ыкмасы деп аташат; ***7)Mikro yağmurlama sulama yöntemi*** жамгыр сымал суугаруунун бир түрү, болгону башындагы суу чачып берүүчү инструменттин тешикчелери кичинекей болот жана анча алыска чачыратпайт; ***8) Sızdırma sulama yöntemi*** ар бир жөөктүн түбүнө шлангдардын жардамы менен суу агызуу усулу. Башкача айтканда, сууну өсүмдүктүн түбүнө сызылтып агызат; [http://www.ankara.bel.tr/files/2614/3893/6441/12-sulama_20_SAYFA.pdf].

Урук/Чигит суусу деген да сөз бар. Эгинтегиз эгилип бүткөндөн кийин жердин нымы жетишсиз болсо, эгер жаан жаабаса, эгилгенурук өнүп чыгуусу үчүн сөзсүз түрдө *урук суусу* деп атайын сугат жүргүзөт. Башка сугат

иштеринен айырмасы урук өнүп, жер бетине чыгып алуусу үчүн жардам берүүчү *сугат* болуп эсептелет. Ал эми Түркияда суу тартыш болгондугуна байланыштуу сугат иштери сууну үнөмдүү колдонууга багытталат да, сугаруунун жаңыча усулдары көбүрөөк колдонулат. Мисал катары Кыргызстанда эми гана колдонула баштаган түрү бул тамчылытып сугаруу жана чачыратып сугаруу формалары колдонулат. Бул сөз түрк тилинде бул ***sulama, damlatarak sulama*** деп аталат [РТС, 652]. Мындай процесс эски түрк тилинде *sulama, damlatarak sulama* деп колдонгону менен азыркы күндөгү сугаруунун ***damla sulama*** формасына дал келет. Эгиндердиар түрдүү зыякечтерден, ар түрдүү оорулардан сактоо үчүн ага химикаттар берилип, дарыланат. Мына ушул процесс ***дарылоо*** деп айтылат. Эгиндерди дарылоо өзүнчө бир иш болуп, кол менен да, машина менен да, тракторлор менен да ***дарылоо*** иштери аткарыла берет. Азыркы учурда көбүнчө трактор жана кол менен дарылоо иштери көп жасалат. Себеби коон, дарбыз эккен дыйкандар трактор менен дарылоо жүргүзсө ашыкча чыгым болот. Ошондуктан андай дыйканчылыкта кол менен дарылашат. Ал эми буудай, арпа жетиштирүүдө тракторлорду көп колдонушат. Ал эми мурда союз убагында алма, алча, шабдолу, жүзүм сыяктуу эгиндерге трактордун УДН деген аппараты менен дарылоо иштери жүргүзүлгөн. Азыркы күндө бак эгиндери үчүн да жалаң колдо дарылоо жүргүзүлүп келет. Түрк тилиндеги ***ilaçlama*** сөзү араб тилинин *ʿilāc* علاج *"ilaç, derman (дары, дарман)"* сөзүнөн алынган. ***İlaç*** сөзүнө *–la* мүчөсү уланып *ilaçla (дарыла)*эмгек процессин билдирген атоо жасалды. Уңгусу араб тилинен алынганы менен, түрк тилдериндеги этиштерди уюштуруучу *-la* мүчөсү жалганып, *ilaçla (дарыла)* сөзү жасалып жатат [www.etimolojitürkce.com].

Коон, дарбыз жетиштирген дыйкандардын ишинде башка эгиндерди эккен дыйкандардан айырмалаган ***кумдоо/кумдак*** деген иш процесси бар. Бүгүнкү күндө коон, дарбыздарды эрте бышыруу үчүн кленка колдонуп, кар кетери менен ар бир жөөккө кленка тартышып, анын түбүнө эгиндин уруктарын эге башташат. Ошол кленка менен эгүүнүн натыйжасында бир канча

жумуш процесси дагы аткарылат. Кленканын түбүндө өнүп чыккан эгиндерди аба алуусу үчүн биринчи иш кленканы тешүү болуп эсептелет. Андан кийин көчөт бир аз (бир жумадан кийин) чоңойгондон кийин биз айткан кумдоо иши жүргүзүлөт. Кленканын тешилген жерлерин кайрадан кум, топурак менен көмүп чыгышат. Эгер ал жерлерди көмбөсө, кленканын тешилген жерлеринен коон, дарбыздан бөлөк оттор, чөптөр да чыгып кетиши мүмкүн. Ал чыккан оттор эгиндин жетишүүсүнө тоскоолдук кылат. Башкача айтканда, эгинге керектүү азыктарды өздөрүнө тартып алат. Ошондуктан түйүлдүктөрү чоңойгонго чейин ашыкча отоо чөптөр тынымсыз тазаланып турат.Түркияда коон, дарбызды жетиштирүү усулдары башкача болгондуктан, бул атоонун түрк тилиндеги вариантын тапкан жокпуз. Себеби Түркияда бардык иштер тракторду жардамы менен жасалат. Андан сырткары дарбыз, коон Түркияда алгачкы учурларда жерде эмес, атайын жасалган идиштерде өстүрүлүп, гүлдөөр учурга жакын жерге отургузулат. Ошондуктан бул атоо түрк тилинде кездешпейт.

Дискелөө / дискәлөө деген атоонун мындайча маанисин байкадык: бул тракторду жардамы менен жүргүзүлүүчү иш, алгач жер*амач* менен айдалып, алжерлерди кайрадан тегиздөө иши жүргүзүлөт. Жерди тегиздөөдө адегенде *малалап*, андан кийин эгиндин өнүп чыгышы үчүн жер жумшак болсун деп дискалашат. Бул процесс тракторлорго чырмалышкан *дискалардын* жардамы менен болот. Ошон үчүн *дискәлөө* (*дискалоо*) деп аталат, орус тилинен келген сөздөн жасалган [Хурибаева 2012]. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *жагана* деген сөз бар, анын мындай мааниси берилген: Пахта өсүмдүгүнүн арасын суюлтуу, анын артык баш бутактарын кесип таштоо иштери [КТТС, 170]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо сөздүн пахтачылык лексикасындагы мааниси чечмеленип берилген: жагене тоже что *жегене. Жегене-ир.южн*. (жагана) одинокий, единственный; *гозолорду жегене кылуус.х.* прореживание хлопчатника. *Жегенеле- южн*. (жаганала) *с.х.* прореживать (хлопок) [Юдахин, 1: 210, 242]. Бир эле маанидеги сөз эки сөздүктө ар түрдүү жазылышка ээ болуп турат. Кыргыз тилинин түштүк говорлорунда ***жәгәнә, жәгәнәлөө*** деп айтылат

[Хурибаева 2012]. Өсүмдүктөрдү кошумча семирткич заттар, химикаттар менен камсыз кылуу, ***азыктандыруу*** **(**жер семирткичтерди берүү**)** иштери өзүнчө баскычтар менен атайын жүргүзүлөт. Өсүмдүктөргө аны асырап өстүрүүдө өнөр жай жер семирткичтери (завод, фабрикаларда иштелип чыккан дарылар) менен катар жергиликтүү жер семирткичтери (үй жандыктарынын көңү, кыгы) да колдонулат. Жергиликтүү жер семирткичтер күзүндө, эгин жыйналып бүткөндөн кийин жерди амач менен айдап ошону менен катар кык, көңдөр себилип коюлат, андан соң эрте жазда трактор менен айдалып *азыктандырылат*. Айдаган учурда жердин астында калган жер семирткичтер жерге дагы көбүрөөк азык берет. Эгиндер эгилип жер бетине тегиз чыккандан кийин гана өнөржайжер семирткичтери (***азот, фосфор, калий, селитра, карбамид*** ж.б.), химиялык жер семирткичтер сугаруу иши менен чогуу берилип *азыктандырылат*. Ал эми шалы сыяктуу өсүмдүктөрсуунун ичинде өскөндүктөн ошол турган суусуна эле себилет да ошол суусунан азыктанат. Эгиндердин астын жумшартуу, аларга суу коюуга ылайыкташтырып жөөктөрдү тартуу үчүн атайын *культивация* керек болот. Бул жерди *культиватор* менен жумшартуу, иштетүү аркылуу ишке ашат. Дыйканчылыкта орус тилинен кабыл алынып, тракторгоатайын жумшарткыч культиватор чиркелиштирилип пайдаланылат. *Культивациялоодо* культиваторго кошумча *наральщик, кикиви, лапка, замок*ж.б. механикалык шаймандаркошо колдонулат. *Культивациянын* негизги кызматы пахтанын түбүн, тегерегин жумшартуу болуп эсептелет.Бул атоо дыйканчылыктын тамекичилик, жүгөрүчүлүк, күн карама жетиштирүүдө, коон, дарбыз, пахтачылык лексикасында колдонулат. Культивация түрк тилинде ***kültivatör, kültivatörle toprağı yumuşatma, toprağı kültivatörle işlemek, üretmek, yetiştirmek, ekmek yaymak, kökleştirmek*** формаларында колдонулат [РТС, 358].

Ал эми буудай, арпа, жүгөрү ж.б. дан эгиндерин жетиштирүүдө бул иш чаранын башка түрү *окушник/акушник*деген техниканын жабдыгы колдонулат. Ал да культиватор сыяктуу эгинге суу коюу үчүн жөөктөрдү тартып кетет. Айырмасы *окушник/акушник* культиваторго караганда бир аз тереңирээк казат.

Орусча *культиватор*түрк тилинде *kültivatör* формасында колдонулат. Бул аталыштын эки тилде окшош колдонулушу кезегинде токтоолбуз.Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *малалоо* (*мала тартуу*) деген аталыштын мындай мааниси берилген: *малала* этишинин кыймыл атоочу. *Малалаэтиши*. Мала тартуу, топуракты майдалоо [КТТС, 417]. Жергиликтүү калктын кебинде мындай мааниси бар: эгин эгүүдөн мурда жердин топурактарын тегиз майдалап, жерди тегиздөөдө *малалоо* иши жүргүзүлөт. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө төмөнкүдөй маанилери катталган: *мала* -пук колючки или хвороста, употреблявшийся в качестве бороны; темир мала -борона с железными зубьями; *мала тарт* -бороновать [Юдахин, 1985:14].

Ал эми түрк тилинде ***tırmık, tırmığı, tırmıklamak, tırmıklama*** маанилеринде кездешет [РТС, 55]. *Tırmık* сөзү түрк тилдерине тийиштүү сөз, алгачкы формасы ***tırŋa-/tırma***, ага -*ik* мүчөсү уланып *tırmık* сөзү жасалган. Алгачкы маалыматтар М.Кашкаринин сөздүгүндө ***tarmak***, түрк тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө ***tırmuk*** формаларында берилген. ***Tarmak*** "*vahşi hayvan veya kuş pençesi, bir tarım aleti* (жапайы айбандардын же куштардын тырмагы, дыйканчылыкта иштетилүүчү курал)" [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)]. ***Tırmuk*** –талаада жерди иштетүүдө колдонулуучу курал [TDK, Tarama Sözlüğü (1500 yılından önce)].

Эгиндерди ашыкча чөптөрдөн атайын арылткан ишти билдирген ишти *отоо (оток)*деп аташат. Бул сөз К.К.Юдахиндин сөздүгүндө катталган: оток *редко, то же, что* отоо 1. *и.д. отоо*- пропалывание, полка (Юдахин, 2: 84). Түрк тилинде *bostan, tarlayı zararlı otlardan ayıklama, otlardan ayıklama, ayıklama* формаларында колдонулат [РТС, 655]. Түрк тилинде бул атоо *otlardan ayıklama* деген эки тутумдан турат. Биринчи тутумундагы *ot* сөзү түрк тилдеринин төл сөзү. ***Ot*** сөзү 1000-жылдардан баштап кездешет. ***Ot*** - *"kendiliğinden yetişen küçük bitki, özellikle şifalı bitki*(өз алдынча өскөн өсүмдүк, дарылык касиетке да ээ)" [Uygurca (1000 yılından önce)]. *Otlamak* "ot yemek (оттоо, от же)" [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)]. *Otlak* "otlanan yer (жайыт же жаныбарлар оттой турган жер)" [Aşık Paşa, Garib-

name(1330)] . *Otlamak* "izinsiz başkasının malından kullanmak (argo) (уруксаты жок башка бирөөнүн мүлкүнөн колдонуу (сөз каймана мааниде))" [A. Fikri, Lugat-ı Garibe (1889)]. Ал эми экинчи тутумундагы *ayıklama* сөзү эски түрк тилинде *adırtla- < adırt, ayırt, ayırma* варианттарында колдонулган. Тыбыштык өзгөрүүлөрдөн кийин ***ayır*** формасында колдонула баштаган. Ага *-la* этиш жасоочу мүчө уланып, ***ayıkla*** сөзү жасалган [www.etimolojitürkce.com].

Дан эгиндерин жетиштирген талааларда *паласа оруу* деген атоо бар. Бул атоонун мындайча мааниси бар: эгин бышып жетилген учурда, эгин аянттарына комбайн, трактор, машиналар кириши үчүн атайын жол даярдалат. Ал жолду кээде кол менен оруп даярдашса, кээде комбайн өзү оруп даярдайт. Башкача айтканда, комбайндын артынан башка жүк ташуучу техникалардын кирүүсүнө жол ачылат. Бул атоо орус тилинен кабыл алынган сөз деп эсептейбиз, *паласа оруу* -орусча *косить* жана *полоса* деген сөздөрүнөналынган деп ойлойбуз. Машина жүргүдөй кылып, бир нече тилкенин эгиндерин оруп коёт. Түрк тилинде болсо бул атоо эки бөлөк сөз менен берилет: паласа - *bülge, saha, mıntıka*маанисинде болсо [РТС, 655], оруу *-biçmek, tırpanlamak, kırmak, alıp götürmek* деген формалары каралып, алардын ичинен биздин иликтөөгө жакыны *biçmek, kırmak* деген маанилери деп эсептейбиз [РТС, 344]. *Biçmek, kırmak* сөздөрү экөө тең түрк тилдерине таандык. *Biç-, kır-* уңгуларына түрк тилиндеги атоочтуктун *-mak* мүчөсү жалганып жасалды. Берген мааниси болсо, өсүмдүктөрдү *оруу, жыйноо, кесүү,сындыруу ж.б.* [www.etimolojitürkce.com].

Эгин айдалуучу жер даярдалып бүткөндөн кийин ага *жөөк* (*әгәт*) алынат. Бул атоо Жалал-Абад, Ош областтарынын кээ бир аймактарында *пушта* деп аталат. *Пушта* эки катар эгилген эгиндерде колдонулат. Мисалы, картошка, помидор, пахта, тамеки, күн карама, кызылча, түрп, дарбыз, коон ж.б.Бул сыяктуу эгиндерде жерди жумшартуу, сугат иштерин ошол пушталар аркылуу жүргүзүшөт. Пушта алуу иши сеялканын жардамы менен жүргүзүлөт. К.К.Юдахин бул атоонун мындай маанилерин каттаган: *жөөк - южн*. грядка (*гл.обр. на огороде, бахче, хлопковом поле*) [Юдахин, 1: 265]. Түрк тилинен болсо төмөнкүдөй маанилерин каттадык: *жөөк -evlek, evleği,*

küçük evlek маанисинде болсо, *жөөк тартуу -evlek yapmak* деген маанилерде кездешет. Түрк тилине бул атоо грек тилинин ***avláki αυλάκι*** – эгин талаасында соко менен тартылган жол, жөөк, канал, суу агытуучу деген сөзүнөн алынган. Ал төмөнкүдөй маанилерде колдонулат: 1. *sürmek, sürüklemek, ağır bir şeyi çekmek* (айдоо, оор нерсе менен тартуу, жол ачуу); 2. *toprak sürmek* (топуракты айдоо, майдалоо. Мисалы: *"Toprakta sabanla açılan yarık"* [Câmi-ül Fürs (1501)]. *"Sabanın derince çizgisi ki bir dönüm yerde dört kısım hasıl eder"* [Ahmet Vefik Paşa, Lugat-ı Osmani (1876)]. *Dönümün dörtte biri olan arazi ölçüsü - Umum mesahası 47 dönüm bir evlek 149 arşındır* [www.etimolojitürkce.com].

Эгиндер эгиле турган жайлар атайын *чызылдалат.*Бул атоо да орус тилинин ***чизель*** деген сөзүнөн алынган [УТИЛ, 2: 366]. Техниканын бул түрү оозеки тилде **чызыл**, ал эми кабыл алынган тилде *чизель* деп аталат. *Чизель* культиваторлору жерлерди жумшартуу менен катар жердин кыртышын коңторбой туруп,эгин талаасынын топурагын кадыресе аралаштырууну жүргүзүүчү курал. Бул техника кол иштерин жеңилдетет. Башкача айтканда, чабыктын ордуна эгер чөптөрү аз болсо, *чизель* салып койсо да болот. Эки элдин да оозеки сүйлөшүү кебинде бул атоону жолуктурдук, бирок эч кайсы сөздүктөн чечмеленишин тапкан жокпуз. Кыргыз тилинде *чызыл, культивация чызылы* деген мааниде колдонулса, түрк тилинде ***kültivatör keskisi, keski*** деген формаларда колдонулат. Эки тутумдан турган бул атоонун биринчи тутуму немец тилинен ***Cultivator*** кылып өзгөрүүсүз кабыл алынган, ал эми экинчи тутумундагы ***kes***- уңгусуз түрк тилинде тиешелүү уңгулардан.

Тамекичиликке мүнөздүү аткарылуучу иш бул –*чиканкалоо*. Тамеки жетилип бою 1,5-2 метрге чейин өсөт да, эң башындагы гүлүн бычак менен кыркып салууга туура келет. Анткени гүлдөгөндөн кийин жалбырак байлагандыктан анын тамырдан келген азыктары гүлгө ашыкча кетпесин деп кыркып салышат. Ушул эле аталыш пахтачылык лексикасында да кездешет: пахтачылыкта атайын *чеканкалоо* болот. Кыргыз тилинин түштүк говорлорунун тили менен айтканда *чиканкалөө*. Бул процесс отоо мезгилинен кийин болот. Мында пахтанын өсүүчү бөлүгү жулунуп же кесилип салынат. Бул процессти

Ош облусунун пахта эккен райондорунда *чиканка* деп кездешет. Бирок экөө тең бирдей маанини берет. *Соолума оорусу пайда болгонуна байланыштуу чиканкага дагы этек асыш керек болуп атат. Ошон үчүн этекти мойнуңардан түшүрүөй чиканкани этекке салгыла* (к-с). *Андыктан гозолорду чеканкалоону агротехникалык эрежелердин негизинде өтө кылдаттык менен жүргүзүү талап кылынат* [“Жеңиш жолунда”, 21.07 1958].

Эки тилде тең активдүү колдонулган эмгек процессине байланыштуу эркин сөз айкаштарынан мисал келтирсек: суула [132] // sulamak [132], жер казуу // yer çapalamak, toprağı çapalamak, жер жумшартуу // toprağı yumuşatmak, үйрөп себүү // tohum atmak, ekmek, суу сугаруу // sulamak, tarla sulamak, su vermek, отосун отоо // yabani otları çekmek, эгин чабуу // hasat, ekin biçme, чөп чабуу // tırpan atmak, tırpanla ot biçimi, чөп жүктөө // ot taşımak, эгин ташуу // ekin taşımak, эгинди кампага киргизүү // tahıl depolamak, эгин сактоо // tahıl depolamak, түшүм алуу // hasat toplama, чөп түшүрүү // ot indirmek, бастырмага чөп киргизүү // silaj çukuruna ot saklama, арык казуу // ark kazmak, өсүмдүктүн солун чабуу // çapa yapmak, даары себүү // gübrelemek, даары менен даарылоо // gübrelemek, түшүм жыйноо // hasat vakti-zamanı, hasat etmek, таразага тартуу // tartıya sokmak, чөптү түктөө // balya yapmak, химиялык жер семирткич чачуу // kimyasal gübre, биологиялык жер семирткич чачуу // суу чачуу // sulamakотоо жулуу // otları çekmek, түбүн жумшартуу // toprağı yumuşatmak, сактоочу жайга сактоо // depoya saklamak, жер тоңдуруу // toprağı dondurmak, көчөт отургузуу- // fide bağlamak, көчөт өстүрүү // fide yetiştirmek, араба менен ташуу // arabayla taşımak, арык байло // ark bağlama, кулак байлоо // ark bağlama, эгинди капка салуу // çuvallara koymak, жерди малалоо // yer sürgülemek-tapanlamak, машак терүү // çekirdeği toplamak, өзөк жулуу // çelik ayıklamak, кабык арчуу // soymak, алачык тигүү // kulübe yapmak, бастырма салуу // depoya koymak, бүчүр байлоо // tohum bağlamak, кызылча жулуу // pancar ayıklamak, тамеки тизүү // tütün dizmek, пияз кургатуу // soğan kurutmak [132].

Кыргыз тилинде болобу, түрк тилинде болобу ушул мезгилге чейин эмгек процессине байланыштуу сөздөр активдүү колдонгонун көрүүгө болот.

2.7. Дыйканчылыкта эмгек куралдарынын аталыштары

Кыргыздар илгери жерди кол менен иштетип, кош өгүз менен жер айдашкан. Кош өгүз менен жер айдагандагы эмгек куралдарынын бири - ***амач/кош.*** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *амач* деп катталган: *зат*. буурсун [КТТС, 50]. Кээ бир дыйканчылык аймактарында *кош* деген түрүндө жолуктурдук. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө да катталып, эки мааниси менен берилген: *Абдал*- южн. то же, что буурсун. Кыргызстандын түштүк аймагында сокого же соконун буурсунунушундай аташат. Жыйым-терим бүткөндөн кийин жерди кийинки жылга даярдоодо соко менен айдашат. Бул азыркы учурда трактор менен жете албаган жерлерде колдонулат. Башкача айтканда, бул куралды трактор пайда болгон учурга чейин колдонушкан. Азыр бул куралдын ордуна тракторду*н амач* деген бөлүмүн колдонушат. Ушул эле атоонун *буурсун* деген формасы да колдонулат. *Буурсун*- соха; (точнее *Соконун бурсуну*) рукоять плуга или сохи[Юдахин, 1: 164]. Х.Карасаев бул сөздү иран тилдеринен келип кирген деп көрсөткөн [Карасаев, 1986: 34]. Элдин кебинде амачтын эки түрү колдонуларын билдик. Биринчиси *темир амач*, бул тракторго уланып, бир нече метр жерди омкоруп айдап кетет. Экинчиси *жыгач амач*, бул атка же өгүзгө кошулуп, жерди бир эле чыйыр омкоруп кетет. Бул трактор чыкканга чейин иштетилген, азыр калк өздөрүнүн кичинекей үлүш жерлерин, огороддорун айдоодо колдонушат. Кээ бир аймактарда ал *соко* деп да аталат. Иликтөөгө алынган жерлерде да эки атоонун сокоформасы көбүрөөк колдонулаарын байкадык. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө *емеч* -буурсун, жыгач соко, дыйкан шайманы деп берилген [Кашкари, 2011:133]. Түрк тилинде *saban,karasaban* формасында кездешет [РТС, 865]. *Saban* сөзү *sap*- (*saplamak, sokmak*) түрк тилдерине тийиштүү сөздөн алынган.*Мисалы:* ***saban*** "karasaban, çift sürme aygıtı" [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)].

Дыйканчылыкта жерди даярдоодо топурактарды ундай кылып майдалап берүүчү курал *барана*. Ал тракторго уланып, үстү жагы крест абалында бири-бирине чиркелишкен, астында 25-30 сантиметрдей узун тиштери бар темирден жасалган курал (*ор*. борона). Эгер жерлерди бараналабай туруп эгинди эксек чоң кесектер уруктун үстүнө түшүп калса, анда ал урук чыкпай калат. Түрк тилинде *tırmık, tırmığı* маанилери катталды [РТС, 55]. Эски түрк тилиндеги формасы *tırŋa*- veya *tırma*- "pençe vurmak" этишке *-ık* мүчөсү жалганып жасалган. Мисалы: ***tarmak*** "*vahşi hayvan veya kuş pençesi, bir tarım aleti"* [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)]. ***tırmık*** [TDK, Tarama Sözlüğü (1500 yılından önce)].

Дыйканчылыкта жыйым-терим убагында *бешилик/айры* да колдонулат. ***Бешилик***- К.К.Юдахиндин сөздүгүндө мындай маанилери берилген: 1. см. *илик*I; 2. пятёрка (в картах); 3. Пятёрка (школьная отметка) деп которулуп берилген бул зат эгиндерди жыйноо учурунда колдонулат. Кыргыз тилинин ар башка говорлорунда ар кандай айтылып жүрөт. Кээ бир говорлордо илик, кээлеринде бешилик, ал эми дагы башка биринде айры деген формаларда колдонулат. ***Айры/бешилик***- айыл чарба шайманы. Аны кыргыздар учундагы иймек темирлердин санына жараша беш илик, төрт илик, үч илик деп да аташары белгилүү. Айры чөп, саман, пахта, жүгөрү жыйноодо, үй чарбасындагы башка жумуштарды аткарууда колдонулган негизги шаймандардын бири. Илгери жыгач айры колдонулган, темирдин кеңири таралышынан соң, темир айры колдонулуп калган. Түрк тилинде бул атоо кыргыз тилине үндөшүп ***beşli, beşlik*** деген формада колдонулат [РТС, 745]. Бул атоо түрк тилдеринин төл сөзү болуп, *beşli, beşlik* сөздөрүн “беш” деген сан атоочко байланыштуу деп карашат. *Beş+li, beş+lik,* башкача айтканда, *beş* сан атооч сөзүнө *+li* , *+lik* мүчөлөрү уланып, зат атоочту уюштурду. *Beş* сөзү колдонулган алгачкы булак Орхон-Энисей жазуулары болуп эсептелет. *Мисалы: béş* "5 sayısı" [Orhun Yazıtları (735) : *béş tümen sü kelti [elli bin asker geldi]*]. Ал эми Кашкаринин сөздүгүнөн мындай вариантын каттадык: *азры - айры, ача*, буудай тазалоодо колдонуучу шайман [Кашкари, 2011:253].

Айыл-чарба машиналарынын, тракторлордун бөлүгү *градил.* Орус тилинин *грядил* деген сөзүнөн кабыл алынган. Эгин эгилүүчү жерди тегиздөө үчүн колдонулган бул механикалык куралдынийилген учтарына жазылыгы 50 миллиметр, учу учтуу жасалган *наральщиктер* орнотулган болот. Узундугу 2,5-3 метр болгон бул курал тракторго чиркелип, жердин чуңкур жерлерин тегиздеп берүү милдетин аткарат.Түрк тилинде так ушул атоодо колдонулбаса да, ушуга жакын *evlek (жөөк, арык), evlek yapmak (жөөк алуу, арык алуучу), silsile, dizi (катар, катарлоочу)* сыяктуу аталыштар колдонулат [РТС, 164]. Биринчи маанисиндеги *evlek сөзү* грек тилинин ***avláki αυλάκι*** – эгин талаасында соко менен тартылган жол, жөөк, канал, суу агытуучу деген сөзүнөн алынган. Ал эми экинчи маанидеги ***silsile*** сөзү араб тилинин *slsl* уңгусунан алынып, *silsila*[t] سلسلة "zincir (чынжыр, зынжыр)" маанисин берет. Ал эми *salsala* سلسل сөзү "zincirlenme (чынжырлоо, зынжырлоо)" этиш маанини берип калат [www.etimolojitürkce.com]. Азыр дыйканчылыкта мааниси өзгөрүп тракторго чырмашкан, жер иштетүүчү куралдарга айтылып калган. Эгин эгүүдөн мурда дагы бир темир курал *диске.* Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө бул сөздүн мындай маанилери берилген: 1. *диск* (тегерек жалпак нерсе), *металлический диск* металл диск; 2. *спорт. диск* (жеңил атлеткада ыргытылуучу тегерек); 3. *астр.диск* (жерден караганда планетанын тегерек сыяктуу болуп көрүнүшү); *солнечный диск* күн дискиси [КТТС, 163]. Ал эми К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө башка маанилери менен кошо дыйканчылыкта айтылган мааниси да берилген: *дискалуу* дисковый, *дискалуу мала* дисковая борона [Юдахин, 1: 195].Бул сөз түрк тилинин оозеки кебинде ***yuvarlak tırmık, daire tırmık*** сыяктуу аталыштарды кездештирдик, бирок сөздүктөрдөн, илимий изилдөөлөрдөн жолуктура албадык. Түрк тилиндеги бул атоо эки тутумдан туруп, биринчи тутмундагы *yuvarlak* сөзү түрк тилинин төл сөзү, ***yuv-/uv***- ufalamak, yuvarlamak (тегерек, тегеренүү) уңгуларынан алынган. Экинчи тутумундагы ***Tırmık*** сөзү да түрк тилдерине тийиштүү болуп, алгачкы формасы ***tırŋa-/tırma***, ага +*ik* мүчөсү уланып *tırmık* сөзү жасалган [www.etimolojitürkce.com].

Айыл-чарба техника шаймандарын бири–бирине бекитип, байланыштырып турган шайман *замок* болуп саналат. Дыйканчылыктагы мааниси мындай: культиваторго ар бир курал замок менен бекитилет, байланат. *Кикиви, наральщик, насок, лапка* сыяктуу техникалык жабдыктардан кийин сөзсүз *замок* катырылат. Дыйкандардын айтымына караганда мурда ар бир трактордо кырк сегизден баштап алтымыш төрткө чейин *замоктор* болгон экен. Азыркы мезгилде ал азайыпжыйырма сегиз,отуз алты *замок* тагылып жатканын айтышат. Себеби мурда союз кезинде техникалардын бардыгы талапка жооп берген, азыркы учурда ким тапканын колдонуп жатат. Түрк тилинде *kültivatör kilidi, kilit, geçme* сыяктуу маанилерде колдонулат [РТС, 247]. Түрк тилиндеги *kültivatör kilidi* деген формасы эки сөздөн турат, биринчи тутуму немец тилинин ***Cultivator*** деген сөзүнөн өзгөрүүсүз кабыл алынган. Ал эми экинчи тутумундагы ***kilit*** сөзү фарс тилинин *kilīd/kelīd* كليد anahtar (ачкыч), грек тилинин *kleïs, kleid- κλεϊς, κλειδ, kleíō κλείω kapatmak* (жабуу), *kapalı olmak* (жабык болуу), *örtmek* (жабуу) сөздөрүнөн алынгандыгы белгиленет [www.etimolojitürkce.com]. Биз иликтөө жүргүзгөн тармакка грек тилиндеги мааниси туура келет деп эсептейбиз. Себеби дыйканчылыкта колдонулган мааниси –культиваторду жаап турган куралдын аталышы. Айылчарба терминдеринин бири, кыргыз элинин ашкана куралы менен аталып калган *капкир*(*кепкир*)**.** Биз бул атоонун мындайча маанилерин каттадык: *депкир* (кепкир) ир. «кафкур». Көбүнчө күрүч басууда, боорсок, каттама ж.б. бышырууда колдонулуучу ашкана буюму. Тамак кууруу, чий көбүк алуу, палоо басуу, лагман кесмесин сүзүү жана аларды идишке салууда пайдаланылат. Депкир диаметри 15-20 см. калдыркан темирден жасалып, узундугу 35-45 см. жумуру же жалпак темир сабы болот. Депкир сабынын кармалчу учуна жыгач же мүйүз бекитилип, илип коюш үчүн чаркталат. Депкир айрым жерлерде кепкир, кептур, капкур ж.б. деп да аталып жүрөт(Эралиев, Каратаев :2005). Ал эми дыйканчылыкта бул сөз механикалык термин болуп, ал эгин эгүү мезгилиндеги сеялканын бир бөлүгү катары кызмат кылат. Сеялканын *кәпкири* ачып берген жерге *провот* (*ор*. провод) аркылуу эгиндин уругу түшөт, урук

түшкөндөн кийин үстүн *каток* жаап кетет. Башкача айтканда, сеялканын жер чукуп бергичи. Тракторго *чызыл* жана *культиватор* менен чогуу чиркелишип, эгиндин астын жумшартуу, анын астындагы топурактарды майдалоо ишин *кикиви* аткарат.Узун культиваторго аралыгы беш сантиметрден калтырылып катарлаштырылып адегенде *кикиви*, анан *насок*, андан *наральщик,*кийин *лапка* орнотулат. Бардыгынын милдети эгиндин астындагы ашыкча отторду тазалап, топурактарды майдалап, түбүн жумшартуу болуп эсептелет. Орусча-кыргызча сөздүктө иран тилинен кирген сөз деп, *кепкир/кепкүр* -шумовка мааниси катталган [Юдахин 1965: 375]. Ошондой эле түрк тилинде ***kevgir*** формасында колдонулуп, кыргыз тилиндеги атоого үндөшөт [РТС, 1009]. Бул атоо фарс тилинин *kafgīr* کفگیر *süzgeç* (сүзгүч) *kaf* کف *köpük* (көбүк) + *gīr* گیر *tutan* (тутуучу, кармоочу) деген сөздөрүнөн уюшулган [www.etimolojitürkce.com]. Кадимки айыл-чарба куралы - ***кетмен***, дыйканчылыкта кеңири колдонулуучу эмгек куралы. *Кетмен* байыркы доорлордо дыйканчылык менен кошо пайда болуп, адегенде таштан, андан соң колодон, кийин темирден жасалган алгачкы куралдардын бири. Кетмен колдонулган алгачкы аймактарга Байыркы Египетти, Эки Дарыя аралыгын, Мавераннахр, Инд-Ганг аймагын, эзелки Кытайды кошууга болот. Анын уңгусу, башы жана сабы болот. Кетмендин башы үч бурч, тегерек, сүйрү формада келип, жалпак курч темирдей узундугу 25-30 см, эни 20-30-см болуп учурда өндүрүштүк ыкма менен жасалат. Уңгусуна 5-7 см. келген жоон түтүкчө ширетилет же кадалат да, ага 1,5 м түзүлүшү жумуру жыгач сапталат. Бети жылмаланып, мизи курчутулуп, уңгусу жанынан эки чети ичин көздөй бир аз кайрылат. Анын151 салмагы 2-3 кг айланасында болот. Кетмен ушул күндөрдө да жергебиздеги дыйканчылыкта кеңири колдонулуп келет.*Кетмен*эгиндин астын жумшартуу жана башка отоо чөптөрдөн арылтуумаксатында колдонулат. Дагы бир адабияттардан кетмендин төмөнкүдөй мааниси бар экендигине күбө болдук: *кетмен*- “жер казуу, арык чабуу ж.б. иштерге колдонулуучу эмгек куралы” К.Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” *кетмен* иран тилинен кирген сөз катары көрсөтүлүп жүрөт, бирок тажик тилинде *кетмен* сөзүнүн ордуна *каланд* “мотыга” деген башка сөз

айтылат. Биздин замандын XI кылымында жазылган М.Кашгаринин “Дивану лугат-иттүрк” сөздүгүндө *кетмэн* сөзү кездешет, уйгур тилинде дагы *кэтмэн* сөзү жолугат[Кашкари, 2011]. Бул сөз түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүндө жок. К.К. Юдахиндин сөздүгүндө иран тилинен алынган деген ой айтылган: ***кетмен****ир*. -кетмень; *кемен чап* -копать кетменём; *кетменди уңгусуна киргизе чап* -пускай кетмень глубже; *кызыл кетмен* -разгар весенних полевых работ ж.б. [Юдахин 1965: 382]. Түрк тилинде кетмен сөзү *çapa, kazma*деп колдонулса, кетменде же чап, чабуу сөздөрү *çapalamak* формасында колдонулат [РТС, 413]. Бирок, түрк тилиндеги мааниси *çapa*сөзүтүрк тилдерине таандык болгон *çap*- vurmak, çarpmak (чабуу, уруу) уңгусуна -ga мүчөсүнүн уланышы менен жасалган [www.etimolojitürkce.com]. Ал эми экинчи варианты *kazma* сөзү да түрк тилдерине таандык болусу керек деп эсептейбиз. Себеби *kaz- (*казуу) уңгусуна түрк тилинин кыймыл атоочту уюштуруучу *-mak* мүчөсү уланып жасалган деген ойдобуз.

Күрөк- дыйканчылыкта көп колдонулган куралдардын бирөөсү. Мунун *темир күрөк, жыгач күрөк, кол күрөк* деп айтылган түрлөрүн каттадык. Дыйканчылыкта булардын ичинен *жыгач күрөк, темир күрөк* көп колдонулаары байкалат. Ал эми шалычылыкта *жыгач күрөк* менен катар *кол күрөк* да колдонулат. Себеби, шалы эгүүдө шалынын палдарын даярдоодо, анын жака белдерин казууда *кол күрөк* керек болот. Ал кээ бир аймактарда *бел күрөк* деп да аталат. Дыйканчылыкта күрөк сыяктуу дагы бир курал колдонулат. Ал ***калак*** - уч жагы жалпак, жука миздүү, саптуу күрөк сымал жыгач курал. Калак абдан көп көлөмдө камыр жууруганда, бозонун шагын аралаштырганда жана кайнатканда, эжигей бышырганда, курут даярдаш үчүн сүзмө менен эжигейди аралаштырган- да, шакар кайнатып самын уптаганда ж.б. колдонулат. Кыска саптуу жазы калак очоктон, тандырдан күл чыгарууда пайдаланылат. Калак - сууда сүзүүчү кайыктын эки шилегичин да туюнтат [Эралиев, Каратаев: 2005]. Ал эми түрк тилинде кыргыз тили менен бирдей атоодо *kürek, bel, bel kürek* формалары колдонулат [РТС, 376]. Бул атоо түрк тилдерине таандык. Алгачкы маалыматтар М.Кашкаринин сөздүгүндө

берилген. Мисалы: *kürgek [1. sandal küreği, 2. toprağı kazmaya veya kar küremeye yarayan alet]* [Kaşgarî, Divan-ı Lugati't-Türk, 1073] Андан сырткары түрк тилинде кемени башкаруучу калакка да *kürek* сөзү колдонулат. Мисалы:*küreğe salmak, göndermek: Ad triremes amandare (gemilerde kürek çekmeğe mahkûm etmek (кеменин калактарын айдоого жазага тартуу, жаза катары кеме айдатуу))* [Ahmed Vefik Paşa, Lehçe-i Osmani, 1876]. Ал kürek *cezası* деп да айтылат. Адамдарын дене мүчөсүндөгү сөөгүнө да*kürek* сөзү колдонулат. *Мисалы: kürek kemiği.* Ал эми сөздүн жасалышы болсо, *küremek, eşmek, kazımak (казуу)* уңгусуна мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган [www.etimolojitürkce.com]. Ал эми К.К.Юдахин төмөнкүдөй маанилерин каттаган: *күрөк* -лопата; *темир күрөк* же *бел күрөк* -железная лопата; *кол күрөк* -лопата с малой лопастью; *жыгач күрөк* -деревянная лопата ж.б. [Юдахин 1965, 470].

Калбыр - дан жана башка азыктарды тазалоочу чарба куралы. Дыйканчылыкта, ошондой эле курулуш иштеринде да кеңири колдонулат. Ал болот, темир зымдан, бекем жана бышык жиптен тордолуп же жука, жалпак темирден атайын көзөлүп жасалат. Көлөмү, узундугу ар кандай зарылчылыктарга ылайык жасалып, элек сымал болот. Түрк тилинде болсо ***kalbur, elek*** деген формаларын каттадык [РТС, 792]. Эки тилде бирдей колдонулары тилдердин тектештигин дагы бир ирет далилдейт. Түрк тилинде бул атоонун араб, латын тилдеринен келгендиги жөнүндө айрым көз караштар бар. Бул атоо араб тилинин *ġirbāl/ġirbīl* غربال/ غربيل *[ġrbl] elek* (элек), латын тилинин *crībrum, cernere, crē- seçmek, elemek* (тандоо, элөө) деген сөздөрү менен байланышат [www.etimolojitürkce.com]. Ал эмитүркий тилдер сөздүгүнөн ***андыг*** *-элек, калбыр,өткөрмө* өңдүүлөрдүн тегерек кырбуусу жана ***“евүскү”*** - элеп сапыра турган буюмду билдирет деген маанилерин каттадык. ***Евүсди*** - эледи, сапырды деген этиштен жасалган [Кашкари 2011: 55, 241]. Ал эми К.К.Юдахин иран тилинен кабыл алынган сөз деп, мындайча маанилерин каттаган: ***калбыр****ир*.решето; *чычкан ийинине кире албай жатып, куйругуна калбыр байлаптырпогов*.[Юдахин 1965: 330]

Араба - унаа чегилүүчү жыйналган түшүмдү ташуучу чарба шайманы. Араба менен азыр негизинен чарба ишиндеги, дыйкан чарбалардагы жүк ташылат. Арабанын бир нече түрү белгилүү. Түрк тилинде ***el arabası, yük arabası, araba*** деген мааниде колдонулат [РТС, 899]. Ал эми кыргызча-орусча сөздүктө *араба* -телега; *кол араба* -тачка, ручная тележка деп катталган [Юдахин, 1:63]. Араба сөзү көбүнчө техникага байланышпаган, ат, эшек, өгүз менен жай жумуш аткарууга негизделгендиктен, азыр анчалык популярдуу болбогону менен мурунку доордо өтө кеңири кездешкен. Эл арасында "ашыкпаган араба менен коёнго жетиптир" сөзү бекеринен калбагандыр. Эки тилде бирдей аталышка ээ болгону менен, түрк илимпоздору бул атоону араб тилиндеги ***arrāda*** عرّادة –араба, латын тилиндеги ***raeda*** (*at arabası*) деген сөздөр менен байланыштырышат.Соха тилинде болсо ***rraha*** (*at arabası*), санскрит тилинде ***rátha***- *iki tekerlekli tören arabası* (эки дөңгөлөктүү майрамдарда колдонулуучу араба) деген маанилери бар экендигин каттадык [www.etimolojitürkce.com].

Балка - үй, чарба шайманы. Балка темирден жасалып, жыгач менен сапталат. Чарбадагы керектөөсүнө ылайык *чоң балка, зергер балка, чалгы балка*, өтүкчүлөр, такачылар колдонгон *кичине балка* деп аталат. Заманбап станоктордогу урма аспаптар да балка деп аталары маалым. Ал эми дыйканчылыкта чалгы балка же болбосо жөн эле балка деген ат менен колдонгон формасын каттадык. Бул курал *орок, чалгы, кетмен, теше* сыяктуу буюмдарды курчутууда иштетилет. Түрк тилинде болсо *çekiç, çekiç kemiği, tokmak, havalı kazma* аталыштары кездешет [РТС, 409]. Кыргыз тилиндегидей эле ар бир тармакта колдонулуусуна жараша ушундай аталыштар менен колдонулат. Мисалы, *балка-çekiç, жыгач балка- tokmak,темир иштеринде колдонулуучу балка - havalı kazma*. Түрк тилиндеги *çekiç* сөзү фарс тилиндеги *çakuş/çakkuş* چکش çekiç (балка), орто кылымдардагы фарс тилинде ***çakūç*** -balta, keser (балта, кесүүчү курал) сөздөрү менен байланышат [www.etimolojitürkce.com]. Ал эми *tokmak* сөзүнүн төмөнкүдөй маанилерде колдонулат: 1) *ağaçtan yapılmış iri çekiç* (жыгачтан жасалган

балка). 2) *dövme, sıkıştırma, ezme vb. işlerde kullanılan, saplı, topuz biçiminde ya da türlü biçimlerde olabilen araçların ortak adı* (уруу, согуу, эзүү ж.б. нерселер үчүн колдонулган саптуу башы чоң жасалган буюм). Мисалы*: Alın tokmağı vurun davula, sabahın ilk saatlerinde sesi başka çıkar* (H. Taner). *Hallaç geniş, kocaman tırnaklı elleriyle hâlâ tokmak sallıyordu*(S. F. Abasıyanık) [www.etimolojitürkce.com].

Жады -малга чөп, саман (бакал), пая кыркып берүү үчүн колдонулуучу чарба шайманы. *Жады* айыл жерлеринде бүгүнкү күнү да кеңири колдонулат. Дыйкан талаасында колдонулбаганы менен эгинди жыйып, үйгө алып келгенден кийин чөмөлөктөп, калыбына келтирип жыйноодо колдонулган шайман. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө *жады* -сенорезка, соломорезка, стригальные ножницы деген маанилери катталса [Юдахин 1965:211], Орусча-түркчө сөздүктө *ot biçimi, ot biçer (makinesi), ot biçme işleri* деген варианттары катталган [РТС, 825]. Бул атоо түрк тилинде эки сөздөн туруп, биринчи сөзү *ot* түрк тилдерине таандык. Экинчи сөзү *biçer*, ал да түрк тилдерине таандык болуп кесүү, оруу деген маанини билдирет. Ушул атоого уйкаш колдонулган варианты сөзүнүн түрк тилиндеги мааниси мындайча чечмеленет: *Ekin biçen, döven, taneleri ayıran, samanı bağlayan veya balya durumuna getiren makine* (эгинди оруп, майдалап, байлап, ар бирин өз алдынча бөлүктөргө ажыратып байлаган же байлай турган абалга келтирген машина) [www.seslisozluk.net].

Замбил - жүк ташылчу чарбалык шайман. Бул сөз фарсы тилиндеги *zanbīl* زنبيل "sepet" сөзүнөн алынып, ага *-lu мүчөсүнүн жалганышы менен zabbīlu/zabālu* "sepet, taşıma aracı","taşımak" этиш сөздөрү жасалды[www.etimolojiturkce.com]. Замбилдин *сокмо* жана *такта* түрлөрү бар. *Сокмо замбил* арасы 10-100 см, узундугу 2 метр чамалуу эки жарыш таяктын орто ченине чырпыктардан чуңкурга тыгыз токулуп жасалат. *Такта замбил* болсо жарыш таяктардын ортосуна тактай кагылып жасалат. Замбил курулуш ж.б. иштеринде кеңири колдонулат. Дыйканчылыкта тахта замбил колдонулат. Эгиндерди жыйнап кырманга же кампага жыйнаган учурда ташууга иштетилет. Көбүнчө дан азыктарын шалы, буудай, арпа ташууда колдонушат.

К.К.Юдахиндин сөздүгүндө *замбар/замбил -носилки* деп берилген [Юдахин 1965:288]. Ал эми түрк тилинде *sedye, teskere, tahtıravan* деген формалары колдонулат [РТС, 494]. Түрк тилиндеги биринчи варианты *sedye*сөзү италия тилиндеги *sedia* -oturak, *her çeşit sandalye* (отуруучу орун, отургучтун ар түрдүү формалары), *sedere - oturmak* (отуруу), латын тилинин *sedēre* –отуруу сөздөрү учурдагы маанисин толук камтыбаса да байланышат. Ал эми *tahtırevan, teskere* деген варианттарынын мааниси биз иликтеп жаткан тармакка дал келет, аларга байланыштуу алгачкы маалыматтар Ахмет Рефиктин сөздүгүндө камтылган: *tahtırevan, teskere- iki veya dört kişi tarafından taşınan üstü kapalı taşıma koltuğu* (эки же төрт адам көтөрүп ташуучу үстү жабык отургуч) [Ahmet Vefik Paşa, Lugat-ı Osmani (1876)]. Бул сөздүн төркүнү болсо фарс тилине барып, ***taχt-i ravān*** *تختروان yürüyen taht* (басып жүргөн такты) деген маанини берет. Үчүнчү вариантынын мааниси биз изилдеген багытка толук дал келет десек жаңылбайбыз. Ал сөздүн мааниси мындайча: ***teskere*** *(te'skere) 1) Sedye. 2) Yapılarda malzeme taşımak için kullanılan, dört kollu ve iki kişinin taşıdığı tahta araç* (курулуш ж.б. иштерде буюмдарды ташуу үчүн колдонулган төрт колдуу, саптуу, эки киши ташый турган буюм) [http://www.tdk.gov.tr]. Бирок түрк тилинде үч варианты да бирдей мааниде, тагыраакайтканда, жүк, эгин ташуучу курал катары колдонулат.

Кайрак - эмгек ж.б. күндөлүк керектелүүчү куралдарын курчутуу үчүн табигый кумдук таш же кумдан атайы жумуру, жалпак абалда өндүрүштүк негизде уютулган курчуткуч. *Чалгы* курчутуу үчүн атайын жасалган жыгач кайрактар да колдонулат. Кайрактар орок, кетмендерди курчутууда да керек болот. ***Кайрак*** -бүлөө, точильный брусок, экинчи мааниси болсо, ***кайрак*** - неполивной, богарный; ***кайрак жер*** - неполивная, богарная земля; ***кайрак буудай*** -неполивная пшеница; ***кайрак эгин*** -неполивной посев; ***кайрак айдайт*** - он сеет богару; ***кайрак чөп*** трава, растущая без проточной или подпочвенной воды деген маанилери кыргызча -орусча сөздүктө берилген [Юдахин, 1:320]. Ошондой эле кумдуу жерди ***кайрак жер*** деп аташат. Кумдуу жерде сууну сактап калуу касиети жок болгондуктан ушундай аталат. Ушуга караганда

кайрак суу кум менен байланышы бардай көрүнөт. Түрк тилинде *kuru ziraat, sulama istemeyen topraklar* деген формалары кездешет [РТС, 474]. Эки тутумдан турган бул атоонун биринчи тутумундагы ***kuru*** сөзү түрк тилинде төмөнкүдөй маанилерди билдирет: 1. *Suyu, nemi, ıslaklığı olmayan*(суусу, нымдуулугу жок) Мисалы: *Camı önce ıslak, sonra kuru bir bezle sildi*. 2.*(bitki için) Canlılığını, yeşilliğini yitirmiş, kurumuş durumda bulunan* (өсүмдүктөр үчүн колдонулуп, жашылдыгын, жандуулугун жоготуп, кууракан абалы). Мисалы: Ağacın kuru dallarını kestiler. Ал экинчи тутумундагы *ziraat* сөзү араб тилинин ***zirāʿa***ʿزراعة [*#zrʿ* msd.] сөзүнөн алынып, мындайча маанилерди билдирет: 1. *Ekin ekme, tohum saçma*(эгин эгүү, урук себүү), 2. *Çiftçilik* (дыйканчылык) [www.etimolojitürkce.com].

Чалгы- үй жаныбарлары үчүн кышка тоют камдоодо, чөп жыйноодо колдонулган бул аспап дыйканчылыкта чөп орууда, шалы орууда *орок* менен катар колдонулат. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө ***чалгы*** -коса; ***чалгы шилте*** - взмахивать косой, косить; ***чалгысын чыңайт*** -он отбивает косу сыяктуу маанилери каттаалган [Юдахин, 2:340]. Ал эми түрк тилинде чалгы -*tırpan, orak, orağı*, чалгы курчутуу -*orağı bilemek* деген маанилерин кездештирдик [РТС, 344]. ***Orak*** сөзү түрк тилдеринин сөзү болуп, алгачкы формасы *orğak* - **or- biçmek* (оруу) уңгусуна +*gak* мүчөсү уланып жасалды [www.etimolojitürkce.com]. Эң алгачкы булак деп эсептелген М.Кашкаринин сөздүгүндө мындайча чечмелеп берген: *orğak* "ot biçme aleti" (отторду оруу үчүн колдонулган курал) [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)].

Алачык - бир жерден экинчи бир жерге көчүп-конууда, чарбалык иштер, мергенчилик үчүн курулган убактылуу турак-жай. Анын кыргыздарда *жапма алачык, буума алачык, сайма алачык* деген түрлөрү бар. Жапма алачыкка үзүк, буума алачыкка кийиз, тери, сайма алачыкка түндүк калтырышып, үстүн кийиз, тери менен жабышкан. Алачык байыртадан белгилүү турак-жай. Энесай кыргыздарында «алачых» конус образдуу убактылуу турак-жай болуп, үстүн көпчүлүк учурда кайыңдын кабыгы менен жабышкан. Күндүн аптабынан, жамгырдан коргонуу максатында үстү чөп

жана башкалар жабылган убактылуу «алачыктар» колдонулган [Эралиев, Каратаев :2005]. Ал бүгүнкү күндө жалаң кийиз жана башка буюмдардан жабылган убактылуу турак-жайга эмес, камыш, чөптөр менен жабылып эгин талааларында убактылуу күндүн ысыгынан, жаан-чачындан коргонуу максатында жасашат. Ал эми дарбыз, коон жетиштирген дыйкандар камыш, калың кленка менен үстүн жаап, жайы менен ошол жерде жашагыдай кылып жасап алышат. Кыргызча-орусча сөздүктө ***алачык*** -маленкая юрта; лачуга; шалаш; кан үйүнүн тардыгы, кара алачыгымдын кеңдиги *погов*. в тесноте, да не в обиде (букв. теснота ханской юрты -простор моей чёрной лачуги); чөп алачык шалаш, крытый соломой или сухой травой; ***сайма алачык*** самая примитивная форма юрты (поставленный в виде конуса деревянный остов, обтянутый войлоком); *жапма алачык, жолум* деген маанилерин жолуктурдук [Юдахин, 1:46]. Түрк тилинде *alaçık, baraka, kulübemsi ev, gecekondu* сыяктуу маанилерде колдонулат [РТС: 363,1000]. Биздин изилдөөбүзгө жакын мааниси *алачык* - *alaçık* деген ойдобуз. Себеби эки тилде тыбыштык гана өзгөчөлүктөрү байкалат. *Alaçık* сөзү түрк тилдерине таандык сөз болуп, alaŋ, alan -açık düzlük (ачык, түздүк) деген маанилери бар. Бирок алгачкы маалыматтарда биз изилдеген маанилери айтылган. Мисалы: *alaçu* "*bir tür çadır* (чатырдын бир түрү)" [Uygurca (1000 yılından önce)]. *Alaçık /alançık* "*silindirik çadır veya kulübe* (цилиндр формасындагы чатыр же кичинекей үйчө)" [Hamit Zübeyr & İshak Refet, Anadilden Derlemeler (1932)]. *Alak* " *çadır veya kulübe* (чатыр же үйчө)" [Hamit Zübeyr & İshak Refet, Anadilden Derlemeler (1932)].

Кап/чыпта/таар -дыйканчылык, багбанчылык аталыштарынын арасында аталган эгиндерди, жер жемиштерди жыйнап, сактоо үчүн кеңири колдонулган буюмдардын бири. Алар негизинен эгиндердин батышына жараша каптардын түрлөрү кездешип алап: *таар кап, линче кап (ун, күрүч, күрмөк ж.б. майда эгиндерге колдонулган), чыпта кап (шалыга колдонулган кап), тордомо кап (жашылчаларга колдонулган кап) жана мүшөк (орус тилиндеги мешок)* аталыштары колдонулганы байкалды. Ушундай эле атоо

сөздөрү Махмуд Кашкаринин “Дивану лугат-ат түрк” сөздүгүндө ***тагаар*** - буудай салынуучу кап, таар, мүшөк [Кашкари, 2011:63] формасында кездешет. Демек бул аталыштардын келип чыгышы бир топ доорлорду камтыйт. Алардын ичинен *мүшөк* варианты гана кийинчерээк келип чыгышы мүмкүн, анткени өтө көп эмес эгин, күрүч, ун, кебек, акшак, гүрмөк/күрмөк бата турган варианты орус тилиндеги *мешок* сөзүнөн келип чыгуу болжолу бир топ ынанымдуу сезилет. Ал эми кыргызча-орусча сөздүктө ***кап*** - широкий мешок; ***каптагыны катын билет*** -*погов.*содержимое мешка (*т.е. продовльственные запасы*) известно жене; ***кой кап*** -мешок вместимостью в 6 пудов зерна; ***тормок кап*** -мешок вместимостью в 7 пудов зерна; ***токту кап*** -мещок вместимостью в 3 пуда зерна; ***эшек кап*** -длинный мешок деген түрлөрү катталган [Юдахин, 1:342].Түрк тилинде болсо ***çuval*** *(кап),* ***torba*** *(материалдан жасалган кап),* ***dağarcık*** *(таардан жасалган кап),* ***kırba*** *(териден жасалган кап)* деген маанилери бар [РТС, 400]. Түрк тилиндеги биринчи варианты ***çuval*** сөзү фарс тилинин ***cuwāl/cūl*** جوال/جول *kaba kumaştan yapılmış torba* (каттуу материалдан жасалган кап) деген сөзүнөн алынган. Байыркы булактардан мындайча мисалдарды келтирүүгө болот: *cüval - Bir eski deve çuvalı buldu, deldi boynuna geçürdü* [Dede Korkut Kitabı (1400 yılından önce)]. Экинчи варианты ***torba*** сөзү да фарс тилинин ***tōbre*** توبره, ***tōbrak*** деген сөздөрүнөн алынган. Алгачкы маалыматтарда мындай маанилери чечмеленген: ***tobra/tovra***- *bir kelīm geygil ve bir tovrayı koz doldurgil* [Tezkiret-ül Evliya (1341)]. ***Torba*** - *bir torba saman döşekli* [Dede Korkut Kitabı (1400 yılından önce)]. Үчүнчү варианты ***dağarcık*** сөзүнүн төмөнкүдөй эки мааниси катталган : 1) *meşin ya da dokuma, çoban ya da avcı torbası* (тери же токулуп жасалган чабан, уучунун баштыгы). Мисалы: "*Çoban, dağarcığından çıkardığı soğan ekmeği yedi*"2) *bilgi birikimi* –сөздүн өтмө маанисинде, адамдын билимдүүлүгү. Мисалы:"*Biraz yokladım, dağarcığında bir şey yokmuş"*. Ал эми ***kırba*** варианты араб тилинин ***ḳirba***ᵗ/***ḳirrāba***ᵗ قربة *su tulumu* (суу баштык) деген сөзүнөн алынган. Мисалы: *Takı zıkk tidügi kırba turur* [İrşadü'l-Mülûk ve's-Selâtîn (1387)].

Орок – кыска саптуу, кол менен кармап чөп оргонго ыңгайлуу курал. Эгин талаасында ашыкча чөптөрдү орууда, же эгиндин өзүн орууда колдонулат. Бул атоо дыйканчылыктын бардык түрлөрүндө колдонулуп, көбүнчө шалы, буудай, арпа дыйканчылыгында кенен таралган. Орок -серп; бел орок -коса; орус орок -серп русского образца; чалгы, кыргыз орок -серп кыргызского образца; орок ор -жать, орокчу -жнец деген маанилерин кездештирдик [Юдахин, 2:80]. *Orak* деген маанисин түрк тилинде кездештирдик (РТС, 826). Бул атоо да эки тилде үндөшүп колдонуларын байкадык. Сөздүн этимологиясына караганда орок сөзү байыркы тилдерден баштап эки тилде окшош болуусу мүмкүн, анткени тилде анчалык өзгөрүүгө учурабаганы ачык байкалат. ***Orak*** сөзү түрк тилдеринин сөзү болуп, алгачкы формасы *orğak* - **or- biçmek* (оруу) уңгусуна +*gak* мүчөсү уланып жасалды [www.etimolojitürkce.com]. Эң алгачкы булак деп эсептелген М.Кашкаринин сөздүгүндө мындайча чечмелеп берген: *orğak* "ot biçme aleti" (отторду оруу үчүн колдонулган курал) [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)].

Култивация- эгиндин түбүн жумшартууда,көчөттүн тегерегиндеги ашыкча чөптөрдөн арылтууда колдонулган техника шайманы ушундай аталат.Техника термини ***лапка*** өсүмдүктүн түбүн жумшартууда культиваторго чиркелип, жумшартуу ишин аткаруучу механикалык курал болуп саналат. Түрк тилинде *kültivatör* деген формасы колдонулуп, ал немец тилинин деген сөзүнөн өзгөрүүсүз кабыл алынган. Башкача айтканда, трактор биринчи болуп Германияда чыккандыктан тракторго тиешелүү атоолордун көпчүлүгү немец тилинен өзгөрүүсүз кабыл алынган. Ал эми тракторго чиркелиштирилип колдонула турган төмөнкү атоолордун чечмеленишин жогору жакта бергендигибиз үчүн кайталоодан алыстоо максатында аталыштардын аткарган кызматтарын кыргызча ган бердик.

Жерди тегиздеп жумшарта турган курал ***мала (tırmık).*** Айдалганжердин топурагын майдалоо үчүн колдонулуп, унаага же тракторго чиркепсүйрөтүүчү айылчарба шайманы *мала* деп аталат. Маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүдө абдан талап кылган техникалык каражат. Эгин эгилчү жайлар *темир мала* менен

малаланат. Темир маланын узун-узун темир тиштери болот. Мына ошол тиштер *моюнтурук тиши* деп аталат.Культивация салганда культиваторго катары менен бир канча шаймандар чиркелет. Ошол шаймандардын ичинен культиваторго үчүнчү болуп катырылуучу темир куралдын аты *наральщик*(*kültivatör küreği*)деп аталат. Ал *насок* менен *лапканын* ортосуна атайын *замоктун (kültivatör kilidi)* жардамы менен катырылат. Культиваторго *кикивиден (kültivatör kapağı)* кийин чиркелип орун алган бул шайман да жумшартуу милдетин аткарат. Тизмеден экинчи орунда туруп, *кикиви* менен *наральщиктин* ортосуна *замок* менен катырылат. Орус тилинин *сеялка* (*кырг*. сепкич, *түркчөсү*: ekim makinesi) сөзү эгин эгүүчү машина (аппарат). Сеялканын төрт *кепкири*, төрт *катогу*, төрт *чакасы* жана төрт *проводу* болот. Ар бир *чакачага* 25-30 килодой урук салынат. Уруктар *провод(tel)* аркылуу *кепкир(kevgir)* чукуган чуңкурлуктарга түшөт. Чигиттин үстүн *каток (paten alanı)*жаап кетет. *Сеялка* менен эгин эгүү дыйкандардын ишин жеңилдетет. Себеби кол менен бир гектар жерге эки-үч күндө эгип бүтсөң, сеялка менен бир-эки саатка калбай бүтүрөсүң. Культивация менен чогуу эгиндерге кээде азыктандыруу иши да жүргүзүлөт. Ал иш *сустун* жардамы менен ишке ашат. Башкача айтканда, ***сус (ilaçlama makinesi)***дары салуучу аппарат. Сустун төрт *бүнкүрү (бункери, түркчөсү: sığınak)* болот. Ар бир бүнкүрү 50 килограммдан дары алат. Бүнкүрдөгү дарылар *проводдор* (труба) аркылуу эгиндин түбүнө түшөт. Тракторго чиркелчүү куралдардын бардыгы культивацияга байланыштуу болгондуктан түрк тилинде *kültivatör, kültivatör küreği* сыяктуу аталыштар менен колдонулат. Бул атоолор жөнүндө кенен маалымат ишибиздин эмгек процесстеринин атоолору деген бөлүмдө берилген.

Тараза- Х.Карасаев бул сөздүн иран тилдеринен киргендигин белгилеген [Карасаев 1986: 256]. Салмак өлчөй турган прибор. таразагакөбүнчө талаадан терилген эгиндин, мөмө-жемиштердин салмагын тартып өлчөөдө колдонулат. Дыйканчылыкта таразанын эки түрү колдонулуп келет. Биринчиси кол тараза, ал аз өлчөмдөгү эгинди, мөмө, жер-жемиштерин өлчөөдө колдонулса, чоң таразалар тонналап эгин алынган талааларда машинасы менен чогуу эгиндерди

өлчөөдө колдонушат. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө да иран тилинден кабыл алынган сөз деп берилип, *весы* деп которулган[Юдахин, 2:207]. Бул сөз түрк тилинде *terazi, tartı, kantar, baskül* маанисинде колдонулат [РТС, 76]. Биринчи варианты болгон ***terazi*** сөзү фарс тилинин ***tarāzū, tarāzūk*** ترازو *–tartı cihazı* (оордукту өлчөөчү курал) деген сөзүнөн алынган. Адабияттарда төмөндөгүдөй мисалдар берилген: *Tarazuk- tanmış üzütüg tutupan tarazuk içinte olgurtur tiyür (yoldan sapmış ruhu yakalayıp terazi içine oturtur derler)* [Reşit Rahmeti Arat, Eski Türk Şiiri(900 yılından önce)]. Экинчи варианты ***tartı*** сөзү түрк тилдеринин *tart-* этишуңгусунан алынган сөз.Үчүнчү варианты ***kantar*** сөзүараб ***тилинин ḳintār*** قنتار *bir tartı birimi, büyük terazi* (өлчөм, ченем, чоң тараза) деген сөзүнөн алынган. Ушул эле атоо грек тилинде *kentinári*(on, он) κεντηνάριον, латын тилинде ***centenarium*** *–yüz librelik tartı birimi* (*yaklaşık 31 kg,* жүз фунт же 31кгжакын өлчөм) деген маанилерди билдирет. Ал эми төртүнчү варианты ***baskül*** французтилинин ***bascule*** - *bir eksen üzerinde oynayan çubuk, tahtırevalli, her çeşit terazi, ağır yükler için terazi*(таразанын түрлөрү же оор жүктөр үчүн тараза) деген маанини туюндурган сөзүнөн алынган [www.etimolojiturkce.com].

Эгилген жерлерге эгин чыкпай калган жерлерине ***теше*** менен кайрадан урук эгүү болот, ал ала эгүү деп аталат да ага теше колдонулат. Ал жерди казып берүүчү курал. Кыргызча-орусча сөздүктө иран тилинен кабыл алынган деп теше-керки, бай теше, байтеше формаларын берген [Юдахин, 2:231].

Түрк тилинде бул атоонун так котормосу жок, бирок салыштыруу, өтмө маанилеринде колдонулат. ***Desyatina -1,09 hektara eşit arsa, aşar, ondalık*** варианттарын катталып, жер өлчөө маанисин туюндурат [РТС, 180]. Ал эми оозеки тилде *çapa, küçük çapa* маанилери колдонулат. *Çapa* сөзү түрк тилдеринин *çap-* уңгусунан алынып (*vurmak, çarpmak*), ага *-ga* мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган [www.etimolojiturkce.com]. Эң алгачкы маалыматтар 1500-жылдарга таандык. Мисалы: "*bahçıvan aleti*" [Câmi-ül Fürs (1501)]"*iki dişli gemi demiri*" [Redhouse, Turkish and English Lexicon (1890)].

Айыл чарба жумуштарында эң көп колдонулган унаа бул ***трактор*** болуп эсептелет. Дыйканчылыкта да *тракторду*н ролу аябай чоң. Тракторго көп эле

аппараттар, айыл-чарба машиналары чиркелип иштетилет. К.К.Юдахин трактор жөнүндө мындай деген: ***трактор*** -трактордун болгону, капка буудай толгону (стих.) Трактор есть, мешки пшеницей наполнены. ***Трактор*** -работать на тракторе, ***тракторчу*** -тракторист [Юдахин, 2:262]. Ал эми түрк тилинде *трактор -traktör, гусеничный трактор -tırtıllı traktör; колёсный -tekerlekli traktör; тракторчу -traktörcü, traktör makinisti* сыяктуу маанилери колдонулат [РТС, 918]. ***Traktör*** сөзүнүн алгачкы маанилери французуз тилиндеги ***tracteur*** 1. *çeken, sürükleyen* (тарткан, айдаган) 2. *tarımda pulluk çeken araç* (талаада кош тарткан буюм), латын тилиндеги ***tractor, trahere, tract***–*çeken, çekmek, sürmek, sürüklemek* (тарткан, айдаган, сүргөн) сөздөрү менен байланышат [www.etimolojiturkce.com]. Мисалы: *İndian motosiklet ve bisikletleri. Traktör ve zirai aletler*[İlan-ı Ticaret: Osmanlı'dan Cumhuriyet'e İstanbul (1920)]. Тракторго улануучу каражаттарына карай трактордун түрлөрү пайда болгон. Мисалы: ***tırtıllı traktör*** –малалуу трактор. Ал немец тилинин *Raupenschlepper* сөзүнөн алынган [www.etimolojiturkce.com]. Ал эми *tekerlekli traktör* –дөңгөлөктүү трактор, талаа жумуштарынын ташуучу кызматын аткарган тракторлорго айтылган. Себеби, тракторлордун биринчи абалы жалаң айдоо иштерине гана колдонулгандыктан улам жаңы формаларына жаңы атоо беришкен.

Эгинди бышырып, аны унга, азыкка айлантуудагы негизги шайман бул тегирмен. ***Тегирмен, майдалагычтар*** - дан, минералдар жана башка заттарды майдалоочу чарбалык шайман. Адам баласы дан өсүмдүктөрүн өстүрүүнү өздөштүргөндөн соң, ошол дан өсүмдүктөрү майдалагычтардын пайда болушуна алып келди. Ал 275 ортосунда оюгу бар төмөнкү таштан жана кыйла ичке, томпок келген үстүнкү таштан жасалат. Үстүнкү ташты айландырууда буудай унга айланат. Ал үчүн буудай катуу болуш керек, ошондуктан аны кууругандан соң тегирменге салышкан. Неолит (жаңы таш доору) доорунан тартып майдалагычтардын археологиялык үлгүлөрүн калкы отурукташкан дыйканчылык менен кесиптенген бардык турак-жайлардан көптөгөн санда табылып келет. Ал үбөлөнбөгөн жергиликтүү таштан жасалган. Өнүккөн элдерде жергиликтүү майдалагычтардагы оор жумуш «кул эмгеги» катары

эсептелинген жана ошол кезге таандык сүрөттөрдөн көрүнүп тургандай, адатта, аялдар иштеген. Күкүмдөлгөн керамика боектору да тегирмен менен майдалагычтарда даярдалган. Алардын иштөө принциби майдалагычтардан тегирменге толук өтүүнү талап кылган. Астыңкы тегерек таштын ортосу тешилип, ага жыгач ок өткөрүлөт. Ортосу тешилген үстүнкү таш да окко бекитилет. Оксуз айланган тегирмендер да бар. Алардын таштары бири-бири менен чиркелгендей жасалат. Үстүнкү ташты айландыруу үчүн тешик жасалып, ага жыгачтан кармагыч кийгизет. Коло доорунда айлануучу тегирмендердин болгондугу али далилдене элек. Грецияда б.з.ч. 480-ж ченде айлануучу тегирмен имерилүүчү тегирмен менен алмаштырылган. Жогорку таштын жыгач алкагы кыймылдын багытын өзгөртүп оңго-солго кыймылдай турган кылган. Төмөнкү таш алкактын сегменти формасында жасалып, анын борбору сектор формасындагы жогору таштын айлануу точкасы болуп кызмат кылат. Бул тегирмен кен иштетүүдө да колдонулган. Тегирменди андан ары өркүндөтүү адам күчүн мал күчү менен алмаштыруу аркылуу жүргүзүлгөн. Бул б.з.ч. 300-ж. ченде айлануучу кыймылга кайра өтүүгө мүмкүндүк берген. Мал чегүүгө мүмкүн болуш үчүн тегирмен таштын формасын өзгөртүүгө туура келет: конус түрүндө томпок жасалган астыңкы ташка конус түрүндө оюгу бар үстүңкү таш кийгизилет. Астыңкы ташка кыймылсыз ок бекитилет. Атайын рама аркылуу чегилген мал үстүңкү ташты октун айланасында айландырат. Мындай тегирменде керектүү сапаттагы ун алуу үчүн үстүңкү ташты көтөрүп же ылдыйлатып турууга мүмкүн болгон. Мындай тегирмен кен иштерине да пайдаланылган. Тегирменге бекем трахит ташы колдонулган. Б.з.ч. I миң ж. Европанын жана Азиянын башка райондорунда да экспорт үчүн тегирмен таш жасаган борборлор пайда болот, анткени алардын колунда ага ылайыктуу таш бар эле жана усталар жогорку чеберчиликке жетишкен. Рим империясында кеңири колдонулган мындай тегирмен б.з.ч. 90-ж. ченде Кичи Азияда (Понтий падышалыгы, Митридат VI падышалыгы) кыймылга келтирүүчү дөңгөлөктүн пайдаланышына байланыштуу өзгөрүүгө учурайт. Тегирменге кадимкидей томпок таш пайдаланыла баштайт. Кыймылга келтирүү үчүн суу дөңгөлөгүнүн

ордуна шамал күчү пайдаланыла баштайт. Ал эки баскыч менен ишке ашты. Алгач б.з.ч. I миң жылдыктын аягында Иранда кемелердин үлгүсүндө парустуу тегирмендер жасалат. Алар византиялыктар, арабдар аркылуу Европа, балким Испанияга же Грецияга жеткен. Чыныгы жел тегирмендер 1430-ж. ченде пайда болгон. Анда түрдүү багыттагы шамалды пайдалануу мүмкүндүк берген тетиктер кошулган. Зарылдыгына жараша техникалык жаңылыктар киргизилип отурган. Чоң дарыяларга сүзүп жүрүүчү тегирмендерди курушкан (алгач Римде); жүк тартуу принцибин (саат мунараларындагыдай) колдонушкан; акырында эски конструкция жаңы тегирмен менен алмаштырылган. Ал Испанияда табылган. Англияда ун тартуу үчүн колдонулган. Англиядан Америкага жеткен. Америкадан 19-к. бүт дүйнөгө тарайт. 1800-ж. англиялык тегирмендерде буу кыймылдаткычы пайдаланыла баштаган. Тегирменде данды ун кылгандан кийин артынан *элөө* процесси аткарыла баштайт. *Элөө* 1504-ж.Нюрнбергде механикалаштырылган эле. Кыргыздарда тегирмен эзелтеден эле белгилүү болгондугуна жазуу булактары, Саян-Алтайда кыргыздар калтырган эстеликтер далил боло алат.Кытай жыл баяндары кыргыздар эгиндин бир канча түрүн себишерин кабарлайт. Учурда Хакас-Минусин ойдуңунда сууга жакын жерлерде жаткан айрым таштарды хакастар «кыргыз тегирмендери» деп аташат. Мындан орто кылымдардагы кыргыздар суу тегирменин пайдаланышкандыктарын билүүгө болот[Каратаев, Эралиев, 2005: 57].

Тегирмен -мельница; ***тегирмен тарт*** -молоть; тегирмен таш -коленная чашечка; ***тегирменчи*** -мельник деген формалары К.К.Юдахиндин сөздүгүндө катталган [Юдахин, 2:219]. Түрк тилинде *buharlı değirmen* (буу тегирмен), *kahve değirmeni* (кофе тегирмени), *el değirmeni* (кол тегирмен), *su değirmeni* (суу тегирмен) деген түрлөрү колдонулат [РТС, 394]. Ал эми тегирменчини *değirmenci*, тегирменчинин аялын же кызын *değirmenci karısı, kızı*, тегирмен ташын *değirmen taşı* деген аталыштарда колдонушат. Бул атоо М.Кашкаринин сөздүгүндө мындайча аталышта берилген: ***үгит*** -буудай уну жана башка дандардын уну. ***Үгитчи*** -тегирменчи, ун тартуучу. [Кашкари, 2011:131]. Бул

сөздүн түрк тилиндеги этимологиясында түрк тилдерине таандык экенин тастыктайт. Ал ***tegir***- *döndürmek, çevirmek* (айландыруу, айлануу, бурулуу) этиш уңгусуна *-man* мүчөсү уланып жасалды [www.etimolojiturkce.com]. Алгачкы маалымат булагында: ***tegirmen*** -"*değirmen, değirmen taşı*"[Uygurca (1000 yılından önce)] маанилери катталган. Кийинчерээк тегирмендин аткаруу функцияларына жараша түрлөрү пайда болгон. Мисалы: *buharlı değirmen* буу менен иштөөчү тегирмен, *kahve değirmeni*- кофе майдалоо үчүн колдонулган тегирмен, *el değirmeni* –кол менен иштетүүчү тегирмен, *su değirmeni* –суунун жардамы менен иштеген тегирмен ж.б.Ал эми шалыны бизге күрүч абалына келтирип берген шаймандын аты ***акжуваз.*** *Акжуваздын* бир канча көзү болот. Ар бир көзү бир канча килограмм бата тургандай болуп жасалат. Ошол көздөрүнүн үстүндө сокусу бар. Соку урган сайын шалылардын кабыгы арчылып, тазаланып күрүчкө айланат. Ал эми сөздүктөрдө жуваз формасы катталган [Юдахин, 1: 267]. Ушул эле атоого үндөш *майжуваз* термини да колдонулат. *Акжувазга* жакын күн карама, пахтанын чигиттеринен май чыгарып алуучу станокту ***майжуваз*** деп аташат. Ал жерде күнүмдүк ашканада колдонулуучу май иштелип чыгарылат. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө *жуваз, жувазкана* -маслобойня (примитивная), *жувазкеч* человек работающий на маслобойне деп берилип, иран тилинен кабыл алынган сөз деп белгилеген [Юдахин, 1:267]. ***Майжуваз*** сөзү түрк тилинде *yayık; nebati yağ yapımı; ezimevi, tasirhane* сыяктуу аталыштар менен аталат [РТС, 388]. Түрк тилинде колдонулган биринчи варианты ***yayık*** сөзү түрк тилине таандык, ***yayı, yāyı***- *çalkamak* (чайкоо) уңгусуна -ık мүчөсү жалганып жасалган. М.Кашкаринин сөздүгүндө *yayık* "oynak, dönek" формасында берилген [Divan-ı Lugat-it Türk (1070)].

Ал эми Менинский биздин изилдөөбүзгө жакын маанисин берген: "*çalkalayarak tereyağı yapma aygıtı* (чайкап сары май даярдоочу аппарат)" [Meninski, Thesaurus (1680)]. Экинчи варианты ***ezimevi***–*tohumların ezilip yağ çıkarıldığı yer (уруктардан эзилип май чыгаруучу жер)* маанисин берет [http://kelimeler.net]. Үчүнчү варианты ***tasirhane*** сөзүнүн кайсыл тилден

алынганыдыгы жөнүндө так маалымат жок, бирок кабыл алынган сөз деп, ***yağhaneye/ tasirhane*** синоним катары колдонулат [www.etimolojiturkce.com].

2.8. Дыйканчылыктагыкесип ээлерининаталыштары

Агроном- агрономия боюнча адис. *Агрономия* гректин ***agros*** *талаа* жана ***nomos*** *закон* деген сөздөрүнөн чыккан термин [СИС, 2008:15-16]. Жерди иштетүүнүн илимий негиздеринин мааниси зор, мына ушундай мааниси зор жумуштар *агрономдун* түздөн-түз жетекчилиги менен жүргөн. *Энтомолог агроном* эгиндин өсүп жетилүүсүндө, өсүмдүккө зыян келтирүүчү жандыктарга каршы күрөшүүнү, дары-дармек себүүнү, химиялык жер семирткичтерди берүүнү көзөмөлгө алуучу адис агроном. Агроном кыргызча -орусча сөздүктө да ушундай эле формада берилген [Юдахин, 1:20]. Түрк тилинде болсо ***tarım uzmanı, tarım mühendisi, agronom*** формаларында кездештирдик [РТС, 18]. *Agronom*вараны түрк тилине немец тилинин *agronom* деген сөзүнөн кабыл алынган. Ал эми экинчи варианты *tarım uzmanı* деген аталыш эки сөздөн туруп, биринчи тутумундагы *tarım* сөзү түрк тилдеринин *tarı /darı - ekin ekmek, saçmak* (эгин эгүү, себүү, чачуу) деген уңгусуна *–ım* мүчөсү жалганып жасалган. Экинчи тутумундагы *uzman* сөзү *uz- (usta, sanatkâr, mahir)* деген түрк тилине таандык сөзгө *-man* мүчөсү уланып жасалган [www.etimolojiturkce.com]. Бул аталыш кыргыз тилиндеги уз (чебер, уста) деген сөзү менен үндөшөт.

Агаротчу- 1940-жылы К.К.Юдахиндин жүргүзгөн изилдөөсүндө*разг. огородник*, огородго эгин-тегин эгип караган адамга айтылган мааниси берилген [Юдахин, 1:20]. Учурда да ошол мааниси сакталган. Бул сөзгө синоним катары ***дыйкан*** деген атоо да колдонулат. Ал эми түрк тилинде болсо ***çiftçi, bostancı, sebze bahçıvanı*** деген формаларын жолуктурдук [РТС, 524]. ***Çiftçi*** варианты түрк тилинин ***çift*** (жуп, жуп сан) сөзүнө ***-çi*** сөз жасоочу мүчөнүн уланышы менен жасалган. Экинчи варианты ***bostancı*** сөзүнүн төмөнкүдөй маанилери бар***:*** *1) Bostan işleriyle ugraşan kimse // Osmanlı tarihinde sarayın korunmasına ve şehrin güvenliğine bakmakla görevli olan erlerden her biri*

(Бакчалык иштер менен алектенген адам, Осмон империясы учурунда сарайды жана шаарды коруган эр жигиттерге айтылган). *2)Bostan işleriyle uğraşan kimse* (Багбанчылык менен алектенген адам). *3)Osmanlı tarihinde sarayın korunmasına ve şehrin güvenliğine bakmakla görevli olan erlerden her biri* (Осмон империясындагы коопсуздукту сактаган адам). *4)Aslında hasbahçeleri bekleme işini yaparken sonraları padişah sarayını korumakla görevlendirilen bir sınıf asker, saray gözetçisi* (Бактагы, талаадагы иштерди жасоо менен алектенип, бирок негизги кызматы сарайды коруу милдетиндеги киши) [www.turkcesozlukler.com].

Багбан- мөмө дарагын же жер жемиш өстүрүүчү адис. Ал көчөт тигүү, жер семирткич чачуу, сугаруу, бутоо, кыйыштыруу, түшүм жыйноо ж.б. жумуштарын аткарат [КСЭ, 1: 378]. К.К.Юдахиндин жүргүзгөн изилдөөсүндө бул атоону иран тилинен кабыл алынган деп, мындайча которуп берген: *садовник; садовод*; ***айланага бак өстүрөм багбан болуп,*** стих. Я стану садоводом и ***вокруг насажу сад.*** Элдер болсо бак тигип, мөмө-жемиш жетиштирген адамды багбан дешет. Биздин оюбузча бул атоо бак+адам деген сөздөрдүн айкалышынан келип чыгышы мүмкүн. Себеби анын мааниси бакка караган, бак жетиштирген адам дегенди түшүндүрөт. Ушулэле атоодон кийинки багбанчылык деген атоо келип чыккан. Кыргызча-орусча сөздүктө1**)** Профессия или положение садовника, садовода; 2) Садоводство; өмүр бою багбанчылык кесибинде иштеп өткөн**,**он всю жизнь работа по садоводству; он всю жизнь был садовником деп мааниси толук чечмеленип берилген [Юдахин, 1:91]. Түрк тилинде болсо ***bahçıvan; bahçıvanlık yapmak; meyvacılık uzmanı; meyvacı, meyvacılık, fidanlık*** деген варианттарда колдонулуп, кыргыз тилине *bahçıvan* деген атоо үндөшөт [РТС, 803]. Биринчи варианты ***bahçıvan*** сөзү фарс тилинин ***bāġçe bān*** باغچهبان *bahçe gözeten, bahçe bakan* (бакты караган, бак коруган адам) деген сөзүнөн алынган. Кийинки варианты ***meyvacı*** сөзү фарс тилинин *mīve/mēve* میوه *meyve*(мөмө) деген сөзүнөн алынып, ага куранды –***cı*** мүчөсү уланып жасалган [www.etimolojiturkce.com].

Дыйкан- жер иштетүү менен кесиптенген адам. «*Дехкан»* же *«дехкон»* - байыркы фарси (перс) термини. Байыркы Ирандагы (Персия) Сасанийлер династиясынын мезгилинде (б.з. 3-7-кк.) ookaттуу, жер иштетип, тың жашаган, эркин дыйканды аныктаган. *Дехкондор* сасанийлер армиясынын негизин түзүшкөн. Ушул эле атоодон улам дыйканчылык деген экинчи бир аталыш пайда болгон. ***Дыйканчылык*** - маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүгө негизделген чарбалык иштердин тиби. Кыргыздарда дыйканчылык байыркы замандардан эле белгилүү. Дыйканчылыктын жогорку маданияты бүгүнкү Кыргызстандын аймагында да өрөөндүү жерлерде ишке ашырылгандыгын археологиялык казуулар, чыгыш жазма булактары тастыктайт. Кыргыздар Энесай доорунда, андан соңку мезгилдерде көчмөн мал чарбачылыгы менен катар дыйканчылык маданиятынын жогорку формасын өнүктүрө алышкан. Хакас-Минусин ойдуңунда, Тувада кыргыздар калтырган сугат системалары, тегирмендер, эгин талаалары ж.б. тарыхый жайлар сакталып калган. Бул дыйканчылык аркылуу кыргыздар эгинге ж.б. маданий өсүмдүктөргө болгон керектөөсүн толук канааттандырышкан. Жер иштетүү, өсүмдүктөрдү багып өстүрүү, түшүм жыйноо ж.б. багытта элдик бай тажрыйба чогулган. Бул тарыхый жайлар азыркы учурда да кыргыз талаалары, кыргыз тегирмендери, кыргыздар курган сугат каналдары, кыргыздар курган жолдор ж.б.у.с. аттар катары белгилүү. Дыйканчылык мал чарбачылык менен бирге мезолит-неолитте, 10-8 миң жыл мурда пайда болгон. Жаратылыш шарттарына байланыштуу дыйканчылыктын ар кандай түрү калыптанган; 1) жаан-чачын жерлерде, жаратылыш шарты мээлүүн өлкөдө жүргүзүлгөн түрү; 2) кургак аймактардагы сугат дыйканчылыгы; 3) нымдуу субтропиктерде жыл бою жүргүзүлүүчү дыйканчылык (2-3 ирет түшүм алган). Дыйканчылыктын формалары жерди пайдалануунун мүнөзүнө, интенсивдүүлүгүнө, жер кыртышынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана калыбына келтирүү ыкмаларына жараша экстенсивдүү жана интенсивдүү болушу мүмкүн. Дыйканчылык менен катар кыргыздар дыйканчылык маданиятын да өздөштүрүшкөн. ***Дыйканчылык маданияты*** -жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган атайын иш-

чаралар. Мындай иш-чараларга тар мааниде жер иштетүүгө куралдарды пайдалануу, кеңири мааниде комплекстүү дыйканчылык системалары, жер семирткичтер, сугаруу жана кургатуу иштери кирет. Дыйканчылык маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүгө негизделген чарбанын жана чарбалык ишмердүүлүктүн дүйнөлүк деңгээлдеги алдыңкы тиби. Өсүмдүктөрдү багууда, өстүрүүдө жер иштетүүнүн, жаңы сортторду табуунун, эгинди карап өстүрүүнүн, түшүм жыйноонун ж.б.у.с. элдик тарыхый тажрыйба топтоштурулган. Дыйканчылык маданияты жаныбарларды колго үйрөтүү жана бакмалаштыруу менен бир мезгилде мындан 10-8 миң жыл мурда мезолит - неолит доорунда тарала баштаган. Кыргызча-орусча сөздүктө*дыйкан - земледелец, крестьянин; дыйканчы* формаларында катталган [Юдахин, 1: 205].Түрк тилинде ***çiftçi, tarımcı, çiftçilik, tarımcılık, ziraat*** маанилери колдонулуп, жер менен иштеген адам дегенди билдирет [РТС, 272]. ***Çiftçi*** сөзү түрк тилинде ***çift***(жуп, жуп сан) сөзүнө ***–çi*** сөз жасоочу мүчө уланып жасалды. Ал эми экинчи варианты *tarımcı* сөзү түрк тилинин *tarı/darı* деген сөздөрүнөн уюшулган. *Darı* кыргыз тилинде таруу, башкача айтканда, таруу деген сөздөн пайда болгон [www.etimolojiturkce.com].

Элдик сөз катары эсептелген ***кырманчы*** - кырманда бышып жыйналган эгинди кургатып, унааларга жүктөп ж.б. жумуш кылып жүргөн адам. Кырманда иштеген киши, кырман кайтарган киши. Азыр пахта кургаткан , буудай, шалы жанчкан кырмандарга карата ***кырманчы*** деген сөз колдонулуп келет. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө ***кырман*** -ток,гумно; ***кырман бас*** -молотить; ***кырман түп*** -остатки зерна на току после уборки; ***кырманчы*** -молотильщик (человек работающий на току) деген маанилери берилген [Юдахин, 1:496]. Түрк тилинде ***harmancı, harman dövmek, harman*** деген аталыштар менен колдонулат [РТС, 409]. *Harmancı* сөзү фарс тилинин ***χirman*** خرمن *ekini kepeğinden ayırmak için savurma* (эгинди кебегинен ажыратуу үчүн сапыруу) деген сөзүнөн алынып, ага сөз жасоочу *-cı* мүчөсү уланып жасалган [www.etimolojiturkce.com].

Эгин талаасына суу койгон кишини ***мурап*** деп айтышат. Бул сөздүн тажик тилинен келгендигин анын экинчи компонентинен даана байкоого болот: *мурап> ап.*тажик тилинде *об* (*ап*) ***суу*** дегенди билдирет. Биз бул атоонун мындайча маанисин да каттадык: ***көк башы*** - дыйканчылык аймактарындагы эгиндер үчүн сугат мезгилинде суу бөлүштүрүп, сугатты тейлөөчү адам. Мурап сөзүнө синоним катары көк башы сөзү биринчи ирет Э.Хурибаеванын изилдөөсүндө белгиленген жана ынанымдуу далилденген[Хурибаева, 2012]. Кыргыздар толук отурукташып, эгин жана башка маданий өсүмдүктөрдү айдагандан баштап суу бөлүштүрүү жана аны тейлөө зарылчылыгы пайда болгон. Элибизде эгин менен чөп жалпы жонунан «көк» деп аталгандыктан, «көк башы» деп аталып калышы толук мүмкүн. Көк башы «мурап» (фарсча суу башчысы) деп да аталат. Эл арасында «эл башы болгуча суу башы бол» деген лакап кеп бар. Айрым илимий иликтөөлөрдө “мурап” сөзү *суучу, сугатчы* сөздөрүнүн эле синоними катары түшүндүрүлгөн. Мурап бардык эле эгин-тегинге, техникалык өсүмдүктөргө, бак-дарактарга суу жеткирүүнү көзөмөлдөөчү кызматчы,орус тилиндеги гидротехник кызматына окшоп кетет. Анткени бул адис же жооптуу адам каналдардан сууну эгин аянттарын чейин камсыздаган, себеби адамдар сугат учурунда өз эгиндерине, огороддоруна да пайдаланышкандыктан, мурап аларга саат-сааты менен белгиленген учурда гана пайдалануну көзөмөлгө алган. Кыргызча-орусча сөздүктө иран тилдеринен кирген сөз (*мираб)*катары берилет [Юдахин, 2:40]. Бул сөздү түрк тилинин сөздүк корунан тапкан жокпуз, бирок оозеки кепте ***ırgat*** деп кайрылышарына күбө болдук. ***Irgat*** сөзү грек тилинин ***ergátēs*** εργάτης *işçi, amele, özellikle toprak işçisi* (ишчи, жумушчу, өзгөчө топурак менен иштеген адам) деген сөзүнөн алынган [www.etimolojiturkce.com]. Бирок түрк тилине келгенде мааниси өзгөрүп, сууну көзөмөлдөгөн адамга карата айтылып калганын байкоого болот.

Механизатор- айылчарба машиналары менен иштеген адис. Бул сөз *машина, курал* маанисиндеги *mechane* деген грек сөзүнөн [СИС, 403]келип чыккан. *Механик* айыл чарба машиналарын, тракторлорду, ага улануучу

шаймандарды көзөмөлдөп, оңдоочу кесип ээсин *механик* деп аташат. Негизи *механизатор*сөзү орус тилинен кирген сөз катары белгилүү. Кыргыз тилинде эч тыбыштык өзгөрүүгө учурабастан *механизатор* формасында кездешет [Юдахин, 2:27]. Ал эми түрк тилинде болсо *makinalı tarım uzmanı* деп колдонулат[РТС, 399]. Түрк тилинде үч тутумдан турган бул атоонун биринчи тутумундагы сөзү ***makine*** италия тилинде *macchina*, латын тилинде *machina*, грек тилинде *mēχanē* μηχανή aygıt, mekanizma, özellikle makaralı kaldıraç (аппаратура,механизм, өзгөчө ролик калтек) деген сөздөрүнөн алынып, ага сын атоочту уюштуруучу *-lı* мүчөсү уланып жасалган. Экинчи тутумундагы ***tarım*** сөзү түрк тилиндеги *tarı/darı* сөздөрүнөн пайда болгон, ошондой эле үчүнчү тутумундагы ***uzman*** сөзү да түрк тилиндеги uz сөзүнөн жасалгандыгы көрүнүп турат[www.etimolojiturkce.com].

Эгин сугарган киши ***сугатчы*** деп аталат. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө поливальщик (человек, поливающий посевы); ***сугатчы тилейт эгинин, усталар тилейт темирин*** *стих.* земледелец (поливальщик) желает посевов, кузнецы желают железа [Юдахин, 2:163]. Бул сөз түрк тилинин оозеки кебинде ***ırgat*** варианты колдонулат. ***Irgat*** сөзү грек тилинин ***ergátēs*** εργάτης *işçi, amele, özellikle toprak işçisi* (ишчи, жумушчу, өзгөчө топурак менен иштеген адам) деген сөзүнөн алынган [www.etimolojiturkce.com].

Тракторчу– трактор техникасын башкарып иштеген киши, адис. Трактор деген сөз латын тилинин ***trahere***-*сүйрөө* [СИС, 657]деген сөзүнөн келип чыккан. Совет өкүмөтү мезгилинде дыйкандар колхоздордо, ири чарбаларда эмгектенип, жер дайыма тракторлор менен иштетилчү да *тракторчу, тракторист* деген сөздөр активдүү кодонулган. Кыргызча-орусча сөздүктө тракторист деп катталган жери да бар [Юдахин, 2:262]. Түрк тилинде да кыргыз тилине жакын формада *traktörcü, traktör makinisti* деген атоо менен колдонулат [РТС, 918]. *Traktör* сөзү франсуз тилиндеги ***tracteur*** 1. çeken, sürükleyen, 2. tarımda pulluk çeken araç, латын тилиндеги *tractor/trahere/ tract*- çekmek, sürmek, sürüklemek сөздөрүнөн алынып, ага *-сü мүчөсү жалганып жасалган* [www.etimolojiturkce.com]. Экинчи варианты болсо эки тутумдан

туруп, биринчи тутуму *traktör* сөзү французь, латын тилиндеги сөздөрдөн алынса, экинчи тутумундагы *makinist* сөзү французь тилинин ***machiniste*** деген сөзүнөн алынып, түрк тилиндеги маанилери төмөндөгүдөй берилет:1) *Lokomotif, vapur, fabrika vb.nin makinesini işleten kimse* (локомотив, пароход, фабрикаларда машиналарды иштеткен адам); 2) *Makinelerden anlayan, makineleri onarabilen usta 3)Sinemalarda film makinesini çalıştıran kişi* (Машина, техниканы билген, аларды оңдой алган адам) [www.etimolojiturkce.com].

Уваганчи -тамекини күнгө кургатууда бир жарым метр аттатылып, катар-катар устунчалар орнотулуп, каршы катардын аралыгын үч метр калтырылып,саптагы устунчаларга жоон зымдар тартылып, жипке тизилген жашыл тамеки жалбырактарын кургатууга ылайыкташкан жайда иштеген, 6-8 жип кургатылган тамеки жалбырактарын бириктирип, таңгак-таңгак кылып жыйнап алуу ишин аткарган, кургатылган тамеки жалбырактарын үбөлөбөй бүтүн бойдон бир аз ным тартып турган үрүң-бараңдан күн чыкканга чейинки мезгилде пресстеп жыйнап, таңгак-таңгак кылып өткөрүү жагын да аркаган адам деген маанини билдирет. Мисалы: *Катындар тизген тамекини* ***увагандарга*** *илип жүрүшөт* (М.Г.). Бул сөз төмөнкүчө жасалат: *бәгәнчи<бәгән + чы*. Сөздүн негизи - *бәгән*сөзү, курандысы - -*чы*мүчөсү. *Бәгән*негизи- орус тилиндеги*вагон* деген сөздүн тыбыштык жактан оошкон варианты.

2.9. Дыйканчылыкка байланыштуужалпы аталыштар

Эгин эгип дыйканчылык менен күн көрүп иштеген аймактарда эгин айдалган аянттардын, эгиндерди, дан, мөмө-жемиштерди терип кургата турган, эгин өскөн, өсүмдүктөр чабыла турган жерлердин, эгиндерге суу келген арыктардын жана башка обьектилердин да аттары, аталыштары болот.

Эгин катарларынын арасынан суу, дары берүү үчүн алынган жөөктөр ***әгәт/арык*** деп айтылат. Бул атоонун төмөнкүдөй эки маанисин чечмелеп

беришкен: ***арык*** 1. Табигый же жасалма суу нугу, арык. Сууну бөлүштүрүү жана керектүү жерге жеткирүү үчүн пайдаланылат. Жасалма канал, чоң арык, чарба ичиндеги майда сугат тармактары да жалпысынан арык деп аталат. ***арык*** 2. Бул термин кыргыз тилинде «аруу», »таза» маанисин да туюнтат. Хакас тилинде бул термин эки маанини туюнтары маалым: 1. Дарыянын ортолугунда пайда болгон арал; 2. Аралда өскөн өсүмдүк, бак-дарактар; Экинчи мааниси: 1. Тунук; 2. Ыйык. Монгол тилинде (монг. ариг) «таза», «тунук», «жакшы» дегенди аныктайт. Кыргыздар менен этностук жакындыгы аныкталган сары уйгурларда «арык» сөзү «таза» деген мааниден башка «кытайлардын бийлигин тааныган түрк тилдүү мусулмандар» дегенди түшүндүрөт. Кыргыздын бугу уруусунун курамында арык тукуму деген ири уруктар тобу белгилүү. 18-к. арыктар өз алдынча урук болгондугу, кийинчерээк бугулардын курамына киришкендигин окумуштуулар өз иликтөөлөрүндө белгилеп жүрүшөт[Эралиев, Каратаев :2005].

Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө да “***арык”*** -арык колдонулат (суу агызуучу арык, канал деген мааниде) деп берилген [Кашкари, 2011:39].

Изилдөө жүргүзгөн дыйкандардын берген аныктамасы мындайча болду: ар бир катарлаштырылып эгилген эгиндин катар арасына тереңдиги 25-30 сантиметр тереңдикте алынган *жөөктөр* (*әгәт*) болуп, аны менен суу өтүп эгиндер сугарылат, трактордун дөңгөлөгү ошону менен жүрүп, эгиндерге семирткич берилип культивация, жер жумшартуу иштери жүргүзүлөт. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө ***агет*** грядка на хлопковом поле [Юдахин, 1: 20] деп да берилген.

Эгин аянтчасын жакшылап сугаруу үчүн пахта аянтында кошумча арыктар казылып, алар *огарык*/*ок арык* деп аталат. Эгин аянты чоң болуп, ылдый жагына сууну тез жеткириш үчүн бир жөөктү бир аз кеңейтип суу жүргүзөт, ошол ***ок арык*** (*огарык*) деп айтылат. Анын түрлөрү бар: *тике огарык, жамбаш огарык, пайнап огары* К.К.Юдахиндин сөздүгүндө арыктын бир нече маанилердеги түрлөрү берилген: **арык** 1. *арык*; *арык чап*- копать арык, проводить арык; *аккан арыктан суу агат*(*погов.*) вода течет по тому арыку, по

которому текла; *коо арык* большой арык (но не головной); *кол арык* маленький арык; *ок арык* (южн. с.-х.) выводная борозда [Юдахин, 73]. Ок арыктын маанисин *жөөк* деген сөз менен бирдей деп көрсөткөн. Кыргыз тилинде эки мааниси да бирдей колдонулаары белгилүү болду.

Буудай, пахта, жүгөрү, арпа, дарбыз талааларынын бир жак капталынан өткөн ок арык ***жамбаш огарык*** деп айтылат. Бул эгин талаасынын жан жагынан алынган чоң жөөктөр. *Жамбаш огарык* менен алып келинген суу *тике огарыкка* киргизилип, ал аркылуу агаттарга таралат. Узун агеттеги эгиндерге суу жеткирип берүү үчүн узун жөөктүн арасынан тикесинен тике бир чоң жөөк тартылат, ал*тике огарык* деп айтылат. *Кичине огарык* деген түрү да айтылат. Сугат койгон мезгилде суу *тике огарык* менен алып келинип, кичине огарыктарга бөлүнөт. *Кичине огарыктардан* агеттерге таралат. Түрк тилинде болсо ***evlek, sıra, dizi, silsile*** деген варианттары берилген [РТС, 164]. Түрк тилиндеги ***evlek*** сөзү грек ***тилинин avláki*** αυλάκι *tarlada sabanla açılan yarık, kanal, su arkı* (талаада соко менен тартылган жол, канал, суу агуучу) деген сөзүнөн алынган. Байыркы грек тилинде ***aûlaks*** αῦλαξ *kara sabanla toprakta açılan yarık* (топуракка катары менен сокодо жол ачуу), ***elkō*** ἑλκω - 1***. sürmek, sürüklemek, ağır bir şeyi çekmek***(айдоо, тартуу, оор нерсе менен тартуу), 2. *toprak sürmek* (топурак айдоо) маанилеринде колдонулган. Ал эми ***silsile*** варианты араб ***тилинин silsila*** سلسلة zincir (чынжыр), ***salsala*** سلسل zincirlenme(чынжырлоо) деген сөздөрүнөн кабыл алынган [www.etimolojiturkce.com]. Мисалы: "*Sabanın derince çizgisi evlek ki bir dönüm yerde dört kısım hasıl eder*"*(Соко терең казып жөөк салгандыктан, бир сотых жерден төрт жолу түшүм алынат)* [Ahmet Vefik Paşa, Lugat-ı Osmani (1876)]

Кайрак жер - дыйканчылык кеңири таралган райондордогу сугарууга мүмкүн эмес болгон ыңгайсыз жер. Андай жерлерде атайын сугарууну талап кылбаган, кургакчылыкка чыдамдуу техникалык айыл чарба өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Кыргызстандын түштүгүнүн айрым аймактарында *кайракы жер* деп аталат. Ошондой эле суу жүргөн аянттарга бир нече жыл эгин экпей, жасалма эс алдырган аянт да *кайракы* деп аталаары белгилүү. Биздин өлкөнүн шартында

мындай жерлерге көбүнчө дан эгиндери (буудай, күн карама, нокот, зыгыр ж.б.) менен тоют өсүмдүгү айдалат. ***Кайрак жер*** - неполивная, богарная земля; ***кайрак буудай*** -неполивная пшеница; ***кайрак эгин*** -неполивной посев; ***кайрак айдайт*** -он сеет богару; ***кайрак чөп*** трава, растущая без проточной или подпочвенной воды деп К.К.Юдахин белгилеген (Юдахин, 1:320). Түрк тилинде болсо ***Kuru ziraat, sulama istemeyen topraklar*** деген формалары түрк тилинде колдонулат [РТС, 474]. Түрк тилиндеги атоосу эки сөздөн туруп, биринчи тутумундагы ***kuru*** сөзүнүн төмөндөгүдөй мааниси бар: 1)*Suyu, nemi olmayan, yaş ve nemli karşıtı* (суусу нымы жок жер) М: *"Yanakları kuruydu fakat gözleri tamamıyla siyah yaştı."* (Halide Edip Adıvar). 2) Yağış almayan veya üzerinde bitki olmayan (жаан жаабаган же өсүмдүк өспөгөн жер) М:*"Kuru çöl. Kuru tepeler."* 3) Daha sonra kullanılmak için kurutulmuş, taze ve yeşil karşıtı (Кийинчерээк колдонуу үчүн кургатылган жашылчалар). М:*"Evlerin önlerine kuru meşe dallarıyla örtülü çardaklar yapmışlar."* (Refik Halit Karay) 4) Canlılığını yitirmiş (bitki) (жандуулугун жоготуу, өсүмдүккө карата) М: *"Çiçek açmaz kuru bir ağaç, ötmeyi unutmuş bir kuş mu oldum?"* (Halide Edip Adıvar). 5) Zayıf, çelimsiz, arık, sıska, kaknem (арык, жагымсыз, өтө арык). М:*"Kara, kuru, kibirli, kazık gibi bir kadın!"* (Halide Edip Adıvar) 6) Salgısı olmayan М:*"Kuru öksürük. Kuru egzama."* 7) Döşenmemiş, çıplak (жасалгаланбаган, жылаңач) М: *"Kuru tahtaya oturma!"* 8) Katıksız, yanında başka şey olmayan (кошумчасыз, жанында башка нерселер жок) (yiyecek) М:*"Kuru çayla karın doyar mı?"* [http://kelimeler.net]. Ал эми экинчи тутумундагы ***ziraat*** сөзү араб тилинин *zirāʿa* زراعة 1. *ekin ekme, tohum saçma*, 2. *çiftçilik* деген сөздөрүнөн алынган [www.etimolojiturkce.com].

Кепсен - өткөн доорлордо Орто Азиядагы дыйканчылык өнүккөн жерлериндеги чаап алынган, жыйналган эгиндин түшүмүнөн алынуучу салыктын бир түрү; кызылдоо учурунда саламдашып келген айрым кишилерге, тууган-туушкандарга кырмандан ырымдалып берилген эгин. Эгин басылып, кызыл сапырылып, чечкор өткөрүлүп, капка саларда же ороого куярдан мурун эгин басууга, эгин сапырууга жардамдашкан же ошол учурда кырманга келген

аксакалдарга, балдарга кырман ээси бир күрөк, бир табак, бир калбыр же бир чака кызыл салып берген. Ошол жердеги жетим-жесирлер атайы эле кепсен алуу үчүн «кырман толсун» деген алкоосун айтып барышканда да кырман ээси бир аздап ырым кылган. Айрым учурда кырман ээси чечкор жасап, айыл аксакалдарын, аттуу-баштуу кишилерди чакырган. Тамак ичилип бата айтылгандан кийин аларга кызылдын көлөмүнө жараша кепсен таратылып берилген. Бул атоонун дагы бир түшүнүгү катары ***кала/гала*** сөзү колдонулат. Кыргыз тилинин дыйканчылык лексикасына байланышкан айрым сөздөрдүн курамында ***кала/гала*** сөзү кездешип жүрөт. Сөздүн маанисин чечмелей турган болсок, дыйканчылыктын түшүмүн буудайды ун кылып тартууда, шалы актоодо, тарууну тартканда, зыгыр, күн караманы, сафлерду май кылып чыгарганда иштеткен акысы үчүн акча албастан түшүмдүн энчисинен натуралай алынуучу төлөм акысы аталат. Аймактык өзгөчөлүктөргө жараша ***кала/гала*** варианттарда колдонулат. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө кепсен варианты катталып, иран тилинен кирген сөз деп орусчага мындай которгон: вознаграждение местной администрации зерном с тока; подарок зерном с тока; ***кепсенде*** -собирать *кепсен* деп берилген [Юдахин, 1:375]. Бирок так мааниси чечмеленбей калган деген ойдобуз. М.Кашкаринин сөздүгүндө ***ымга*** *салык жыйноочу кызматкер* деген мааниси катталган [Кашкари, 2011: 255].

Кол дыйканчылыгы-таяк-чот дыйканчылыгы. Мында дыйканчылык кол эмгегинин куралдары менен - жыгач жер казгычтар, бут тиреп казуучу таяк, таш менен оордотулган таяк, мүйүз, сөөк жана металл учтар сапталган таяк, күрөк, калак, айры түспөлүндөгү жер каза турган жыгач куралдар менен, жыгач же ар түрдүү типтеги таш, мүйүз, металл учтар сапталган чот менен, жөөк салуучу чоткүрөк ж.б. менен ишке ашырылат. Жер иштетүүнүн кол эмгек куралдары Африканын, Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиянын, Океаниянын, Латын Америкасынын тропикалык өлкөлөрүндөгү салттуу дыйканчылыктын интенсивдүү да, экстенсивдүү да формаларында кеңири пайдаланылат. Буурсун тараганга чейин жана айдоо куралдары табылганга чейин жер коңторуу кол эмгегинин куралдарынын жардамы менен гана ишке ашырылган, кээде гана,

тропикалык Азияда суулуу талааны малга тебелетип жумшартышкан. Ошондуктан, кол эмгегине негизделген дыйканчылык генетикалык жактан да, тарыхый жактан да эң байыркы тип болуп эсептелет. Дыйканчылык жерлерин кол эмгек куралдарынын жардамы менен иштетүү - жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатуудагы жана түшүмдү камсыз кылуудагы иш-чаралардын маанилүү бөлүгү; мындай иш-чараларга дыйканчылыктын агротехникалык системалары, жер семирткич пайдалануу, мелиорация иштери кирет. Кыргызча-орусча сөздүктө ***дыйканчы, дыйканчылык*** -сельское хозяйство; занятие сельским хозяйством; ***коонду сатып албайбыз, дыйканчылык*** мы дыни не покупаем (*у нас свои*) деген чечмеленип берилген [Юдахин, 1:205]. Кол дыйканчылык деген атоо кыргыз тилине гана мүнөздүү экендигин байкадык. Бул сөз түрк тилинде да ***çiftçi, tarımcı, çiftçilik, tarımcılık, ziraat*** дыйкан, дыйканчылык деген маанилери гана берилген [РТС, 272]. ***Ziraat*** сөзү араб тилинин *zirāʿa* زراعة 1. *ekin ekme, tohum saçma,* 2. *çiftçilik* деген сөздөрүнөн, ***tarımcı*** түрк тилдеринин ***tarı/darı*** деген сөзүнөн***, çiftçi*** сөзү да түрк тилдерини ***çift*** сөзүнө мүчөлөрдүн жалгануусу менен жасалган[www.etimolojiturkce.com].

Кыйыпөрттөөдыйканчылыгы–токойзонасында майданга келген дыйканчылыктын байыркы жөнөкөй системаларынын бири. Токойдо дарактарды кыйып, кабыгын аарчыйт. Бир жылдан кийин аны өрттөп, күлүнө эгин айдашкан. Мындай жер биринчи жылы жакшы түшүм берген, андан кийинки жылы бул жер атайын куралдын жардамы менен жумшартууну талап кылган; 2-3 жылдан кийин ал жер арыктап түшүм бербей калат, ошондуктан жаңы өсүмдүктөр чыкканга чейин жерди дем алдырууга таштап коюшат. Айрым жерлерде бадалдарды, саздарды, чымдарды да өрттөшкөн. Кыйып-өрттөө дыйканчылыгында дыйкандар мезгил-мезгили менен курал-жабдыктары өзгөртүп турган. Кыйып-өрттөө дыйканчылыгы Евразияда жазы жалбырактуу зоналарда жаралган; мелүүн алкактык тоолордо жана түндүк тайга токойлорунда жашаган славян жана герман элдеринде 19-к. ортосуна чейин сакталган. Түштүк Европадан Арденна тоолорунда, Корсика аралында, Түндүк Америкадан Европадан көчүп келгендерге да 19-к. ортосуна чейин сакталган.

Кыйып-өрттөө дыйканчылыгын тропикалык өсүмдүктөрдү өстүргөн айрым түрлөрү да Борбордук Африкада (банту элдеринде), Түштүк-Чыгыш Азияда (бирмалыктарда - «ладанг»; вьетнамдыктарда ж.б.), Океанияда (Жаңы Гвинеядагы папуастарда), Түштүк жана Борбордук Американын индейлеринде ж.б. кеңири тараган. Африкада эркектер дарактын бутактарын бычак менен кыят, ал эми аялдар аларды кургак чөп, бадал менен кошо талаага калыңдатып жыят. Өрттөгөндөн кийин болор жаандын алдында үрөн себишет. Себишкен участокту тосмо менен тосушат. «Дан өсүмдүктөрүн (таруу), буурчак, тамыры жемиш өсүмдүктөрдү аралаштырып айдоо үстөмдүк кылат. Экинчи жылы таруунун ордуна жер жаңгак эгилет, үчүнчү жылы буурчак өсүмдүктөрү үстөмдүк кылат. Жаңы Гвинеяда папуастар тоолуу тропикалык токойлордо даракты таш балта менен кыйышат. Участокту тазалоодо калак сымал жыгач куралды пайдаланышат. Эгинди тосмо менен тосушат, аралаштырып айдашат.

Агорот - К.К.Юдахиндин сөздүгүндө төмөнкүдөй эки мааниси чечмеленип берилген: *1. разг. То же, что огород; 2. Сев.приусадебный участок колхозника* [Юдахин, 1:20]. Ал эми биз изилдөө жүргүзгөн аймактарда бул сөз инсандардын жашоо үчүн курулган үйүнүн тегерегиндеги эгин-тигин үчүн колдонулган жери экендигин байкадык. Түпкү мааниси орус тилинин ***огород*** деген сөзүнөн кабыл алынып, бирок берген мааниси ошол бойдон сакталган. Түрк тилинде болсо бул сөз *dönüm, toprak, bostan, sebze bahçesi* түрүндө колдонулат [PTC, 524]. *Dönüm* сөзүнүн түрк тилиндеги маанилери төмөндөгүчө: *hektarla eşit gibi algılanan bir alan ölçü birimidir* (гектар деген сөз менен синоним катары колдонулган жердин өлчөмүн билдирген сөз). Мисалы: *metrekarelik bir alana karşılık gelir (1000м кв жер).1 hektar=10 dönüm; 1 hektar=10 dönüm* [eksisozluk.com]. ***Toprak*** сөзү түрк тилдерине таандык ***topur-*** *kuruyup toz haline gelmek*(кургап кум абалына келүү) уңгусуна *-ık* мүчөсү жалганып жасалды. М:*Anın aslı vü toprağı Rum idi/hüner cümlesi ana malum idi* [TDK, Tarama Sözlüğü (1400 yılından önce)]. *toprak* "kum, kuru toprak" [Uygurca (1000 yılından önce)].

Агрардык-эгин эгилсе боло турган жерлерге айтышат. Мисалы, эгин, мөмө-жемиш жетише турган жерлерди ***агрардык өлкө*** деп айтышкан. К.К.Юдахиндин жүргүзгөн изилдөөсүндө да ушундай мааниси катталган. Түрк тилинде болсо бул атоо *ekinlik toprak, çiftlik yer, toprak; zirai* деп колдонулат [РТС, 18]. Бул аталыштар орус тилинин таасири менен өздөштүрүлгөн сөздөр деп эсептейбиз. Себеби уңгусу ***агро-*** деген сөздөн мындан башка да дыйканчылыкка байланышкан бир канча сөздөр ар кандай мүчөлөрдүн жалгануусу менен жасалгандыгына күбө болдук. Ага мисал катары кийинки атоо: ***агроном*** орус тилинен кабыл алынып, эгин эгилүүчү жерлерди көзөмөлгө алуучу, эгиндердин сортуна, түрүнө жараша дыйкандарга кеңеш берүүчү кесип ээси. К.К.Юдахин бул сөздүн ***агроном, агрономдук - специальность или должность агронома*** деген маанилерин каттаган. Мындан сырткары ***агротехника***, ***агротехникалык*** (агротехнический;) ***агротехникалык эрежелер*** (агротехнические правила) сыяктуу аталыштар да кездешет [Юдахин, 1:20]. Этимологиялык жактан *Zirai* сөзү араб тилинен кабыл алынып, ***Tarımsal (айыл чарбалык)*** деген мааниде колдонулат [http://kelimeler.net]. Ал эми *ekinlik toprak, toprak* варианттары түрк тилинин төл сөздөрү ***ek***, ***topur*** сөздөрүнө мүчөлөрдүн жалганышы менен жасалган.

Азот – өсүмдүктөрдүнжакшы өсүшүнө, сапаттуу дан, мөмө берүүсүнө жардам берүүчү, азыктандыруучу зат. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө да ***азот*** деп катталган. Элдердин божомолдоосуна караганда бул атоо орус тилинен кабыл алынган. Ушул эле атоого байланыштуу төмөнкүдөй аталыштар да колдонулат: ***Азоттук*** - азотный; азотисный; ***азоттук семирткичтер***, азотные удобрения [Юдахин, 1:27]. Дээрлик бардыгы жер семирткич катары колдонуларын байкадык. Түрк тилинин оозеки кебинде ***nitrik gübreler*** формасында колдонулат. Илимий эмгектерде катталганын көрө албадык. Эки сөздөн турган бул атоонун биринчи тутумундагы ***nitrik*** сөзү француз тилинин *nitrique* –azota ilişkin (азотко жакын), грек тилинин *nítron* νίτρον +ikos деген сөздөрүнөн алынган, ал эми экинчи тутумундагы ***gübre*** сөзү грек

тилинин *kopriá/ κοπριά/ kópros /kóπρος* ***dışkı*** (фекалии) деген сөздөрүнөн алынган [www.etimolojiturkce.com].

II бап боюнча жыйынтык

Дыйканчылык лексикасын лексика-семантикалык иликтөөгө алганда дыйканчылык кесибинебайланыштуу атоолордун эки тилде аз айырмачылыктар бар экендигин байкадык. Мисалы, кыргызча кетмен, түркчө çара, кыргызча арык, түркчө evlek, кыргызча жүгөрү, түркчө mısır ж.б. Бул өзгөчөлүктөр көбүнчө өздөштүрүлгөн сөздөрдө байкалат. Жогоруда келтирилген жана иште берилген мисалдарга караганда эки эл географиялык жактан алыста жайгашып, ошого жараша сөздөрдү өздөштүрүүдө да коңшу жашаган элдер таасир эткен деген ойдобуз.

Бирок жогоруда айтылган атоолор менен катар эки тилде бирдей аталышка ээ болгон сөздөр да бар. Мисалы: орок, буудай, арпа, саман ж.б. Бул атоолор М.Кашкаринин сөздүгүнөн да орун алган. Бул атоолор орток түрк тилдеринин төл сөздөрү деп карап, эки элдин жашаган географиялык ареалы төл сөздөрүбүзгө таасирин тийгизе алган эмес деген жыйынтыкка келсе болот.

Ошентип, дыйканчылык лексикасы негизинен нукура эки элдик лексикалыканы чагылдырып, анда эки тилдин ортосундагы жакындык дагы бир ирет далилденди деп жыйынтык чыгарсак жаңылышпайбыз. Изилденген лексика-тематикалык топтордун дээрлик бардыгында лексикалык бирдиктердин басымдуу көпчүлүк бөлүгүн төл сөздөр түзгөндүгү белгилүү болду.

III БАП.

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛИНДЕГИ ДЫЙКАНЧЫЛЫККАБАЙЛАНЫШТУУ СӨЗДӨРДҮН ПАЙДА БОЛУУ ЖОЛДОРУ ЖАНА БУЛАКТАРЫ

3.1. Жалпы маалымат

Дыйканчылык тармагы боюнча сөздөрдүн бир тобу адабий тилден орун алаары талашсыз. Бирок дыйканчылык чарбасы Кыргызстандын түштүк аймактарында көбүрөөк өнүккөндүктөн ошол аймактарга тиешелүү гана сөздөр көп болуп, дыйканчылыкка байланыштуу лексиканын курамындагы сөздөрдүн көпчүлүгү диалектилик, говордук мүнөздөгү сөздөргө барып такалары бышык.

Жалпы эле чыгыш элдериндей кыргыз тилинде дыйканчылык сөздөрү жана аталыштары бир нече тилдик булактар аркылуу пайда болгону маалым. Тилдик жалпы өңүттөн алганда кыргыз тилиндеги дыйканчылык сөздөрү жана аталыштары тектеш, аймактык жанаша жашаган элдердин тилдерине тыгыз байланышта экендиги анык байкалат. Тарыхый маалыматтарга таянсак, башка түрк тилдеринин контекстинде кыргыз тили салыштырмалуу бул багыттагы көп сөздөрдү, аталыштарды өздөштүрүп кабыл алганын байкоого болот. Мунун себеби кыргыз элинде дыйканчылыкка караганда мал чарбасы менен кол өнөрчүлүк алда канча эртерээк өнүкөндүгү менен шартталат.

Тил бир ордунда болбостон тынымсыз өсүү, өнүгүү процессинде болот. Анын өсүү, өнүгүү процесси биринчи кезекте тилдин лексика бөлүмүнөн байкалат, башкача айтканда, көбүнчө сөздөр өзгөрүп же алардын маанилери башка маанилерге өтүп кетет, же эскирип калып, бара-бара унутта калат. Кошуна элдер менен болгон карым-катыштарга байланыштуу башка тилдерден да сөздөр кабыл алынып, тилдин лексикалык курамы толукталып өзгөрө берет. Ошону менен бирге кандай гана тил болбосун анын лексикалык фонду өсүп-өнүгүп, жаңы сөздөр менен байып турат.

Тилдин лексикалык курамынын байышы, адатта, ички жана тышкы булактардын эсебинен жүрөрү анык. Тактап айтканда, адабий тилдин

калыптанышыжана өнүгүшүн негизги эки фактор аныктайт: 1) ички фактор жана 2) сырткы фактор [Сапарбаев 1997, 166-172]. Дал ушул эле эки көрүнүш тектеш тилдер үчүн да, тилдин диалектилери менен говорлору үчүн да мүнөздүү.

Тилдин лексикалык курамын байытуудагы мындай ички жана тышкы факторлордун ролун учурунда академик Б.Юнусалиев мындайчабелгилейт: «Сөздүк курамды байытууда адабий тилибиз өсүүнүн эки мүмкүнчүлүгүн бирдей толук пайдаланды. Өсүүнүн биринчи мүмкүнчүлүгү тилдин өзүндөгү ички лексикалык, семантикалык, грамматикалык каражаттарды жаңы түшүнүктү атоо үчүн жаңы сөз жасоо менен байланыштуу. Бул мүмкүнчүлүктүн амалдарынан бир нечесин көрсөтүүгө болот: а) мурдатан белгилүү сөздү жаңы мааниде колдонуу (мисалы, ***мүчө***: 1. *дененин мүчөсү,* 2. *уюмдун мүчөсү,* 3. *сөз мүчөсү;* ***бас*:** 1. *жумуртка бас,* 2. *кийиз бас,* 3. *китеп бас*). Бул арада *мүчө, бас* деген сөздөрдүн үчүнчү мааниде колдонулушу, албетте, жаңы турмушка байланыштуу; б) тилдин өзүндө мурдатан белгилүү уңгу сөздөрдүжана мүчөлөрдү пайдаланып, жаңы түшүнүктү атоо үчүн сөз жасоо (мисалы, *басма, басмакана, мүчөлүк акы, жазуучу, окумуштуу, жол башчы, эмгек күн* ж.б.); в) башка тилдерден келип, бүт элге сиңип кеткен сөздү жана мурунтан белгилүү мүчөнү пайдаланып сөз жасоо (мисалы, *колхозчу, колхоздош, колхоздошуу, электрлеш, электрлешүү* ж.б.) ... Ал эми сырткы мүмкүнчүлүк дегенибиз таасир кылуучу тилден даяр сөз алуу менен байланыштуу» - дейт [Юнусалиев 1985, 323].

Ошентип буга чейин белгиленгендей, кандай гана тил болбосун, анын лексикалык курамы, биринчиден, сөз жасоо процессинин натыйжасында, экинчиден, тилдин сөздүк курамында бар болгон сөздөрдүн лексикалык маанилеринин өнүгүшү аркылуу башка маанилерге өтүп кетишинен улам, үчүнчүдөн, башка тилдерден даяр сөздөрдүн кабыл алынышы аркылуу байып турат. Ушул эле учурдалексикалык курамды толуктоонун олуттуу булагы катары диалектиликлексика экенин айтпай кетүү мүмкүн эмес. Ошондой элеаймактык лексикада калыпка салынган эрежелер жана нормалар болбойт.

Ал эми адабий тил алгачкы түзүлгөн калыбында эле тура бербестен, тескерисинче, өз эрежелерин тынымсыз толуктап, лексикалык жана стилдик өзгөчөлүктөрүн уламдан-улам жышылтып, ырааттуу тартипке келтирип, акырындык менен кээ бир өзгөрүүлөргө учурайт. Ал негиз салына баштаган алгачкы мезгилинде оозеки тилдин жергиликтүү бир гана говорунун же диалектисинин негизинде түзүлгөнү менен, акырындап ошол оозеки тилдеги адегенде ага кирбей калган сөздөр жана грамматикалык эрежелер менен толукталышы жана алардын эсебинен байышы ыктымал. Бирок адабий тил өзүнүн өсүү жана баюу процессинде оозеки тилдеги материалдарга чаржайыт жана кайдигер мамиле кылбастан, андан зарыл керектүү талаптарды канагаттандыруучу түшүнүктөрдү жана сөздөрдү гана өздөштүрүп алат» [Орузбаева 1959]. Кайсы гана диалект же говор болбосун, адабий тилге күчтүү таасирин тийгизбейт, өзүндөгү өзгөчөлүктөрдү адабий тилге таңуулабайт, диалектилик, говордук сөздөрдүн адабий тилдин сөздүк курамына өтүп, адабий тилди байытышы, адатта, жазуучулардын, журналисттердин тилдин бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу, каармандардын жана окуянын жергиликтүү колоритин чагылдырып берүү аракеттеринин натыйжасында барып ишке ашат.

Ошентип, биздин карап жаткан маселебиз дыйканчылык лексикасы болгондуктан, жалпысынан пахтачылык, бакчачылык өсүмдүктөрүнө байланыштуу жасалуу, өнүгүү жолдоруна жана калыптанышына көңүл бурмакчыбыз.

3.2. Дыйканчылык лексикасынын жасалуу жолдору

Коом өсүп, күн санап турмуш жаңырган сайын улам жаңы түшүнүктөр жана жаңы сөздөр пайда болуп турат.Ошол эле учурда айрым сөздөр пайдалануудан чыгып, унутта кала баштайт. Мунун натыйжасында турмуш зарылдыгына шайкеш тилдин лексикасы дайыма толукталып, байып турат. Бул - тилдин ички жана сырткы таасирлер аркылуу өнүгүүсүнүн табигый көрүнүшү.

Сөз жасоо - тилдин лексикалык курамын ичтен байытуунун эң негизги булагы. Ошол эле маалда бул тармакты иликтеген тил илиминин сөз жасоо багыты грамматиканын өз алдынча бөлүмү катары эбактан бери эле изилденип

келет. Орус тил илиминде сөз жасоо И.А. Бодуэн де Куртенэ, Н.В. Крушевский, В.А Богородицкий, Ф.Ф. Фортунатовөңдүү окумуштуулардынэмгектеринен башталат [Шанский 1968: 9-10]. Ошентсе да, орус тилиндеги сөз жасоо маселесинин илимий негизин түптөп, терең талдоо жүргүзгөн окумуштуу академик В.В. Виноградов экени анык [Виноградов 1951: 2]. В.В.Виноградовдун эмгегинен кийин Н.М. Шанский, Е.А. Земская, Е.С. Кубрякова, К.А. Лавковская, В.А. Василевская, М.Н. Морозова, З.А. Потиха, И.Ф. Протченко өңдүү бир катар окумуштуулар орус тилиндеги сөз жасоону ар өңүттөн иликтеп, монографияларды жазып, булардын негизинде ЖОЖдор үчүн окуу китептерин жана окуу куралдарын жарыялашкан. Алсак, Н.М. Шанский «Очерки по русскому словообразованию» деген эмгегинде сөз жасоонун теориялык негиздерин талдай келип, орус тилинде анын лексика-семантикалык, морфология-синтаксистик, лексика-синтаксистик жана нака морфологиялык жолдорун бөлүп көрсөтөт [Шанский 1968). Андан кийин жарыяланган окуу китебинде өйдөгүлөр менен катар калькалоону да сөз жасоонун бир жолу деп карайт [Шанский 1981].

Жалпы тил таанымдын теориялык алкагына шайкеш түрк тилдериндеги сөздүн жасалышыатайын илимий изилдөөлөрдүн ЖОЖдор үчүн окуу китептердин жана ар кандай сөздүктөрдүн көпчүлүгүндө грамматиканын алкагында каралып келет. М. Кашгаринин «Дивану лугат-ат түрк» деген эстелигинде да сөздөрдүн куранды мүчөлөр менен жасалышы жөнүндө кеңири айтылат. Бабабыз бул китебинин баш сөзүндө он бир курандыны(тамганы)этиштен аталышжасоочу мүчө катары көрсөтүп, тиешелүү мисалдар менен тастыктайт [Кашгари, 2011:12-21].

Кыргыз тилиндеги сөздүн жасалышын изилдөө Касым Тыныстановдун эмгектеринен башталат. Атактуу аалым өзүнүн эмгектеринде сөз жасоо маселесин атайын бөлүп көрсөтпөсө да, анын сөз түркүмдөрүменен сөздүн морфологиясы тууралуу берген даректеринде сөздүн курамдык түзүлүшү, сөздүн жасалышы кыйла тереңачып көрсөтүлгөн. Тактап айтканда, кыргыз тилиндеги сөздөрдү мүчөлөмө жана сенек сөздөр деп экиге бөлүшүнүн өзүндө

эле мүчөлөмө сөздөр курамында сөз жасоочу мүчөлөрдү камтыйт деген бүтүм жатат жана муну байкоо да кыйын эмес [Тыныстанов 1928]. Анын «Биздин тил» (1927), «Эне тилибиз» (1928), «Тил сабагы» (1932), «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1934) деген китептеринде куранды мүчөлөр өз-өзүнчө берилип, алардын жардамы менен жаңы сөздөрдүн жасалышы конкреттүү мисалдар менен коштолот. Ал эми сөздөрдү жалпысынан *уңгу сөз, курама сөз, улама сөз* деп бөлүштүрүшү, буга шайкеш атоочторду *уңгу атооч, курама атооч, улама атооч* деп, этиштерди *уңгу этиш, курама этиш, улама этиш* деп түркүмдөшү кыргыз тилиндеги сөз жасоо проблемасын чагылдырган алгачкы илимий негиз деп табылууга тийиш [Тыныстанов 1932]. Демек, сөздөрдү курама аталышы, курама этиш деп бөлүштүрүү түбү келип, бул өңдүү сөздөр куранды мүчөлөр жасалат деген бүтүмгө барып такалары бышык. Бул - кыргыз тилиндеги сөз жасоонун морфологиялык жолунун ишке ашышынынэң мыкты көрүнүшү.

К.Тыныстановдон кийинкыргыз тилиндеги сөз жасоо проблемасына XX кылымдын 2-жарымынан көңүл бурула баштайт да, бул багытта Ж.Шүкүров, Б.М.Юнусалиев, Б.Ө.Орузбаева, С.К.Кудайбергенов, К.Дыйканов ж.б. окумуштуулар атайы кайрылышып, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, окуу китептерди жана окуу куралдарын жазышканы белгилүү. Алсак Ж.Шүкүров кыргыз тилиндеги татаал сөздөр проблемасын алгач ирет колго алып, сөз жасоонун синтаксистик жолун атайын иликтин объекти катары тандап алат да, татаал сөздөрдүн табиятын ачып берүүгө багытталган илимий чыйырды салат [Шүкүров 1955].

Ж.Шүкүров кыргыз тилиндеги татаал сөздөрдүн табияты келип, анын бир өзгөчөлүгү катары төмөнкүнү белгилейт: «Маани жагынан алганда татаал сөз менен жөнөкөй сөздүн ортосунда анчалык айырма жок. Бирок бир кыйла татаал сөз түшүнүктүн, сөздөрдүн маанисин тактайт, сөздү экспрессивдүү айтууга, ойду ачык, таамай айтууга мүмкүндүк берет. … Татаал сөздөрдүн кээ бирөөлөрү маанини жалпылап (обобщать этип) көрсөтөт» [Шүкүров 2003, 54].

Окумуштуу кыргыз тилчилеринен алгач ирет татаал сөздөрдүн маанилерине, структуралык түзүлүшүнө өзгөчө баа берип изилдеп, татаал сөздөрдүн тилдин сөздүк курамын байытууга чоң мүмкүндүк берип турганын белгилеген. Татаал сөздөрдүн ичинен кошмок сөздөргө өзгөчө көңүл буруп, «компоненттеринин маанисинин жоюлганына же жоюлбаганына карата кошмок сөздөрдү экиге бөлүүгө болот: 1) компоненттеринин мааниси жоюлбаган кошмок сөздөр жана 2) бир компоненттин мааниси жоюлган же бүдөмүк болгон кошмок сөздөр» [Шүкүров, 2003: 66-67) деп бөлүштүрөт. Андан ары грамматикалык түзүлүшү боюнча кошмок сөздөрдүн жыйырма бир тибин ажыратып, алардын ар бирин тиешелүү мисалдар менен жабдып сыпаттаган [Шүкүров 2003: 67-73].

Ошентип, Ж. Шүкүров өзүнүн изилдөөлөрүндө кыргыз тилиндеги сөз жасоонун жолдору тууралуу атайын сөз кылбаган менен, кошмок сөздөр, аларды жасалышы, маанилери тууралуу кеңири баяндаган.

Б.М.Юнусалиев кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн чыгыш тегин тектеш тилдериндин алкагында изилдеп, алардын сөз жасоодогу касиеттерин тарыхый планда териштирип чыккан[Юнусалиев 1955; 1959). Сөз жасоонун синтаксистик жолу боюнча жарыялаган атайын изилдөөсүндө эки же андан көп уңгулардын биригиши аркылуу жасалган сөздөрдүн тарыхый өнүгүш процессин изилдеген. Бул процесс үч этап менен ишке ашып, уңгу сөздөр сыяктуу бириккен формага өтүп кетери белгилеген. Биринчи этапта, маселен, *чү де, чү гой* формасында болсо; экинчи этабында семантикалык биригүү болуп, бирок ар бир компонентинде үндүү фонеманын сакталышы мүнөздүү дейт да, сары уйгур тилинен *hайде - айде* деген мисалды келтирет; үчүнчү этабында биригүү толук жүрүп, компоненттериндеги үндүүлөр бири-бирине окшошуп кеткендигин белгилейт: *ыктыт < ык + тут; унчук < үн + чык* [Юнусалиев 1956, 163].

Б.М.Юнусалиев өзүнүн кыргыз жана башка бардык тектеш тилдердеги уңгу сөздөрдүн чыгыш теги менен структуралык түзүлүшүнө багытталганфундаменталдуу изилдөөлөрүнүн натыйжасын «Киргизская

лексикология» аттуу монографиясы аркылуу жарыкка чыгарган [Юнусалиев 1959]. Бул эмгегинде окумуштуу уңгу сөздөрдүн байыркы көрүнүшү бир муундуу болуп, аларга сөз жасоочу ар кандай мүчөлөрдүн жалганышы, акырындык менен айрым мүчөлөр биротоло уңгуга кошулуп ширелишип кеткен учурлары айтылып, алар азыр монгол, манжур тилдери сыяктуу алыс тектеш тилдердин фактылары менен гана уңгудан ажыратыла тургандыгын айткан. Сөз жасоонун морфологиялык жолу гана эмес, сөз жасоонун синтаксистик ыкмасы менен сөздөрдүн жасалышында да айрым бир татаал сөздөр узак убакыт өтүп, тилдин өнүгүшү, өзгөрүшү менен курамдык бөлүктөргө ажыратылышы кыйын болуп, курамдык бөлүктөргө ажырагыс болуп каларын да белгилеп, *карагат, кызылгат, жылаңач, тайата, тайэне, тайаке, үстөмөн, өйүз, бүйүз, ыктыт, унчук, үндө, улутун* деген сыяктуу мисалдарды келтирген [Юнусалиев 2005: 339-352].

Академик лексиканын толукталышында башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн да мааниси чоң экендигин айтып өтөт. Азыркы кыргыз тилинде башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн катмарлары монгол тилдери менен байланышкан катмар, иран тилдеринен кабыл алынып өздөштүрүлгөн катмар, араб тилинен кабыл алынып өздөштүрүлгөн катмар жана орус тилинен келип кирген сөздөр тобунан турган катмар деп аныкталган[Юнусалиев 2005: 413-436]. Орус тилинен келип кирген сөздөр катмарын революцияга чейинки кабыл алынган сөздөр жана революциядан кийин кабыл алынган сөздөр деп дагы экиге ажыратып изилдеген [Юнусалиев 2005, 436-444]. Мындай кылып бөлүштүрүүсү орус тилинен келип кирген сөздөрдү жазуунун эрежесине байланыштуу болушу ыктымал.

Ошентип, сөздөрдүн жасалыш жолдорун атайын аныктап чыгып изилдебегени менен академиктин кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалышынын морфологиялык жана синтаксистик жолдорунун мисалдарына көп кайрылгандыгы даана байкалат. Сөз маанилеринин өсүшү жана жаңы маанилер жаралып көп маанилүүлүк проблемалары да Б. М. Юнусалиевдин эмгектеринде

кылдат каралып чыгып, мезгилдин улам алга жылышы менен лексикалык курамды байытып келе жаткандыгы айтылып өтөт[Юнусалиев 1956: 85-113].

С.К.Кудайбергенов кыргыз тилиндеги этиш сөздөрдүн жасалышын терең иликтеп, этиштин жасалышын, этишти жасоочу куранды мүчөлөрдүн табиятын ачып көрсөткөн. Ошол эле маалда окумуштуу сөз жасоонун морфологиялык жолуна өзгөчө басым жасап иликтөөлөрдү жүргүзгөн. Лексикалык курамдын байышында морфологиялык жол менен, башкача айтканда, куранды мүчөлөр менен этиш сөздөрдүн жасалышынын маанисинин чоң экендигин көрсөткөн. Илимпоз кыргыз тилиндеги этишти жасоочу куранды мүчөлөрдүн сөз жасоо өзгөчөлүктөрүн, келип чыгыш тегин да изилдеп жазган [Кудайбергенов 1966; 1979].

Кыргыз тилинин сөз жасоо маселелерин изилдөөгө өзгөчө салым жасаган окумуштуу - академик Б.Орузбаева экени белгилүү. Анын эмгектерине атайын токтолуу зарыл. Анткени Б.Орузбаева кыргыз тилиндеги сөз жасоо, аларды уюштуруудагы тилдик ыкмалар боюнча, алардын жолдору, каражаттары боюнча таасын далилдер менен терең изилдеген. Ал иликтөөлөрүн морфологиялык ыкма менен сөздөрдүн жасалышынын каражаттарын, башкача айтканда, куранды мүчөлөрдү (аффикстерди) алардын жаңы сөздөрдү жаратуудагы активдүүлүк активдүү эместиктерине жараша өнүмдүү курандылар, аз өнүмдүү курандылар жана өнүмсүз курандылар деп үч топко бөлүштүрүп изилдеген. Айрым сөз жасоочу куранды мүчөлөр абдан көп сөздөрдү жасоого жөндөмдүү болуп, башкалары азыраак эле сөздөрдү жасай турган мүмкүнчүлүккө ээ болушат. Ошону менен бирге кээ бир сөз жасоочу куранды мүчөлөр азыркы учурда жаңы сөздөрдү жасабай калып, алардын айрымдары болсо, биротоло уңгуга кошулуп кетип, куранды мүчө экендиги билинбей да калган[Орузбаева 1964; 2000].

Академик Б.Орузбаева кыргыз тилиндеги сөз жасоонун жолдорун да көрсөтүп изилдөө жүргүзүп, азыркы кыргыз тилиндеги сөз жасоо процессинин теориялык маселелерин териштире келип, сөз жасоого минтип аныктама берет: «Тилдеги бардык сөздөргө (б.а. лексикалык катмарларга) морфосемантикалык

жактан көз жүгүртсөк, ар бир төл сөздүн түзүлүш курамына - уңгусуна, ага айкалышуучу куранды мүчөлөрүнө жана ошол мүчөлөрдүн түзүлүш касиеттерине, уңгулардын өз ара айкалышына жана туруктуу лексикалык бирдиктерди түзүү эрежелерине көңүл бурууга туура келет. *Тил илиминин мына ушул маселелердин бардыгын өз ичине камтып, ага илимий түшүндүрмө берүүчү бөлүмү сөз жасоо (словообразование) деп аталат*» [Орузбаева 2000: 201].

Ошентип, Б. Орузбаева кыргыз тилиндеги сөздөрдү, сөздөрдүн маанилерин, сөздүн курамдык түзүлүшүн - уңгуларын, курандыларын терең иликтеп чыгып, муун түзүлүштөгү уңгу сөздөрдү, куранды мүчөлөрдү алардын структуралык түзүлүштөрү менен бардык маанилерин аныктап тактап көрсөткөн.

Кыргыз тилинин дыйканчылык лексикасы кыргыз тилинин сөздүк курамынын бир тармагы экендиги талашсыз. Демек, дыйканчылык лексикасынын калыптанышында сөз жасоонун бардык жолдорунун кошкон салымы олуттуу экендигинде шек жок. Муну биздин фактылардан да ачык көрүүгө болот.

Дыйканчылыкта эгин өстүрүү жумуштары, буга байланыштуу эмгек процессинин аткарылыш мүнөзү кыргыздардын коңшу элдер менен, атап айтканда, өзбек, тажик калкы менен тыгыз байланышта, мамиле-катышта болгондугун тастыктайт. Ошондуктан кыргыз тилинин дыйканчылык лексикасында өзбек тили менен болгон карым-катыштарды чагылдырган сөздөр да кыйла арбын.

Демек, кыргыз тилинин дыйканчылык лексикасынын калыптанышында, баюу процессинде сөз жасоонун жолдору менен бирге башка тилдерден сөз кабыл алуу жана өздөштүрүүнүн салымы да болгону ачык. Анткени эмгек процесси аркылуу болгон маданий аралык карым-катыштарда башка элдердин тилинен сөз өздөштүрүүнүн болушу - бул табигый процесс.

Ошентип, кыргыз-түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана байышы тууралуу сөз кылганда сөз жасоо жолдору жана

сырттан сөздөрдү өздөштүрүү процесстери менен тыгыз байланышта иш алып баруубуз керек. Төмөндө кыргыз тилинин дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана байышы боюнча сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жолдору жана башка тилдерден сөздөрдү кабыл алуулардын түрлөрүнө токтолобуз.

3.3. Дыйканчылык лексикасынынморфологиялык жол менен жасалышы

Кыргыз тилиндегидей эле түрк тилинде да морфологиялык жол менен жасалган сөздөр жыш кездешет. Кыргыз тили типологиялык жактан мүчөлөмө тилдердин катарына кирип, жаңы сөз да, сөз формасы да мүчөлөп жасалып, сөз уңгусу туруктуу сакталгандыктан, сөздүн курама компоненттеринин жигикөпчүлүк учурдадаана көрүнүп турары белгилүү. Ошондон улам мүчөлөр жалганса дасөздүн уңгусу туруктуу сакталып өзүнүн баштапкы маанисин жоготпойт. Уңгуга уланган мүчөлөр дайыма сөздөрдүн маанисин пайда кылгандыктан тилде куранды мүчөлөр басымдуулук кылат. Баса белгилей турган нерсе, сөз жасоодо курандынын курамын түзгөн мүчөлөрдүн саны да, сөз жасоо мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырган дервациялык валенттүүлүгү да, жаңы сөздөрдүн маанисин аныктаган туунду маанилери өтө олуттуу.

Мына ушул жагдайларды эске алуу менен жана куранды мүчөлөрдүн келип чыгыш тегин тереңден териштирүү аркылуу академик Б. Орузбаева кыргыз тилиндеги 182 куранды мүчөгө анализ жүргүзүп, алардын жаңы сөздөрдү жасай ала турган мүмкүнчүлүктөрү, структуралык түзүлүштөрү жөнүндө кеңири маалыматтарды берген жана куранды мүчөлөрдү *өнүмдүү курандылар, аз өнүмдүү курандылар жана өнүмсүз курандылар* деп үч топко бөлүштүргөн [Орузбаева 2000, 222-345].

Кыргыз тилинин дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана байышына тиешелүү болгон куранды мүчөлөрдү да алардын мына ошол өнүмдүү-өнүмсүздүк даражасына жараша карап чыгабыз. Сөз жасоочу курандымүчөлөр менен жасалган дыйканчылык лексикасындагы сөздөрдүн

айрымдары лексика-тематикалык башка топторго да тиешелүү болуп келет. Мындай көрүнүштөр, мисалы, пахтачылык, багбанчылык, шалы өстүрүүчүлүк, арпа-буудай өстүрүүчүлүк сыяктуу тармактардын бардыгына тиешелүү аталыштар, сөздөр болот. Аларды жогорудагы тармактын бирөөнө гана тиешелүү дегендей тыянак туура болбойт.

Ал эми "Кыргыз-түрк салыштырма грамматикасынын негиздери " аттуу эмгекте сөз жасоо маселеси сөз жасам деп берилип, сөз жасоо туурасында кыргыз жана түрк тилинде жалпыланып жана кеңири эки тилде берилет. Эмгекте, сөз жасам туурасында жалпы маалымат берилип, сөз жасоонун негизги түшүнүктөрү , сөз жасоо мааниси, куранды мүчө, сөз жасоо тизмеги, сөз жасоо уясы, сөз жасоо тиби, сөз жасоо жолдору, морфологиялык жол жана синтаксистик жолдор каралган. Мисалы: атоочтон зат атооч жасоочу *-чы* мүчөсү: *av-cı, мерген-чи, balık-çı, балык-чы, tarih-çi тарых-чы*[Садыков, Сагынбаева 2010, 292-367].

Хюля Касапоглу Ченгел «Kırgız Türkçesi Grameri» [2005] аттуу эмгегинде сөз жасоо мүчөлөрүн төрткө бөлүп караган: а) атооч сөздөрдөн атооч сөздөрүн жасаган мүчөлөр; б) атооч сөздөрдөн этиш сөздөрүн жасаган мүчөлөр; в) этиш сөздөрдөн атооч сөздөрүн жасаган мүчөлөр; г) этиш сөздөрдөн этиш сөздөрүн жасаган мүчөлөр [Çengel 2005: 106-160].

Дагы бир түрк тилинде жаралган эмгек Татьяна Нуриахметовага таандык. Ал "Kırgız Türkçesinde İsim Yapma" аттуу эмгегинде кыргыз тилиндеги атооч сөздөрү жасаган мүчөлөрдү алып карайт [Нуриахметова 2012, 400].

Фиген Гүнер Дилектин "Türk Lehçeleri Grameri" эмгекте түрк тилинин грамматикасы ; фоентика, морфология жана синтаксиси каралган. Ф.Г. Дилек сөз жасоо мүчөлөрүн төмөндөгүдөй бөлүп карайт: а) атооч сөздөрдөн зат атооч жасоочу мүчөлөр; б) этиш сөздөрдөн атооч сөздөрүн жасаган мүчөлөр; в) атооч сөздөрдөн этиш сөздөрүн жасоочу мүчөлөр [Dilek 2007, 1019-1039].

3.3.1. Сөз жасоочу курандылар менен жасалган сөздөр

Тилде сөздүк курамын байытуу зарылдыгы ар дайым пайда болуп турары бышык. Буга шайкеш коомдун өнүгүшү менен дыйканчылык тармагы да улам кеңейип, жаңы техникалык өсүмдүктөрдүн саны да, аталыштары улам арбып турары жана мындай аталыштардын активдүү колдонулганы тилдин активдүү лексикасына айланары анык.

Ошентип кыргыз жана түрк тилинин дыйканчылык лексикасынын жасалышында өнүмдүү мүчөлөрдү да, аз өнүмдүү жана өнүмсүз мүчөлөрдү да бөлүп көрсөтүүгө болот. Булардын ичинен өнүмдүү мүчөлөрдүн башында *-чы* курандысы келет.

-чы / -çı, -çi, -çu, -çü, -cı, -ci, -cu, -cü **курандысы.** Бул куранды аркылуу жасалган дыйканчылык сөздөрү эки тилде тең кыйла арбын. Эки тилде да бирдей айтылышта, формада колдонулат. Башкача айтканда, кыргыз тилинде да түрк тилинде да *-чы* / *-çı* варианттары менен колдонулат.

Колхозчу - колхоздо иштеген адам же болбосо колхоздун мүчөсү. Мисалы:-*Мм... эми мен дагы биротоло* ***колхозчу*** *боло турган болуп калдым, -деди Марал, өзүн -өзү басынта жылмайып* (М.Г.147).

Түрк тилинде да ***kolhozcu***(***kolhoz+cu***) формасынды колдонулат. Мисалы: ***Kolhozcular*** (*işçiler) tarlayı sürmeye çıktıkları ilk yaz, yılın bir mevsimidir (Колхозчулар талааны айдоого чыккан)* [dergipark.gov.tr].

Пахтачы: 1. пахта өстүргөн адис; 2. пахтаны көп терген (теримчи) адам. Мисалы: *Азыр бригаданын* ***пахтачылары*** *пахтанын жаңы түшүмүн жыйноого кызуу киришишти*.[Жеңиш жолунда, 10.09.1960].

Түрк тилинде болсо ***pamukçu (pamuk+çu)***формасында келет. Мисалы: *Pamukçu, pamuk yetiştiren kimse ya da pamuk alıp satan kimse*[http://kelimeler.net].

Сугатчы // sucu< su+cu - эгин сугарган адам. Кээде буга синоним катары *суучу*сөзү колдонулат. Мисалы: *Сугатчы тилейт эгинин, усталар тилейт темирин.*

Sucu: *Çiçek suyu, gül suyu. Çiçekleri bahçe sucusu suladı* [tr.wiktionary.org].

Жардамчы // yardımcı< yardım+cı - эгинди жыйым-терим убагында жардам берип келген адам. Мисалы: *Пахта терүүдө иштеп жаткан колзозчуларга жана сырттан тартылган* ***жардамчыларга*** *пахта терүүнүн бардык мезгилдеринде турмуштук зарыл шарттар түзүлгөн* [Жеңиш жолунда, 15.09.1960].

Yardımcı: *Ev işlerinde annemin yardımcısı yine bendim*[http://www.tdk.gov.tr].

Теримчи // toplayıcı, derleyen, toplayan - пахта жана башка эгинди жыйноочу, пахта териминде иштөөчү [Осмонова 1986: 263].Мисалы: *Мактадым кечке пахта тергендерди,* ***Теримчи*** *кыздарыңды Турсунайдай* (Т. Үмөталиев). ***Toplayıcı:*** *Şairin bütün eserlerini, bütün hatıralarını toplayacak* [www.etimolojiturkce.com].

Жагенечи -жүгөрүнү, дарбызды, сабизди, пахтаны жагене кылуу аркылуу өнүп чыккан көчөттөрдү суюлтуп иштеткен адам.

Түркияда көп иштер техниканын жардамы менен жасалгандыктан бул атоо колдонулбайт.

Кетменчи // çapacı- эгиндерди отоо чөптөрдөн арылтып, астын жумшартып кетмен чапкан адам.

Çapacı*: Çapacı çapa ile çalışan, çapalayan işçi (Кетменчи кетмен)* [http://kelimeler.net].

Кырманчы// harmancı - кырманда дан кургатып, бастырып иштеткен адам. Мисалы:-*Андан көрү, деди* ***кырманчы,*** *азыр кырманга барып, терген жаңгагыңды өткөр дагы үйгө кет* (М.Г. 174).

Harmancı*: Böyle harmancı çingeneler, sana düzinelerle feda olsun!* (Мындай кырманчы комбайндер ондогон кишинин ишин жасайт садагасы) [http://www.tdk.gov.tr].

Кароолчу// bekçi, nöbetçi - кырмандагы, кампадагы данды, эгиндерди көзөмөлдөп туруучу адам. Мисалы: *Даниярды чакырсам, кароолчуабышка жооп берди* (Ч.А. 242).

***Bekçi**: Güneşin batışından doğuşuna dek çalışan ve genel kolluk görevlilerine yardımcı, çarşı ve mahalle bekçileri yasasının 5. maddelerinde belirtilen durumlarda silah kullanabilen kişi (Күн баткандан күн чыкканга чейин укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жардамчы болуп, базар жана айыл кароолчуларынын 5-беренесине ылайык керектүү учурларда курал колдонууга уруксаты бар адам)* [http://www.tdk.gov.tr].

Тегирменчи // değirmenci -тегирменди иштеткен адам. Мисалы: *-Галаны мен бозо болуп чыкканда аламын, -деди **тегирменчи**.* (М.Г., 77). ***Değirmenci:****Değirmenci biraz kahve çekti (Тегирменч ибир аз кофе тартты)*[tr.wiktionary.org].

Сокочу // pullukçu -атка соко кошуп жер айдаган адам. Мисалы: *Бул аша жооптуу чоң ишти аткаруу үчүн **сокочу** балдар ал жылы мектебин таштады* (Ч.А. 4-том,1999:441).

***Pullukçu**: Pullukçu traktöre pulluğu taktı(Сокочу тракторго сокону байлады)* [http://www.tdk.gov.tr].

Чабыкчы // çarası - эгинди отоо чөптөрдөн арылтып чапкан адам. Мисалы: *гозонун катар аралыгын иштөө боюнча жарыяланган бир айлык жүрүшкө кошулушкан «Хыла» колхозунун № 5-бригадасынын сугатчылары жана **чабыкчылары** бир айлыкта белгиленген чараларды ишке ашыруу үчүн өз ара мелдешке чыгышты.* [Жеңиш жолунда, 10.07.1960].

Бакчачы // bakıcı(bağban) - 1. Бак өстүргөн, бакча караган адам; 2. Эгин талаасында иштеген аялдардын балдарын караган аял.

Колхоз, совхоз учурунда талаада иштеген аялдардын балдарын кырмандын атайын даярдалган бир бөлүгүндө карап, аларга тамак, сүт берип кароо уюшулган жай *бакча* делген. Мисалы: *Теримчилер үчүн ысык тамактарды жана балдар **бакчаларын, бакчачыларын** уюштурууга колхоздун председателдери жана партиялык уюмдардын секретарлары милдеттендирилсин* [Жеңиш жолунда, 15.09.1960]. *Savaş köpeği bakıcısı, yeniçeri*[Meninski, Thesaurus (1680)]

Табилчи// эсепчи // hesapçı, muhasebeci- эгин талааларында эсеп-кысап жүргүзгөн адам. Мисалы: *Кырмандагы* ***эсепчинин*** *бир барак актай калың кагазын уурдап алып,* ***саман маянын*** *артына жашынып кагазды* ***эгин сапырган күрөктүн****үстүнө койгонумда жүрөгүм атылып кетчүүдөй дүкүлдөп, оозума капталды* (Ч.А.)

Hesapçı*: Hesap yapan, muhasebeci. Hesapçı olma durumu(Эсепчи болуу абалы)* [http://kelimeler.net].

Чикәнкәчи // kesici, budakları kesen kişi- пахтанын өсүп бараткан сабагынын учун кыркып чикәнкә кылып иштеген адам. Мисалы: *Гозонун пайдасыз бою өсүп кеткен сабактарынын учун алуу* ***чиканкачилардын*** *иши* [Жеңиш жолунда14.08.1960].

Түрк тилиндеги ***kesici*** сөзү түрк тилдерине таандык ***kes*** сөзүнө сөз жасоочу мүчөнүн уланышы менен жасалды [www.etimolojiturkce.com].

Орокчу *(орокчу < орок + чы)* ***// orakçı*** -кайсы түрү экендигине карабастан, дыйканчылык жумуштарында иштеген адам. Сезон күчөгөн учурда чабыкка, орумга кошумча күч жалдап, убактылуу иштетүүгө келишим менен келген же жалданган жумушчу же болбосо колхоздун чөбүн, эгиндерин оргон колхоз мүчөсү. Түзүүчүсү *орок* сөзү, курандысы -*чы* мүчөсү болгону менен, *орокчу* туундусу пахтада, тамекиде, шалыда, эгин чабууда, чөп, беде орумунда, жашылча-жемиш бакчачылык аянттарында иштеген адам маанисин билдирет. Мисалы: *Кечке жуук* ***орокчуларга*** *деген жаңы буудайдын наны да даяр болду* (Ч.А. 266).

Orakçı*: Ekin biçme zamanı orakçılar hazır mı?*[http://www.sozce.com].

-чылык **курандысы.** Бул куранды -*чы* + -*лык* компоненттеринен турган татаал мүчө катары атооч сөздөрдөн кесиптин, иш-аракеттин, чарбачылыктын түрүн билдирген абстракттуу зат атоочторду жасайт [АКТ 2015: 272]. Мисалы: *дыйканчылык, талаачылык, багбанчылык, шалычылык, жүзүмчүлүк, коончулук, бакчачылык, пахтачылык, мурапчылык, эгинчилик* ж.б. *Атка минген* ***мурапчылык*** *бир башка да, суу менен суу болуп, жерге боорун төшөгөн* ***мурапчылык*** *бир башка...* (Ч.А.381) *Ошол күнү күндүз чакырылган колхоз*

мураптары менен ***эгинчилик*** *бригадирлеринин кеңешмесине Каратай саал кечигип келди* (Ч.А.375.).

Түрк тилинде да кыргыз тили менен окшош формада колдонулат. Мисалы: ***üzümcülük, pamukçuluk, çiftçilik, bahçecilik, ekincilik*** ж.б. Кээ бирлери бирдей аталышта болсо, кээ бирлеринин уңгулары башка болгону менен жасалышы окшош. *Dedem* ***üzümcülükle*** *uğraşır, üzümden de pekmez yapardı.* ***Çiftçilikle*** *helal ekmek kazanan çoktur.* *Türkiye'de* ***bahçecilik*** *günümüzde çok gelişmiştir.*

-луу/ -lı*курандысы.** ***жемиштүү/ мөмөлүү -жемишти мол берген эгин, ***берекелүү/бәрәкәлүү*** -молчулук, түшүмдүүлүк***, пахталуу*** - пахталарында косеги көп пахта аянты. ***кумдуу***- топурагы кумдуу жер;***көсәктүү (көрәктүү;***Түштүк Кыргызстанда *косек* деп да айтылат);***суулуу*** -Суулуу жердин гозопаясы жулганга оңой. Мисалы: *Фрунзе атындагы жана башка колхоздордуку сыяктуу* ***кумдуу -таштуу*** *жерлерде сугат 3-4 жолу, ал эми суу кыртышта жакын жерлерде бир гана жолу жүргүзүлүүгө тийиш* [Жеңиш жолунда, 15.07.1960].

Түрк тилинде бул мүчө *-lı(-lu)*көрсөткүчү менен берилет, төмөнкүдөй формадагы сөздөрдү жасайт: ***meyveli, kumlu, taşlı, sulu, bereketli, pamuklu*** ж.б. ***Meyveli*** *pastayı annem çok sever.* ***Kumlu*** *çöllerden geçmek bir ızdıraptır. Portakal* ***sulu*** *meyve olduğu için çok meyve suyu çıkar. Bu sene çiftçiler için* ***bereketli*** *oldu.*

-ым (-м):терим, жайым, жыйым: жыйым/терим - эгиндер бышып жетилген учурда аларды жыйноо иши. ***Пахта терим*** - бышып тегиз ачылган пахтаны теримчилердин жыйнап жүргөн мезгили;***чабым, көмүм: эгин чабым*** - өсүп келаткан эгиндин астын жумшартып, отоо чөптөрдөн арылтуу мезгили (процесси) же дарбыз, коондордун түбүн көмүү иши;***чыгым*** - эгин-тигин өстүргөнгө кеткен каражат; ***түшүм***- терилип, орулуп жыйналган эгин. Мисалы: *Эгинден жогорку* ***түшүм*** *өстүрүп алуу үчүн күрөшкөн Рахманжан атындагы колхоз ишчилери гозонун катар аралыгын иштөөнү күндөн күнгө жакшыртышууда* [Жеңиш жолунда, 3.07.1960].

Бул атоолор түрк тилинде кыймыл атоочтун ***-mak*** мүчөсүнүн жардамы менен уюшат да төмөндөгүдөй формаларда колдонулат: ***toplamak, toparlamak, çapalamak, ekmek, gömmek*** ж.б.

-ыш / -ış+-mak: мелдеш/ жарыш. Эгин жыйноо башталгандан баштап атайын мелдеш уюштурулуп, алдыңкыларга ар түрдүү белектер берилген. Ошондон улам жаз жарыш, күз күрөш деген макал калган болсо керек. Мисалы: ***Мелдешүү*** *-эмгектеги эрегишүү деген сөз. Мына ошондуктан,* ***мелдешкендер*** *биринен-бири озууга аракеттенет* (Жеңиш жолунда, 6. 10. 1960).

Бул атоолор түрк тилинде ***-ış+mak*** мүчөсү менен жасалат: ***yarışmak, çekişmek*** ж.б.

-ла / -la: кумда -дарбыз, коондордун түбүн жабуу, алардын түбүнө кум топтоо; ***бәйлә-: бүртүк бәйлә*** -өсүмдүктөрдүн өсө турган бүрүнүн (бүртүгүнүн) чыгышы; ***мәләлә*** - айдалган жерге мала тарттыруу, тартуу; ***чикәнкәлә*** - чикәнкәләп иштөө, чикәнкә кылуу; ***чызылда*** - жерди чызыл менен тарттыруу; ***көсәктә*** - пахтанын өсүп косек кармай баштаганы; ***гүлдө-*** -өсүмдүктүн гүлдөй баштаганы; ***бутакта*** - эгиндердин ар тарабынан бутак ала баштаганы; ***шоонала*** - пахтанын гүлү түшүп, жаңыдан косек байлай башташы; ***гоола*** - өсүмдүк ашыкча азыктандыруудан мөмө бербей көп бутактап кетиши. Көбүнчө шаалы, памидор, дарбыз, коон өсүмдүктөрү гоолайт. Мисалы:*Шаалы гоолап кеткенден жерге жатып калды (Сузак р-ну Барпы а/ө Абдыкулов У).*

Түрк тилинде да кыргыз тилине үндөш ***-la***мүчөсү жалганып, жогорудагы атоолор жасалат. Мисалы, *kumla* ***(кумда),bağla(бәйлә), tırmıkla (чызылда), çapala (чап, кетменде), sula (сугар, суула)ж.б.***

3.4. Дыйканчылык лексикасынын синтаксистик жол менен жасалышы

Сөз жасоонун эң кеңири тараган жана көп кездешүүчү булагы катары синтаксистик ыкманыэсептөөгө болот. Сөз уюштуруунун бул жолунда эки же андан көп сөз каражаттары биригип келип бир түшүнүктү билдирип, жаңы маанини туюндурат. Кыргыз тилиндеги синтаксистик жол менен жасалуу

жолдорун эң алгач окмуштуу Ж.Шүкүров баштаганы маалым. Ушул кезге чейин эле изилдөөчүлөр Д.Исаев, К.Бакеев “бириккен уңгу” же “бириккен сөздөр” деп да белгилеген учурлары бар [Шүкүров 2003: 52-53].

Белгилүү окумуштуу лексиколог Б.М.Юнусалиев уңгу сөздөрдүн жасалышындагы синтаксистик жолду иликтеп бир нече макалаларын жарыялаган. Ал кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн азыркы учурдагы өсүп-өнүгүш этабын карап көрүп курамдык бөлүктөргө ажырабас болуп же андан да көп лексикалык бирдиктердин биригишинен жаралган сөздөрдү белгилеген [Юнусалиев 2005, 338].

Академик Б. Ө. Орузбаева кыргыз тилиндеги татаал сөздөргө изилдөө жүргүзүп, алардын түзүлүшүнө бир топ тактыктарды киргизген. Татаал сөздөр менен сөз айкаштарынын ортосундагы айырмачылыктарды так ачып көрсөтүп, татаал сөздөрдө лексикализациянын аякташы, компоненттердин бир сөзгө толук айланышы жүргөн, ал эми сөз айкаштарында бул процесс, лексикалашуу процесси ишке аша элек болот [Орузбаева 1964: 184] деп белгилеген. Илимпоз татаал (сложные слова) сөздөр жана жупташкан (парные слова) сөздөр деп бөлүштүрүп, татаал сөздөрдү бириккен же тарыхый татаал сөздөр жана азыркы татаал сөздөр деген эки чоң топко ажыратып берген.

Ал эми жупташкан сөздөрдү (парные слова) толук манилүү жупташкан сөздөр, толук манилүү эмес жупташкан сөздөр (бир компонентинин же бардыгынын маанилери жоголгон), кайталанып жупташкан сөздөр, уйкашып жупташкан же кайталанган сөздөр деген төрт топко бөлүп карап изилдеген. Ошентип анын иликтөөлөрү менен кыргыз тилиндеги татаал сөздөр проблемасына абдан терең изилдөө жүргүзүлүп, теориялык маселелердин чечилиши сунуш кылынган.

3.4.1. Бириккен сөз тибиндеги дыйканчылык лексикасы

Бириккен сөздөр –татаал сөздөрдүн бир тобу, тарыхый жактан ажырагыс болуп биригип кеткен сөздөр болуп саналат: *үстөмөн, унчук, басмайыл* ж.б. [Орузбаева 1964, 198]. Уңгуларширелишип, кээ бирөөлөрүн азыркы кезде

курамдык бөлүктөргө ажыратуу мүмкүн болбой калган, аларды тарыхый жактан гана же тектеш тилдердин, болбосо байыркы жазма эстеликтердин тилдик фактылары менен салыштырып гана ажыратууга болот.

Кыргыз тилинин түштүк говорлорунун пахтачылык лексикасында бириккен сөздөрдөн турган лексикалык бирдиктер дээрлик жолуккан жок. Эки гана сөздү татаал сөздөрдүн ушул тобуна жатат болуш керек деп мисалга келтирдик. Биринчиси ***огарык***(сугат маалында сууну пахта аянтынын арыктан алыс жактарына жеткире жасалган арык). Казакстандык кыргыздардын тилинде ***өзөн арык*** деп катталып, «эгин же пахта аянтын бойлото салынган чоң арык, өстөн. Андан бөлүнүп таралган майда арыктар ***кол арык*** деп аталат», деген түшүнүк берилген (Бейшекеев, 1964: 59) Бул сөздүн эки сөздөн биригип кетип жасалганы курамындагы компоненттеринен билинип турат. Экинчиси ***пайнап*** (сугат маалында пахтаны кандыра сугарганда ылдый жагынан суунун агып чыгып кетиши) деген сөз, бул сөз иран тилдеринен өздөштүрүлүп, эки компоненттен турат (*пойин* - ылдый, төмөн; *об* - суу). Адабий тилде жана түндүк диалектисинде *майнап* [Юдахин 1965: 511].

Ал эми түрк тилинин дыйканчылык лексикасында бириккен сөз тибиндеги сөздөр арбын учурайт. Мисалы: ***biçerdöver***: tarım aracı (буудай, арпа, эгин жыйноодо колодонулуучу курал); ***çatalağacı***: harmanda kullanılan ikili yaba (кырманда колдонулуучу эки тиштүү бешилик); ***kızılcüzlük***: bir buğday çeşidi (буудай түрү); ***başakçı***: başak toplayan kimse(башак топтогон адам); ***beşparmak:*** arabaya ekin yüklemekte veya harman savurmakta kullanılan beş parmaklı, uzun saplı araç (тракторго эгин жүктөөдө, кырманда эгин сапырууда колдонулган беш тиштүү бешилик); ***daşgözer***: arpa ve buğdayı samandan ayırmaya yarayan büyük delikli kalbur (арпа же буудайды саманындан ажыратууда колдонулган чоң көздүү калбыр); *Bizim arpa daşgözeri sizdeydi, getirsen;* ***hakgötüre***: saman kaldırmaya yarayan büyük yaba (саман жыйноодогу чоң бешилик): *Samanı yerden kaldırırken hakgötüre kırıldı;* ***taşgözeri*** (taşgöze, taşgözer, taşgüzeli) : tahılın taşını ayıklamaya yarayan büyük delikli kalbur (чоң көздүү калбыр); ***ağdarı*** (ak darı): beyaz mısır (ак дандуу жүгөрү); ***ağnağaz***: harman zamanı veya ilkbaharda un

kalmadığı vakit azar azar öğütülen zahire (кырман учурунда же жазда ун калбай калган учурда аз-аздан майдаланган дан); ***ağsüntere***: bir cins buğday (буудай түрү); ***ahbuğday*** (akbuğday, akbuydey, akbuldey): sonbaharda ekilen kabuğu beyaz yumuşak bir çeşit buğday (күзүндө эгилген кабыгы ак жумшак буудайдын түрү); ***ahdam***: beyaz mısır (ак жүгөрү); ***akarısta***: bir çeşit yumuşak buğday (жумшак буудайдын түрү); ***akbaş***: bir çeşit beyaz buğday (ак буудайдын бир түрү); ***akçalıbasan***: bir çeşit buğday (буудайдын түрү); ***akçamuk***: tamamen açılmış pamuk kozası (толугу менен ачылган пахтанын козосу);. ***akçarados***: bir çeşit beyaz buğday (ак буудайдын түрү); ***akçayazlık***: martta ekilen yazlık buğday (март айында эгилген буудай); ***akdene***: çorba için iri öğütülen arpa (суюк тамак үчүн чоң тартылган арпа); ***akdarı*** : beyaz mısır (ак жүгөрү); ***akekin***: beyaz, iri taneli, kırmızı başaklı bir çeşit kılçıklı buğday; ***akgernaz, akgernez, akkermaz***: bir çeşit beyaz buğday (буудай түрү); ***akkanat***: ürün vermeyen mısır bitkisi (дан бербеген жүгөрү өсүмдүгү); ***akköse***: sonbaharda ekilen, soğuğa dayanıklı bir çeşit buğday (күздө эгилген, суукка чыдамдуу буудай); ***akova***: bir çeşit yumuşak buğday (кабыгы жумшак буудай); ***akpusa (akpusanık)***: bir çeşit beyaz buğday (ак буудайдын түрү); ***aksarhan (aksavran)***: bir çeşit tohumluk buğday (уруктук буудай); ***akser***: başakları koyu sarı renkte olan bir çeşit sert buğday (башагы коюу сары түстөгү буудай); ***aksısam***: beyaz ve iri taneli bir çeşit buğday (даны чоң ак буудай); ***aksünter***: sonbaharda ekilen, kışa dayanıklı yumuşak bir çeşit buğday (күздө эгилүүчү, кышка чыдамдуу кабыгы жумшак буудайдын түрү); ***akyarnaz (akyannaz)***: bir çeşit beyaz ve yumuşak buğday (ак жана жумшак буудайдын түрү); ***akyazlık***: kellesi dört sıra olarak olgunlaşan sarı buğday(башы төрт катар дан байлаган сары буудай); ***ayağan***: biçilmesi sona bırakılan zayıf ekin (жыйноо иштери кийинкиге калтырылган жакшы бышпаган эгин); bozbaşak : sonbaharda ekilen bir çeşit buğday (күздө эгилүүчү буудайдын түрү); ***bozteftik***: kısa ve boz kılçıklı, yufkası ince açılan buğday (кыска жана боз кылчыктуу, камыры жука жайылган буудай); ***denebaş***: ekilir ekilmez üzerine kar yağan kış ekini (эгилип бүтөрү менен кар астында калган эгин); ***devedişi***: sarı, iri taneli bir buğday çeşidi (сары, ири дандуу буудай түрү); ***karabaşak*** (karabaş): kışa dayanıklı sert

buğday(кышка чыдамдуу, каттуу буудай); ***kızılsivri***: buğday ve arpanın toprakta ilk görünen ucu (буудай жана арпанын топурактан биринчи чыккан учу): *Ekinler kızılsivri olmuş;* ***sarıyazlık***: az taneli ak buğday (аз дандуу ак буудай); ***turnadili***: uzun taneli bir çeşit buğday (узун дандуу буудай түрү); ***yarakdişi***: yeni çıkan ekin (жаңы чыккан эгин) [Türk Dili Derleme sözlüğü, 1978].

3.4.2. Кош сөз тибиндеги дыйканчылык лексикасы

Кыргыз тилинде татаал сөздөрдүн кош сөздөр бөлүмү, биз жогор жакта көрсөткөндөй, белгилүү окумуштуу Жапар Шүкүрович Шүкүров тарабынан иликтенип изилденген. Б.Ө.Орузбаева жупташкан сөздөр (парные слова) деп атаган татаал сөздөрдүн бул түрү менен жасалган дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдү биз изилдөө жүргүзгөн аймактардан аз жолуктурдук. Мындай сөздөрдүн айрымдары кыргыз тилинин түштүк диалектисинин дыйканчылык лексикасына түздөн-түз жатпаганы менен ошол аймактарда жашаган кыргыздардын тилинде пахтаны өстүрүү, терип жыйнап алуу процесстеринде айтылгандарына күбө болдук.

Жыйын-терим - түшүм терими аяктап бараткан мезгили: *Ошо жылы пахта терим эрте бүтүп, жыйын-теримден кийин баарыбыз сыйлык алганбыз* (*ар.*);***келин-кыздар,*** адатта пахта тергенге аялдар жана кыздар тартылган: *Илгерки убактарда синтабир болушу менен келин-кыздар пахта тергенге чыгышаттар эде* (*суз.*). Совет өкүмөтү мезгилинде ири колхоздордо пахтаны колхозчулардын өздөрү терип бүтүрө албагандыктан, аларга жардамчыларды алып келишкен. Ал эми жардамчылар көбүнчө окуучулардан, студенттерден болуп, келин-кыздар гана эмес, эркектер да пахта теришкен; ***улук-кичик***, адабий тилдеги *улуу-кичүү* деген сөз говорлордо ушинтип айтылат: *Мәәләбиздәги улук-кичик дебей пахта тергенге кәлхозго жардамдашаттар эде*; ***гүрүң-бараң***, адабий тилдеги *үрөң-бараң* деген сөз кыргыз тилинин түштүк говорлорунда ушинтип айтылат: *Мәктәп балдары, бечәәрәләр, гүрүң-бараңдан талаага чыгышчу*; ***чала-була:*** *Бул жердин буудайы чала-була айдалыптыр*;

чарчылап-чөнөктөө - эгинди узун-туурасынан бирдей аралыкта чарчылап эгүү ыгы: *960 гектар аянтка чигит чарчылап-чөнөктөө жолу менен эгилди* («Советтик Кыргызстан»); ***механизатор-айдоочу*** - эгинди трактор же башка бир айыл-чарба машинасы менен эгип, культивациялап, терип жыйнаган адис: *Механизатор-айдоочулар менен теримчилер үчүн атайын акчалай сыйлыктар белгиленди* («Ленин жолу»).

Кыргыз жана түрк тилинде сөздүн маанисин күчөтүү максатында бир сөздүн же жакын маанилүү сөздөрдүн же болбосо карама-каршы маанидеги сөздөрдүн кайталанышы аркылуу уюшулган дыйканчылык лексикасы кездешет:

Бир сөздүн кайталанышынан пайда болгон кош сөздөр - Aynı Sözcüğün Tekrarlanmasıyla Oluşan İkilemeler: deste deste – боо-боо. *Dursun Bey* ***deste deste*** *kamışları eşeğe yükleyip tekrar işe koyuldu // Дурсун мырза* ***боо-боо*** *камыштарды эшеккеарта салып кайрадан ишке кириш.*

Маанилеш кош сөздөр- Eş Anlamlı Sözcüklerden Oluşan İkilemeler: күч-кубаттуу- güçlü kuvvetli; *Күч-кубаттууэр-азаматтар кабагым-кашым дебей иштеп жатышты // Güçlü kuvvetli yiğitler hiç yorulmadan çalışıyorlardı.*

Карама-каршы кош сөздөр- Zıt Anlamlı Sözcüklerden Oluşan İkilemeler: алдыга-артка- *ileri geri; Алды-артын ойлобой сүйлөдү // İlerisini gerisini düşünmeden konuştu. чоң-кичине - büyük küçük; Картошкаларды чоң-кичине дебей капка салып жатышты // Patatesleri büyük küçüğüne bakmadan çuvala koyuyorlardı. өйдө-төмөн- aşağı yukarı;Өйдөı yuka сүйлөбө! // Aşağılı yukarılı konuşma! Өйдөлı yuk он жылдай андан кабар алган жокпу// Aşağı yukarı on yıldır ondan haber almadık.*

Бир компоненти өз алдынча лексикалык мааниге ээ, экинчи бири ал касиетке ээ эмес кош сөздөр - Biri Anlamlı, Diğeri Anlamsız Sözcükten Oluşan İkilemeler: ийри-буйру- eğri büğrü; *Сууну жээктей ийри-буйру тамеки себилген // Suyun kenarına eğri büğrü tütün ekilmiş.* чырпык-чурпук, чамынды-чумунду - çer çöp; *Бактын чырпык-чурпуктарын кесип отун кылды// Ağacın çer çöpünü keserek odun yaptı.*

Ар бир компоненти өз алдынча лексикалык маниге ээ боло албаган кош сөздөр- Her İkisi de Anlamsız Sözcükten Oluşan İkilemeler: ыпыр-сыпыр - ıvır zıvır; *Эгиндин тазаланган ыпыр-сыпырын өзүнчө капка салды // Temizlenen ekinin ıvır zıvırını başka bir çuvala koydu.*

Тууранды сөздөрдөн түзүлгөн кош сөздөр-Yansımaların TekrarıylaOluşan İkilemeler: кыт-кыт - kıs kıs; *Кыт кыт күлүү - Kıs kıs gülmek;* шырыл-шырыл (аккан суу) - şırıl şırıl; *Шырыл-шырыл аккан суунун добушу орозо туткан адамдарды суусаттырды// Şırıl şırıl akan suyun sesi oruçlu insanları susattı.*батыр-батыр, карса-түрс -patır kütür; *Үйдүн шыбагы карса-түрс жерге түштү// Evin sıvaları patır kütür yere düştü.* кор-кор (коңурук) -horul horul; *Корулдап уктап жатат – Horul horul uyuyor ж.б.*

3.4.3. Кошмок сөз тибиндеги дыйканчылык лексикасы

Башка сөздөрдөй эле дыйканчылык лексикасында эки компоненти тең атооч сөздөрдөн уюшулган зат тоочтор арбын кездешет. Маселен, пахтанын баалуулугун арттыруу үчүн "***ак алтын***" деген метафорлошкон айкаш колдонулган. Бул айкаш пахтанын Советтер Союзу учурунда 1990-жылдарга чейин өтө баалуу техникалык өсүмдүк экендигин эске алып, айтылып калган болуу керек. Мисалы: *Быйыл биздин звенобуз "ак алтындан" мол түшүм алуу үчүн күрөшүп иштеп жатат* ("Ленин жолу"). Бирок ушуга улай эле тамекини "***сары алтын***", көмүр кендерин "***кара алтын***" деп сыймыктуу аталышы социализм доорунун прессасына мүнөздүү болгон.

Алтын күкүрт -кадимки күкүрт элементинин түрү катары саналып, күкүрттү сууга чылап аралашмасын бир нече өсүмдүктөргө дары катары пайдаланылган (пахта, шалы, тамеки ж.б.).

Жер семирткич - эгин эгиле турган жерге себиле турган семирткич зат: *Калган жер семирткичтерди экинчи жана үчүнчү азыктандырууда беребиз* («Советтик Кыргызстан»); ***лента пахта*** - пахтанын өзүнчө бир сорту, кандай сорт экенин бизге маалымат бергендердин эч кимиси айтып бере алган жок; ***тахта мала*** - тактадан жасалган мала (илгери эгин эккенде жерди кош өгүз

менен айдап, *такта мала* колдонулган); ***темир мала*** - темирден жасалган мала (азыркы кезде эгинди эккенде жерди трактор менен айдап, *темир мала*колдонулат); ***ок арык*** - эгин эгилген аянт чоң болуп, ылдый жактарына да суу ылдам жетсин үчүн атайын казылган арык: *...ойдуң-чуңкур жерлер, ок арыктар тегизделбеген* («Советтик Кыргызстан») ж.б.

Компоненттеринин бири туунду уңгу болуп келип уюшулган кошмок сөздөр: ***өргөмчүккәнә*** - пахтага зыян келтирген майда жандык, бул зат пахта гүлдөгөн кезде анын жалбырактарынын артына жабышып түшүп, зыян келтирет (*өргөм-чүк*); ***пахта чабык*** - пахтаны өстүрүүдө пахтанын астын жумшартып, ар түрдүү отоо чөптөрдөн арылтуу үчүн пахта өсүмдүгүнүн астын жумшартып чаап чыгат, ошол жумуштар *пахта чабык* деп аталат (*чаб-ык*); ***пахта терим*** - пахта бышып, косектери жакшы ачылганда пахтасын терет, ошол жумуштар *пахта терим* деп аталат (*тер-им*); ***түшүм жыйноо*** -эгиндер толук бышып жетилгендеги жыйноо иштери; ***пахта кәнәси*** - пахтага зыян келтирген майда жаныбар (*кәнә-си*); ***картошка кенеси/ курту*** - картока жаңы эле түйө баштаганда ага курт/кене түшүп, жеп коёт; ***пахта көпөлөгү*** - көпөлөктүн бир түрү (*көпөлөг-ү*). Пахта гүлдөгөн мезгилде пахта гүлүнүн чаңдашуусуна зыян келтирет; ***тамыр курту*** - пахтанын тамырынан жеп зыян кылган курт (*курт-у*); ***чанак курту*** -пахтасы жакшы ачыла элек косектин чанактарына түшүп пахтага зыян келтирген курт (*курт-у*); ***чигит суусу*** - пахта эгилгенден кийин кургакчыл болуп кетсе, чигиттин жер бетине өнүп чыгышы үчүн суу берилет, башкача айтканда сугарылат, ошол сугат чигит суусу деп аталат (*суw-у*); ***чигит салуучу*** - пахтаны трактор менен эгип жатканда трактордун артына сеялкага отуруп, сеялканын бункерлериндеги чигиттердин жерге түшүп жатышын көзөмөлдөп жүргөн жумушчу, пахта эккен трактордун экипажынын бир мүчөсү (*сал-уw-чу*); ***жер семирткич*** - өсүмдүктөргө бериле турган кошумча азык заттар (*семир-т-кич*); ***сары чырмоок*** -эгиндин өсүүсүнө тосколдук кылып, аны бууп койгон чырмоок өсүмдүгүнүн бир түрү.

Компоненттеринин бири бириккен татаал сөз болуп келип уюшулган кошмок сөздөр: ***жамбаш огарык*** - эгинди сугарганда аянт абдан чоң болгон

жерде туурадан сууну кошуп жибере турган атайын арык (*ок+арык*); ***пайнап огарык*** - эгин сугарганда пайнап сууларын чогултуп агызып чыгаруу үчүн эгин талаасынын этегинде атайын казылган арык (*ок+арык*); бул аталыштар Х-Х1 кылымдарда жазылган М.Кашкаринин сөздүгүндө да *арык, калынты/иринти суу арыгы* деген формаларда катталган.

Дыйканчылык терминдеринин арасында өзгөчө маниге ээ болуп, жаңы маанини түшүндүргөн сөз айкаштары кеңири кездешет. Сыпаттык сөздөрдүн бири сын атооч болсо, экинчиси зат атоочтон түзүлүп жалпы заттык маанисин билдирет. Маселен, пахтачылык үчүн мүнөздүү болгон сугат ишине эле сугаттын эки түрү белгиленди. ***Ак сугат*** -пахтанын экинчи сугарылышы пахтанын биринчи чабыгынан кийин берилип, косектердин көп байланышына өзгөчө маанилүү. Сугаттын мындай түрлөрүн Н. Бейшекеев (Бейшекеев, 1964,150) казакстандык кыргыздардын тилинде, Э.Хурибаева (Хурибаева 2012, 85) өзбекстандык кыргыздардын тилинде катталганын белгилеп кетишкен; ***кара сугат*** - пахтанын биринчи жолу сугарылышы; пахтанын биринчи чабыгынан кийин кара сугат берилет, пахта жерден көтөрүлүп отоо чөптөрдөн тазаланган мезгил болуп, кара сугат менен пахта жакшы кандырылса, отоо чөптөрдүн кайрадан көбөйүп кетишине моюн бербей өсүп кетет; ***кара чабык*** - пахтанын асты жумшартылып, отоо чөптөрдү жогото чабылган чабык; ***ак чигит*** - ичиндеги маңызы, данеги (уругу) куурап калган чигит. Мындай чигиттен пахта өнүп чыкпайт; ***көк чигит*** - жакшы бышып али кургай элек, быша элек чигит. *Көк чигиттүү* пахтанын салмагы да оор болот; ***кара чигит*** - кандайдыр ооруга чалдыккан пахтанын чигити карарып кетет; ***шире кәсәли*** - (*кесел*) пахта оорусунун бул түрү агрономияда *гаммоз* деп аталат. Жергиликтүү калк бул оорунун пахта жалбырактарына жабышкактыгынан улам *шире кәсәли* деп аташат; ***пышты пахта*** - пахтанын өңү бир аз кызгыч тарткан түрү (Хурибаева 2012, 92). Туунду уңгу сын атоочтор менен уюшулган кошмок сөздөр: ***кичине огарык***- (*кичине*) пахтаны сугарганда пахта аянтынын бир жак четиндеги узата кетип казылган арык. Сөздүн биринчи компоненти сын атооч:***тике огарык*** -өтө чоң аянттагы пахтанын аяк жагына сууну ылдам жеткирүү үчүн бир жөөктү

кеңейтип, ошону менен сууну алып өтөт, ошол *тикэ огарык* депаталат; ***майда чабык*** -өсүмдүктүн тегерегин тегиз, ачык жерин калтырбай чабуу; ***каткалаң чабык*** -эгиндер жер бетине өнүп чыгаарда катуу жамгыр жааганда чабылат, каткалаң чабык чабылбаса пахта жер бетине өнүп чыга албай калат; ***жайдари пахта*** - пахтанын илгертен бири себилип өстүрүлүп келе жаткан түрү, сорту. К. К. Юдахин ***жайдары*** деп жазып, бирок сөздүн бул маанисин, башкача айтканда, *жергиликтүү, илгертен эле колдонулган* деген маанилерин которуп талдап каттаган эмес [Юдахин 1965, 215). *Жайдари пахта* мына ушул мааниден келип чыккан. Ушуга эле жана шалычылыкта да жер тандабай эркин өсө берген шалынын түрүн ***жайдари гүрүч*** деп аташат. Ал эми Махмуд Кашкаринин сөздүгүндөгү сын атооч менен зат атоочтун айкалышынан уюшулган мисалдарды ала турган болсок, анда *ерүк* -шабдалы, өрүк, кара өрүк өндүү мөмөлөрдүн жалпы аты. Буларды сын атооч менен ажыратышат. Бул мөмөлөр өздөрүнүн түрүнө, сапатына жараша : ***"түлүк ерүк"*** -шабдалы; "***сарыг ерүк***" - өрүк; "***кара ерүк***" -кара өрүк деп аталат (Кашкари, 2011,159). Ушул эле аталыштар бүгүнкү күндө да ***кара өрүк, акөрүк, түктүү шабдалы, түгү жок шабдалы, кара килас, сары алча*** ж.б. формаларында кенен колдонулат. Сын атоочтордон же атооч сөз түркүмүнөн уюшулган кошмок сөздөр түрк тилинде да арбын.

Кыргыз тилинде ак сөзү менен байланышкан кошмок сөздөргө жанаша түрк тилинде да ак сөзү менен айкашкан төмөнкү атоолорду көрсөтсөк болот: ***ak bulgur:*** buğday bulguru (ак буудайдын күкүмү***); akça buğday***: beyaz kılçıksız bir çeşit buğday (ак кылканы жок буудай); ak mahsul: tahıl (таруунун түрү); ***arı saman***: beyaz buğday (ак буудай); ***ak buğday***: beyaz buğday (ак буудай); ***aydın buğday***: yassı ve beyaz bir çeşit buğday(жалпак баштуу ак буудай), ***engili buğday***: ak buğday (ак буудай); ***ak arpa***: bir çeşit beyaz arpa (ак арпа); ***akyazlık***: kellesi dört sıra olarak olgunlaşan sarı buğday (башы төр катар болуп башак алган сары буудай); ***ah buğday (akbuğday, akbuydey, akbuldey)***: sonbaharda ekilen kabuğu beyaz yumuşak bir çeşit buğday (күздө эгилген кабыгы жумшак ак буудай); ***ahdam***: beyaz mısır (ак жүгөрү); ***akarısta***: bir çeşit yumuşak buğday (жумшак ак

буудай); ***ak arpa***: bir çeşit beyaz arpa (арпанын ак түрү); ***akçalıbasan***: bir çeşit buğday (буудай түрү).

Ак сөзү менен катар кара, кызыл ж.б. сын атоочтордон жасалган төмөндөгүдөй аталыштар да колдонулат: ***kara yapıldak***: başak tutmamış ekin (баш албаган эгин); ***koca buğday***: iri taneli, yumuşak ve sarımsı bir çeşit buğday (дандары ири, жумшак саргыш буудай); ***kocabaş buğday***: unu kara olan sert buğday (уну кара, даны каттуу буудай); ***ahca mercimek (akça mercimek)***: iri mercimek (даны ири чечевица); ***alkara kılçık (alkara kılçuk)***: siyah kılçıklı bir çeşit buğday (кара кылкандуу буудай).

Түрк тилинде да кыргыз тилиндегидей эмгек куралдарынын аталыштары, өсүмдүктөрдүн аталыштары, алардын түрлөрү кошмок сөз түрүндө берилет. Мисалы: ***depkili kürek***: bel küreği (бел күрөк); ***zahmeri çiftlisi***: çamurlu tarlayı sürmede kullanılan bir çesit saban (баткак жерлерди айдоо үчүн соко); ***arnavut buğdayı***: sapı uzun, başakları kısa olan bir buğday (сабы узун, башагы кыска болгон буудай түрү); ***çalıbasmaz***: kara kılçıklı buğday(кара кылдуу буудай); ***çöp doru***: arpa ve buğdaya genel olarak verilen ad (арпа жана буудайга берилген жалпы ат); ***erken kızılca***: hasat başlamadan biçilen buğday (жыйым-терим башталбай туруп орула баштаган буудай); ***ġara ġılçık***: kara kılçık, bir buğday çeşidi (кара кылдуу буудайдын бир түрү); ***ahur herġi***: erken nadasa bırakılmış tarla (эрте бошотулган талаа); ***tarla tokat***: tarla, mal mülk (талаа, мал мүлк); ***bulgur taşı***: tahıl öğütmek için kullanılan el değirmeni (кол тегирмен); ***soḳu taşı***: tahıl dövmeye yarayan, içerisi oyulmuş taş, taş dibek (соку ташы, дан түйгөнгө жараган ортосу оюлган таш); ***saman gübresi***: tarımda kullanılan bir tür gübre (жер семирткичтин түрү); ***ağaç kulak***: kara sabanın yanlarına takılan ve toprağı iki tarafa atan ağaç (соконун эки жагына байланган, топуракта рды эки жакка ачыратуу үчүн колдонулган тактадан жасалган буюм) [Türk Dili Derleme sözlüğü, 1978].

Сан атоочтор менен зат атоочтордон уюшулган кошмок сөздөр: ***биринчи терим*** - пахтанын косектери тегиз ачылып, терүүнүн башталышы. *Биринчи терим менен план аткарылды, бүгүн экинчи теримге өтөбүз* («Советтик Кыргызстан»); ***биринчи чабык*** - эгин жердин бетине тегиз өнүп

чыгып, араларын отоо чөптөр баса баштагандагы алгачкы чабык; ***эки кулак*** - эгин жер бетине өнүп чыкканда чигиттин кабыгын башына кийип чыгат да, кабыгы түшкөндө калың-калың эки жалбырак көрүнөт, ошол эки жалбыракты *эки кулак* дейт. Булардан кийин чыккан жалбырактар аларга окшобой башкача болот; ***үч чанак*** - косектеги чанактары үчөө эле болсо *үч чанак* деп аталат (үч чанактуу косектер өтө аз жолугат); ***төрт чанак*** косектеги чанактары төртөө болсо *төрт чанак* деп аталат; ***беш чанак*** - косектеги чанактары бешөө болсо *беш чанак* деп аталат (пахтанын косектеринин көпчүлүгү төрт чанактуу жана беш чанактуу болот); ***алты чанак*** - косектеги чанактары алтоо болсо *алты чанак* деп аталат (мындай косектер чанда бир кезигет); ***көп чанак***- косектеги чанактары көп болсо *көп чанак* деп аталат (алтыдан көп чанактуу косектер да абдан аз жолугат) ж.б.[КТТС, 1969].

Ал эми түрк тилинде болсо ***dokuz saban***, ***altı gıran arpa , altı kenar, altı kıran, altı kıran arpa, altı köşe arpa, altîran*** сыяктуу сан атоочтордон жасалган атоолор колдонулат. ***dokuz saban***: traktörün arkasına takılan bir çeşit saban (тракторлорго чиркелишип колдонулуучу соконун турү). ***altı gıran arpa*** başağı altı sıralı olan arpa (башы алты катар болгон арпанын түрү) [Türk Dili Derleme sözlüğü, 1978].

Этиш сөздөр менен уюшулган кошмок сөздөр: ***Ала эгүү*** (*ала эк-, ала эгүү*) - пахтаны сеялка менен эгет. Кээ бир жерлерге чигит түшпөй калып, пахта чыкпай калат. Ошол жерлерге пахтаны алалап эгет.Ошондой эле тамекиде да ала эгилет, мындатамекини эккенден кийин көктөбөй калган көчөттөрдүн ордуна кайрадан дагы көчөт отургузуп чыгат. Бул процесс да ***ала эгүү*** деп аталат. ***таажы байла***-жаңы чыккан эгиндер эки кулак болгондон кийин ошол эки кулак жалбырактарынын ортосунан тооктун таажысына окшош жалбырактар чыгат, мына ошону*таажы байлады* дейт; ***бүртүк байла*** - (адабий тилде *бүр байла-, бүр байлоо*) өсүмдүктөр жалбырак чыгарар жана гүлдөөр учурундагы бүрдөгөнү *бүртүк байлаганы* болуп саналат. Мисалы: *Пахта экки жолу бүртүк байлайт, бири барик чыгараарда, бири гүлдөөрдө* (*суз.*); ***даари салуу*** (*даары сал-даары салуу*) -өсүмдүктөр үчүн керектүү кошумча азык

заттарды берүү. Мисалы: *Илгери калхоз дәәри салуwду тирәктир менен салдырчуw эде* (*суз.*); ***колдо терүү*** (*колдо тер-, колдо терүү - кол менен терүү*) - кол менен пахта тергенди *колдо терүw* деп атайт. Мисалы: *Оо илгерлери жалаң колдо терчүw эде, кийин машина менен терген чыкты* (*суз.*); ***көсек терүү*** (***көсәк тер***) - (*косек тер-, косек терүү*) ачылган косектеринин пахтасы терилип бүтүп, суук түшүп кетип, *көсәк терүw* башталат да, гозодогу ачыла элек косектеринин бардыгы терилет; ***мала тарт*** (***мәлә тартуw***) - пахтаны эккенден мурда жерди айдап, топуракты майдалап (*мәлә тартат*) малалайт; ***падбор терүү*** (***падбор тер***) - пахтаны машина менен тергенден кийин калган калдыктарын тергенди *падбор терүw* деп айтат: *Пахтаны машина менен терип баштагандан бери ыстуденттарди, окуwчуларды падбор тергенге алып барыша турган болгон* (*ноок.*). Бул сөздүн биринчи компоненти орус тилинен келип кирген; ***пайнап агызуу*** (***пайнап агыз***) - пахтаны кандыра сугарганды ушинтип айтат (*пайнап агызуwда* суу пахта эгилген жөөктөр менен агып, пахта аянтынын этегинен чыгып кетет). Бул сөздүн биринчи компоненти (*пайнап*) парсы тилинен келип кирген; ***паласа оруу*** (***паласа ор***) - пахта тегиз ачылганда машина менен териш үчүн чет жактарын оруп, машина киргенге жол салынат; ошол чет жактарын терип алып, *паласа оруw* кылып жыйнап алат. Бул кошмок сөздүн биринчи компоненти (*паласа*) орус тилинен келип кирген; ***суу коюу*** (***суу кой***) - сугаруу; ***суу тароо*** (***сууну тара***) - пахтаны сугарганда сууну ар бир жөөккө бирдей кылып бөлүштүрүп жиберет, ошону *суw тароw* деп айтат: *Сугат маалыда сугатчылар уктабай иштешет, әр бир жөөкө суwду бирдей кылып агыздырып, суw тароw жолу менен сугарышат эде* (*кад.*);ж.б.

Этиштен жасалган кошмок сөз түрүндөгү атоолор түрк тилинде да арбын кездешет: ***ark etmek***: su yolu yapmak (жөөк тартуу); ***korz atmak***: nöbetleşe tarlayı sürmek (кезектешип талаа, жер айдоо); ***değişik etmek***: tarla işlerini karşılıklı olarak birbirine yardım şeklinde yapmak (талаа иштеринде бири-бирине жардамдашуу, ашар жолу менен дыйканчылык); ***gavrama gavramak***: orak ile buğday biçmek (орок менен буудай оруу); ***ırgatlık kaldırmak***: ürün hasatı yapmak(түшүм жыйноо); ***keşgek dövmek***: buğdayı öğütmek (буудайды жаргылчактан чыгаруу);

orak biçmek: buğday biçmek (буудай оруу); ***su suvarmak***: bahçe, tarla sulamak, bağ veya tarla sulamak (бакча же талаага суу коюу, сугат иши); ***sürülmüşe gitmek***: sabandaki ayar bozukluğundan tarlayı düzgün süremmek (бузук соко менен жер айдоо, жерди жакшы айдабоо); ***şum etmek***: tarla sürmek (жер айдоо); ***tınaz savurmak***: harmanda karışık halde bulunan saman ve ekini yaba ile savurarak tahılı samandan ayırmak (кырмандагы буудайды самандан ажыратуу үчүн сапыруу); ***tınaz çıkarmak***: harmanda samanı savurup taneyi ayırma işi (самандан буудайды чыгаруу); ***toprak ekmek***: ekin ekmek (эгин эгүү); ***yolmaya git-***: harmana gitmek, buğday yolmak için gitmek (кырманга баруу,буудай жулганы баруу, буудай оргону баруу) [Türk Dili Derleme sözlüğü, 1978].

3.5. Дыйканчылык лексикасынынтышкы булактардын негизинде калыптанышы

3.5.1. Жалпы маалымат

Дүйнөлүк бардык эле тилдердин өсүп-өнүгүү абалына карап көрсөк, башка тилден сөз кабыл албаган өз алдынча өнүккөн тил болбойт. Башка бардык эле тилдердей кыргыз тилинин өнүгүшү да,түрк тилинин өнүгүшү да жалпы тилдер үчүн мүнөздүү болгон тектеш тилдердин жардамы аркылуу ушул деңгээлге өсүп жеткени маалым. Дээрлик бардык тилдер үчүн салтка айланган маанилүү булак, албетте, коңшулаш жанаша жашаган тилдерген багытталгандыгы ачык-айкын далилденет.

Кыргыз адабий тилинин калыптанышы, лексикалык курамынын байышы, толукталышы боюнча бир нече окумуштуулар иликтешип, далилдүү тыянактар менен жыйынтыкташты.Бул маанилүү иштин башында белгилүү окумуштуулар К.К.Юдахин, И. Н. Батманов, Е.Поливанов, Х.Карасаев, К.К.Сартбаев, Ж.Шүкүровдор турушту.

Белгилүү түрколог К.К.Юдахиндин фундаменталдуу эмгектеринде кыргыз тили боюнча гана эмес, бүтүндөй түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланышкан калын катмар берилген. Арийне аталган окумуштуу тарбынан дыйканчылык терминдери XX кылымдын биринчи жарымынан баштап

жыйнала баштап, анын кыргызча-орусча сөздүгүнүн 1940-, 1965-жылдагы эки басылышында тең чагылдырылган. Булардын ичинен сөздүктүн 1965-жылдагы басылышында кыргыз тилинин түштүк диалектилеринде айтылып жүргөн дыйканчылыкка тиешелүү сөздөр бир топ эле катталган. Буга сөздүктө катталган төмөнкү сөздөр мисал боло алат: ***агет****ир. южн.* [**әгәт**] грядка на хлопковом поле; ***агет сал****-или****агет тарт-*** делать грядки; *жерди айдап бүткөндөн кийин агет тартып* (*илисалып) койот*«после того, как кончат пахать землю, копают грядки» [Юдахин 1965: 20]; ***барик****ир.* мелкие веточки [Юдахин 1965, 110);***гозо****ир.* хлопок (*растение*), гуза [Юдахин 1965, 177]; ***гозопая*** *ир.*1**.** стебли хлопка (*с которых уже сняты коробочки*); 2**.** (*иногда*) хлопок (*растение*); *чала ачылган гозопаялар*хлопок с еще только кое-где раскрывшимся коробочками [Юдахин 1965, 177]; ***жегене****ир. южн.****жәгәнә*** одинокий, единственный: *козолорду жегене кылуус.-х.* прореживание хлопчатника [Юдахин 1965, 242]; ***жегенеле****-южн.****жәгәнәлә****-с.-х.* прореживать (хлопок) [Юдахин 1965, 242]; ***жөөк****южн.* грядка (*гл. обр. на огороде, бахче, хлопковом поле*) [Юдахин 1965, 265]; ***чабыкчы*** работающий на окучке (*растений*); *козо чапкан чабыкчылар*работающие на окучке хлопка [Юдахин 1965, 831]; ***шана****ир.* бутон хлопчатника; ***шана байла****-то же, что****шанала-*** [Юдахин 1965, 900]; ***машак-*** колос(оставшийся на поле после уборки); ***бешилик***-1. см. ***илик*** I; 2. пятерка (в картах);3**.** пятёрка (школьная отметка); ***илик-*** 1. зацепка ; ***беш илик*** пятирожковые вилы; ***богоздо-, богузда-;****тегирмен богоздоп (богуздап) кетти****,*** из-под жернова идет крупа (а не мука; когда ковш подает излишне много зерна под жерной); ***бугдай****- южн.* то же,что ***буудай; буугуч-*** завязка*; **каптын буугучу*** верёвочка для завязывание мешка ж.б.

К.К.Юдахин түзгөн кыргызча-орусча сөздүгүнөн дыйканчылыкка тиешелүү мисалдарды абдан эле көп келтирүүгө болот. Ошону менен бирге, тилге улам жаңыдан кирип жаткан айрым толуктоолорду киргизебиз, анткени К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүнүн басылышынан бери дээрлик сексен жылдык убакыт өтпөдүбү. Көрүнүп тургандай, кыргызча-орусча сөздүктө дыйканчылыкка тиешелүү болгон сөздөрдүн көбүнө автор тарабынан

южн. деген белги коюлуп жазылган. Анын негизги себеби Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калк түндүк аймакта жашаган калктардан мурдараак отурукташып, жер менен иштөөнү коңшу улуттардан эртерээк өздөштүрүшкөн. Жер иштетүү менен катар ошол кошуна жашаган элдерден дыйканчылыкка байланыштуу аталыштарды кабыл алгандыгын да байкоого болот. Себеби дыйканчылыкка байланыштуу аталыштардын көпчүлүгүнүн иран тилдеринен өздөштүрүлгөнүн көрсөтүп турган *ир.* деген белги да коюлуп жазылган. Мына ошол сөздөрдүн кабыл алынган негиздерден сөз жасоочу мүчөлөр менен жасалган сөздөргө гана автор *ир.* деген белгини койгон эмес, анткени алар жаңыдан жасалган сөздөр болуп, уңгусу (негизи) башка тилден кабыл алынганына карабастан, кыргыз тилинин сөз жасоочу каражаты менен жасалып, ошол жаңыдан жасалган сөз кыргыз тилинин төл сөзү болуп саналат.

Кыргыз тилинин түндүк жана түштүк диалектилериндеги лексикалык айырмалар тууралуу сөз кылып келип, «… эки жүз жылга жакын (XVIII кылымдын ортосунан XX кылымдын башына чейин) мезгилде түндүк диалекти башка тилдердин таасирин көп сезбей өзүнчө түнт шартта өнүккөндүктөн, лексикада көп өзгөрүш байкалбаса, түштүк диалектилер ошол эле мезгилде коңшу уйгур, өзбек, тажик элдери менен тыгыз экономикалык (соода-сатык) жана саясий байланыштарда болгондуктан, ал тилдерден көп сөздөрдү өздөштүрүп алгандыгын көрөбүз» [Юнусалиев 1985, 225] деп жазып, диалектилик лексиканын пайда болуш жолдорун аныктап көрсөтөт. «Кыргыз тилиндеги диалектилик лексиканын төмөнкү жолдор менен пайда болгондугун көрөбүз:

1. Тыбыштык өзгөрүштөр аркылуу;

2. Сөздүн семантикалык маанисинин өзгөрүшү натыйжасында;

3. Морфологиялык өзгөрүштөргө байланыштуу;

4. Башка тилдерден кабыл алууларга байланыштуу» [Юнусалиев 1985: 225] дейт да, кыргыз тилинин диалектилик лексикасынын курамында башка тилдерден өздөштүрүлүп алган сөздөрдүн абдан көп экендигин белгилеген.

Ар бир эле тил өзүнүн лексикалык курамын толуктоонун булагы катары бир нече факторлорду белгилешет. Ошол маанилүү факторлордун катарында коомдук-саясый, экономикалык-чарбалык өсүп-өнүүгүлөр, цивилизациянын тармактык жетишкендиктери болуп саналат. Адам жашоосуна, турмушуна тиричилик аракеттерине, маданиятына, салттык, улуттук өзгөчөлүктөрүнөн улам күн санап жаңы сөздөр түшүнүктөр жаңыланып, толукталып, өркүндөп жатканы тилдин өнүгүшүнө да түздөн -түз таасирин тийгизүүдө.

Тил илиминин жалпы сөздөрүнүн курамында маанилүү орунда келе жаткан дыйканчылык лексикасы да ушундай жолдор менен байып жатканы чындык. Кыргыз элинин жалпы тарыхый өнүгүшүнүн негизин сөзсүз мал чарбачылыгы менен дыйканчылык түзөөрү бышык. Дыйканчылык лексикасында да баса белгиленген процесс активдүү жүрүп көптөгөн сөздөрүбүз ар кандай себептер менен алмашылып же жаңы маанилерди алып пайдаланышы көндүм адатка айланды. Бул процессте баса белгилөөчү булак катары орус тилинен, же орус тили аркылуу кирген сөздөрдү көрсөтүү калыстык. Дыйканчылык иштери, анын шайман куралдары, иш процесстеринин аталышы кесиптик аталыштары, технологиялык аталыштар улам өзгөрүп мурунку аталыштарга альтернативалуу варианттарды жаратууда. Кыргыз лексикасында бул аракеттер кечирээк колго алынып, эми гана иликтөөгө алына баштаганы айкын далил. Анткени коңшулаш өзбек, казак, түрк, татар, башкыр, алтай, хакас тилдеринде Россия Федерациясынын курамындагы түркий тилдерде бул иш бир топ сапаттуу жана өз убагында аткарылган. Биздин иликтөөдө кыргыз -түрк тилдеринин салыштырылышы да ошол тилдердеги тектештикти далилдөө жана тилдик жакындыкты далилдүү мисалдар менен көрсөтүү болуп саналат. Дагы бир маанилүү жана актуалдуу көйгөй катары союз учурунда 1940-90 жылдары 50 жылдан ашуун колдонулган маанилүү маданий өсүмдүктөр болуп саналган пахта, тамеки өстүрүү, пилла жетиштирүү кескин азайып жаткандыктан аларга байланышкан зарыл аталыштардун кайрадан жок болуп кетүү коркунучу турат. Акыркы 20-25 жыл аралыгында көптөгөн дыйканчылык аталыштары тарыхый сөзгө айланып, пассивдүү

лексиканын катарын толуктоодо. Ал эми элдин күнүмдүк жашоосу, тиричилиги болгон дыйканчылык лексикасы жаңы техникалардын жардамы менен жетиштирилип, ошол техникаларга байланыштуу аталыштар менен толукталууда. Андыктан биз ишибиздин негизги максаттарынын бири катары тилдеги практикалык колдонуусу начарлап кетсе, сөздүн мааниси да унутта калуусун баса эскертмекчибиз.

3.5.2. Тектеш жана тектеш эмес тилден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү

Изилдөөнүн жүрүшүндө бир нече ирет баса белгиленгендей, кыргыз тилинин дыйканчылык лексикасынын баюу булактарынын бири, албетте, тектеш тилдерден кирген же өздөштүрүлгөн сөздөр болуп саналат. Анткени Кыргызстан Орто Азиянын чок ортосунан орун алып, түркий тилдердин чордонуна айланып, аймактык жактан жанаша жашаган элдер менен түрдүү тарабтан байланышта кызматташтык алакада болгондуктан, сөздөрдүн кирүү себептери жөнөкөй эле туюндурулат.

Мындан тышкары дыйканчылык маданиятын карасак, дээрлик ушул эле дыйканчылыктан түрлөрү тарагандыктан ага байланышкан сөздөрдү кабыл алышкан. Маселен, дан эгиндеринин түрлөрү, пахтачылык, тамекичилик, шалычылык, багбанчылык, жашылча жемиштерди өстүрүү, түшүмгө чейин карап жетилтүү, эгин, данды жыйноо прцесстери дээрлик эле окшоштугу алардын тилдик окшоштугунун негизги булагы болуп калды. Чындыгында революцияга чейин кыргыз эли дыйканчылыкка караганда мал чарбачылыгына басым жасап, тоолордо, жайлоолордо, кыштоолордо көчүп конуп жашагандыктан дыйканчылыкты башка элдерге караганда кечирээк өздөштүрүшкөн. Качан гана орустар түз, суулуу жерлерди өздөштүргөндөн баштап алар жер иштетүүгө ыктап эгин эгүү, кайракы эгиндерге, бак дарак отургузуу, мөмөлүү дарактарды эгүүнү үйрөнө башташкан. Андыктан кыргыз тилиндеги атоо сөздөрү жана түшүнүктөрдүн аталыштары тектеш түрк,

түркмөн, өзбек, казак, азербайжан, каракалпак тилдеринен кирген болсо, калган аталыштар ар түрдүү тарыхый байланышта болгон тажик, фара, араб, монгол, иран тилдеринен киргендиги маалым.Кайсы бир тилде колдонулуп жаткан сөз номинативдик кызматты, же кызматчы-грамматикалык функцияны аткарат. Негизги атоо милдетин жоготкон сөздөр,эгер грамматикалык кызматты алып жүрө албаса, тилде өз жашоосун токтотуп жоголууга дуушар болот. Мындай кубулуш эски жашоо-шартка, тиричилик түшүнүктөрүнө мүнөздүү. Эскирген буюм менен бирге анын аталышы да жоголушу ыктымал.

Демек, тилдеги сөздөрдүн баары тен маанисиз жашай албайт. Сөздөр номинативдик сапатын жоготкондо, грамматикалык касиетке ээ болбосо, тилдик бирдик катары колдонуудан калат. Мына ошондуктан бул бөлүмдө изилдөөнүн өзөк максаты катары кыргыз жана түрк тилдеринде көпчүлүгү номинативдик кызмат аткарган сөздөргө, алардын негизги жана өтмө маанилерине, ошондой эле эки тилдеги дыйкынчылык менен байланышкан катмардын семантикалык табиятына көңүл бурмакчыбыз.

Тилдердин орток лексикасындагы кабыл алынган дыйканчылыкка байланыштуу терминдер, б. а. сөздөрдүн маанилери тууралуу кеп болгондо, алардын семантикалык мүнөзүн аныктоо үчүн, унгулардын туруктуу сакталышы эске алынат. Бул маселе тилдеги сөздөрдүн семантикасы менен бирге, алардын келип чыгышы, башкача айтканда этимологиясы сыяктуу маселелерге да тиешеси бар.

Ошондой эле эки тилдин лексикасындагы окшош уңгуларды, бирдей фонетикалык турпаттагы, семантикаларынын жакындыгы түшүнүктөрүн аныктоодо, тилдердин тектештик же тескерисинче, тектеш эместиги да роль ойнойт.

Конкреттүү бир тилдин лексикасынын изилденишинде, ошондой эле ал тил кирген тилдик топтордо да салыштырып иликтөөдө түзүлүшү окшош аталыштар, мааниси да, турпаты да бирдей сөздөр учурашы мүмкүн. Бирок бул кубулуштарды ар түрдүүчө аныктоого болот. Мисалы, кыргыз жана түрк тилдеринде, ошондой эле көпчүлүк тектештиги маалым болгон тилдерде -

казакча, өзбек, уйгур, түркмөн ж.б. - фонетикалык структурасы, берген мааниси бирдей болгон мөмө/жемиш сөзү жашап келет. Бирок айтылышы окшош сөздөр түрк тилдерине тектеш эмес башка тилдерде да жолугат. Мында бул сөздөрдүн окшоштугу жөн гана кокустук катары, же болбосо типологиялык көрүнүш иретинде эсептелет. Кыргыз тилиндеги йемиш/жемиш менен иран тилдеринин таасирине көбүрөөк учараган өзбек, түркмөн тилдериндеги мөмө (мева) окшош уңгу мааниси жактан, этимологиясы боюнча эч кандай байланышы жок, жөн гана типологиялык окшошуу болуп келгендиги белгилүү.

Ал эми түрк тилдериндеги кезиккен ***багбан***(бак + -бан) аталышы түрк тилдеринин чыгыш теги боюнча жакын экендигин, ошондой эле лексикалык жактан чагылдырылган тилдик жакындыктарды көрсөтөт. Тилдер бири-биринен алыстап, өз алдынча өнүккөн сайын, алардын лексикасындагы сөздөр да фонетикалык турпаты боюнча да, семантикалык структурасы боюнча да алыстайт, же өзгөрөт.

Чыгаан окумуштуу Б.М.Юнусалиев белгилегендей, тилдеги сөздөрүн туруктуу сакталышы алардын берген семантикалары менен шартталат.Анткени ***багбан*** ботаникалык терминин этимону катарында байыркы түрк тилиндеги ***бог*** сөзү сакталып келет.

